КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**Тобакалов Ч.Б.**

# 1991-2006-жылдардагы Кыргызстан менен Өзбекстандын саясий-экономикалык мамилелери

**Ош-2024**

УДК 94 (100-87)
ББК 63.3 (5)
Т 50

Ош технологиялык университетинин окумуштуулар Кеңеши тарабынан басмага уруксат берилди

**Рецезенттер:** Тарых илимдеринин доктору, профессор Б.К. Абытов. Тарых илимдеринин доктору, профессор Б.А. Нурунбетов

Тобакалов Чолпонбай Базарбаевич

**Т 50** «1991-2006-жылдардагы Кыргызстан менен Өзбекстандын саясий-экономикалык мамилелери» - Ош. Кагаз ресурстары -2024,176 бет.

ISBN 978-9967-487-47-5

Монографияда Ата Мекендик илимий адабияттарда биринчи жолу 1991-2006-жылдардагы Кыргызстан менен Өзбекстандын саясий-экономикалык мамилелеринин тарыхы жөнүндө комплекстүү изилдөөгө алынып жана эки тараптуу кызматташуудагы приоритеттүү багыттардын өнүгүүсүн иликтөөгө алган. Эки тараптуу кызматташуу мезгилинде пайда болгон бир катар маселелерге өзгөчө көңүл бурулган жана аларды жакшыртуу боюнча илимий сунуштар берилди.

Анткени азыркы мезгилде интеграциялык процесстердин жүрүшү, өлкөлөрдү жана элдерди бири-биринен көбүрөөк көз каранды кылууда. Жогорку окуу жайлардын окутуучуларына жана студенттерине, илимий кызматкерлерге, андан сырткары Кыргызстандын жана дүйнөлүк саясаттын проблемаларына кызыккан кеңири окурмандарга сунуш кылынат.

УДК 94 (100-87)
ББК 63.3 (5)

ISBN 978-9967-487-47-5

*© Тобакалов Ч.Б., 2024-ж.*

## КИРИШҮҮ

Борбордук Азия жалпы Евразия континентинин борбору болуп саналат. Ал бүгүнкү күндө өнүгүү процесси, аймакта ээлеген орду жана болуп жаткан процесстери менен бүткүл дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн өзүнө буруууда.

Байыркы доордон бери эле аталган аймак өзүнүн кайталангыстыгы менен айырмаланып келген. Анткени, ал жерде бир нече диндердин жанаша жашоосу, бир кылка эмес элдердин отурукташуусу-түрдүүчө маданияттардын, коомдук системалардын өкүм сүрүүсүнө шарт түзгөн.

Кыргызстан аталган региондун составдык бөлүгү болуп эсептелет. Анын жайгашуусу Батыш менен Чыгышты, Түндүк менен Түштүктү байланыштырып туруучу маанилүү геосаясий жана геоэкономикалык орунга ээ.

Биздин республика дүйнөлүк саясатта ири ролду ойнобойт. Бирок, башка регионалдык мамлекеттердей эле анын өзүнүн улуттук кызыкчылыктары бар. Аларды камсыз кылууда өлкөнүн тышкы саясаты жана улуттук коопсуздук маселелерин чечүү мүмкүн болушунча дүйнөлүк коомчулуктун кызыкчылыктарын эске алуу аркылуу ишке ашууда. Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын башкы приоритеттери КМШ өлкөлөрү, анын ичинен эң алгач Борбордук Азиянын жана Орто Азия өлкөлөрү менен ар тараптуу байланыштарды бекемдөө болуп саналат.

Азыркы учурда болуп жаткан саясий абал Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ички жана тышкы саясатында макулдашылган бирдиктүү аракеттерди жасоого түрткү берүүдө. Борбордук Азия өлкөлөрү көз карандысыздыкка жеткен соң өздөрүнүн мамлекеттүүлүгүн бекемдөөгө аракет жасашууда. Ал сөзсүз түрдө коңшу боордош элдер менен мамилелерди

жакшы жолго салуу аркылуу гана ишке ашырылаары талашсыз факт болуп эсептелинет. Мындай шарттарда Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы эл-аралык байланыштардын бекемделиши чоң ролду ойнойт.

Өзбекстан менен достук жана өз ара ыңгайлуу мамилелердин өнүгүшү Кыргызстан үчүн өтө маанилүү. Биздин мамлекеттердин жана элдердин тыгыз мамиледе болуусуна бир топ обьективдүү шарттар бар. Аларга азыркы учурда саясий-экономикалык, аскердик-техникалык, маданий-гуманитардык, социалдык-экологиялык, чек ара мамилелерине байланышкан бирдей проблемалардын болушу эсептелинет.

Эки тараптуу мамилелердин негизин, кылымдар бою кошуна, кызматташтыкта жашаган, кыйынчылыкты бирге өткөрүп, бири-биринин маданиятына, тилине, каада-салтына, аң сезимине таасир тийгизип, аны байыткан бул өлкөлөрдүн элдери болуп эсептелет.

Кыргызстан менен Өзбекстандын кызматташтыгынын андан ары өнүгүшүнүн өзгөчө актуалдуулугу эки мамлекеттин атуулдарынын чек арага жакын жерлердеги карым-катнаштарынын интенсивдүү жүрүшү менен тыгыз байланыштуу. Ушул мамилелердин өнүгүшүнөн Кыргызстандын түштүгүндөгү социалдык-экономикалык кырдаал көз каранды болууда. Андан сырткары, Фергана өрөөнүнүн чектеринде жайгашкан эки мамлекеттин түштүк областарынын соода-экономикалык байланыштары тарыхый жактан Өзбекстанга багытталган.

Кыргыз-өзбек эки тараптуу мамилелеринин абалынан биздин туруктуу экономикалык өнүгүү жолунда алга карай жылуу, улуттар аралык тынчтык жана бейкутчулук, коопсуздук жана туруктуулугу менен түздөн түз байланыштуу.

Кыргызстан жана Өзбекстан, алардын адамзат ресурстарынын, экономикалык, аскер, интеллектуалдык потенциалы Борбордук Азияда өзгөчө орунга ээ экендиги күмөнсүз. Алар, эзелки кезден бери кайталангыс тарыхты жана маданиятты калыптандырган ар кандай цивилизацияларды өзүнө сиңирген аймак борбору болуп саналат.

Бул мамлекеттерди өз алдынча кароого мүмкүн эмес. Анткени ар кайсы тарыхый мезгилдерде алар бул чоң маданий чөлкөмдүн борбордук бирдиктүү бөлүгү болушкан. Ошол эле учурда Кыргызстан жана Өзбекстан бул чөлкөмдүн руханий жана материалдык маданиятынын уюткусу болгон. Анда азыркы түрк элдерине таандык болгон баалуулуктар, жалпы руханий жана турмуш тажрыйбасы калыптанган.

Кыргызстан өз алдынча эгемендүүлүккө жеткенден кийин тарыхый чындыкты обьективдүү, илимий негизде түшүнүп, аны таанууга ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстандын тарых илими сапаттуу, жаңы концептуалдык-методикалык принциптерге таянган изилдөөлөр менен толуктала баштады. Кыргызстандын тышкы саясатынын ар кандай багыттарын жана мөөнөттөрүн камтыган бул эмгектер, эл аралык кызматташтыктын жана биздин өлкөбүздүн дүйнөлүк коомчулука интеграциялануу процесстерин улуттук кызыкчылыктардын негизинде иликтөөгө алгандыгы менен айырмаланат.

Кыргыз-өзбек мамилелеринин азыркы мезгилдеги өнүгүүсүн изилдөө, сөзсүз түрдө кыргызстандык жана чет элдик окумуштуулардын эмгектеринде орун алган илимий материалдарды колдонуу менен түздөн түз байланыштуу.

Монографияда Кыргыз Республикасынын президен-тинин архивинин материалдары, улуттук коопсуздук жана тышкы

саясатынын концепциясы, эки мамлекеттин башчыларынын билдирүүлөрү, эл аралык келишимдер жана макулдашуулар, КР мыйзамдары, президенттердин жарлыктары, эки өлкөнүн парламенттери менен өкмөттөрүнүн эл аралык кызматташуу маселелерине тийиштүү жарлыктары, ар кайсы ведомстволордун отчеттору, интернеттен алынган маалыматтар колдонулган. Теманын үстүнөн иштөөдө мезгилдүү басма сөз материалдары бир топ жардам берди.

Монографиянын темасына жараша жана коюлган маселелердин актуалдуулугуна байланыштуу Кыргызстан менен Өзбекстандын саясий, экономикалык тармактарда жана коопсуздук жаатындагы мамилелеринин абалына, өнүгүү процессине анализ, баа берүү, эки тараптык кызматташууну өнүктүрүү жана активдештирүү боюнча практикалык сунуштарды, пикирлерди берүү автордун негизги максаты болуп саналат. Мындан сырткары кыргыз-өзбек мамилелери тууралуу маалыматтарды жогорку окуу жайлардын студенттерине жана калкка жеткирүү максаты турат.

# I. БӨЛҮМ.

## 1.1. Кыргыз – өзбек мамилелеринин бекемделиши Кыргызстан менен Өзбекстандын тышкы саясий приоритеттери

Бүгүнкү күндө Борбордук Азия региону саясатчылардын жана окумуштуулардын, эл аралык коомчулуктун кызыгуусун туудуруп, көңүлүн өзүнө буруп келүүдө. Борбордук Азия чөлкөмү геосаясий жактан алганда жалпылай территориясы 4 млн. чарчы км. ден ашуун жана жалпы саны 60 миллионго жакын калкы бар беш мамлекеттен турат. Алар нефть, газ, түстүү металлдардын жана башка баалуу минералдык ресурстарга өтө бай, көптөгөн айыл чарбага ылайыктуу жерлерге, жайыттарга ээ.

Мындан тышкары Борбордук Азия көптөгөн транзит-транспорттук потенциалга ээ. Ал, Батыш менен Чыгышты, Түндүк менен Түштүктү байланыштырган өтө маанилүү автомобиль, дарыя аркылуу өтүүчү соода жолдорунун кесилишинде жайгашкан. Мындай географиялык жайгашуу кандайдыр бир денгээлде деңиз менен океандарга чыгуучу жолдордун жоктугун толуктап турат. Бул жерден өтүүчү карым катнаш жолдор дүйнө-жүзүнүн маанилүү өрөөндөрүнө багыт алган. Андан сырткары бул өлкөлөр бир кылка калк жашагандыгы менен дүйнөнүн башка мамлекеттеринен айрымаланып турат.

Борбордук Азиянын коомчулугунда түрк-моңгол, индоевропалык жана перс маданиятынын катмарлары бири бири менен тыгыз байланышкан. Ал жерде жашаган калктын салыштырмалуу турмуш деңгээли орто жана элдин

сабаттуулугу жогору б.э. Бул фактор чет элдик инвесторлордун кызыгуусун туудурат.

Борбордук Азия чөлкөмү Кытай, Россия, Иран, Пакистан менен чектешет. Бул өлкөлөр континентте дүйнөнүн геосаясатынын негизги факторлору катары эсептелет.

Бул аймактагы этникалык топтор борбордук азиялык элдер менен тыгыз байланыштары бар. Ошону менен бул жерде мусулман өлкөлөрүнүн колдоосуна ээ болгон ар кандай саясий жана сепаратисттик диний топтордун аракеттери жүрүүдө.

Жогоруда айтылгандардан сырткары ал аймакта Иран жана Пакистандын таасири да чоң. Анткени аларды бул региондун элдери менен диний жана тил факторлору бириктирип турат. Аны менен кошо аталган эки өлкө бири-бирине карама каршы позицияда турууда. Мындан тышкары, Борбордук Азияда дүйнөлүк эң өнүккөн АКШ, Кытай, Россия ж.б. мамлекеттердин кызыкчылыктары дал келет. Мындай активдүүлүк уламдан-улам өсүп жаткан кызыкчылыктарды канааттандырууга багытталган. Ал өз кезегинде конкреттүү иш чараларды жүргүзүү, өздөрүнүн региондо таасирин күчөтүү иш аракеттери менен байланыштуу.

Алгачкы ирет АКШнын региондогу саясатын карап чыксак. АКШнын азыркы администрациясы өз улуттук кызыкчылыгын ишке ашыруусунда ар түрдүү мамлекеттердин идеологиялык өзгөчөлүктөрүнө эмес, дүйнөлүк геостратегиялык шарттардын абалына жараша иш алып барышат. Башкы максаттарга жетүү үчүн ар түрдүү күч колдонуу концепцияларга таянгандыгы да белгилүү. Борбордук Азия өлкөлөрүн Түштүк Азия департаменти (ага Афганистан, Индия, Пакистандар да кирет) тейлейт.

АКШнын бул региондогу негизги максаты – Борбордук Азияда баңгизаттын таралышы, ислам экстремизминин өсүшү, улуттар аралык конфликттердин пайда болуу коркунучтарын алдын алууга аракет жасоосу болуп эсептелинет.

Жогоруда айтылган коркунучтардын очогу катары Афганистанды айтса болот. Анткени ал өлкө аталган региондогу мамлекеттердин коопсуздугуна чоң коркунуч келтирүүдө. Ислам экстремизминин өсүшү саясий проблемаларды пайда кылууда. Мындан тышкары массалык кыйратуучу курал жарактардын таркатылышын да эстен чыгарбоо керек.

Бул региондо жайгашкан мамлекеттерде массалык кыйратуучу курал жарактарын иштеп чыгаруучу инфраструктуралар сакталып калган жана урандын бай кендери жайгашкан. АКШнын экинчи максаты – бул өзүнүн энергетикалык коопсуздугун камсыздоо б.э. АКШ дүйнө жүзүндөгү энергияны өтө көп колдонгон эң ири өлкөлөрдүн бири, ошондуктан ал энергетикалык жактан өзүн камсыз кылуучу булактарды издөөгө аракеттенүүдө. Каспий регионунун ресуртарына жетишүү АКШнын Сауд Аравиясы менен Ирактын газы менен нефтисинен көз карандылыгын төмөндөтүп, өлкөнүн энергетикалык ресурстарын бир топ денгээлде көбөйтүүгө шарт түзөт.

Үчүнчүдөн, АКШ аталган аймактын өлкөлөрүнүн туруктуу экономикалык өнүгүүсүдө стабилдүүлүктүн жоктугунан башка коркунуч туудурган булактар күч алып кетишинен чочулайт. Анткени экономикалык төмөндөө, жокчулук коомдо ар түрдүү терс көрүнүштөрдүн булагы болуп эсептелет.

2001-жылдын 11-сентябрындагы АКШдагы террордук окуялардан кийин, тез эле Вашингтон Ханабадда (Өзбекстан)

жана Манаста (Кыргызстан) авиабазаларды ачкан. Өзбекстанды өз стратегиялык өнөктөш катары тандап алып, аны менен стратегиялык кызматташуу тууралуу пактка кол койгон. АКШнын геостратегиялык аналитиктердин пикири боюнча 1990-жылдардын ортосунда региондогу мамлекеттердин ичинен Өзбекстан гана АКШ менен өз алдынча тышкы саясий иш аракеттерди жүргүзүүчү өлкө болгон. Өзбек эли региондогу эң көп сандуу улут. Алар ар бир өлкөдө этникалык азчылыкты түзгөн элдик топтордун арасында жашашат, ошондуктан америкалык эксперттердин ою боюнча алар тигил же бул мамлекеттин саясатына таасир берүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар.

Советтер Союзу кыйраган соң Өзбекстан Москванын таасиринен бошонууга аракет жасаган. Анын эң ири кадамдарынан болуп антироссиялык саясаты эсептелинет. Бул болсо өз кезегинде Батыш өлкөлөрү, анын ичинде АКШ менен мамилени күчөтүүгө шарт түзгөн.

Бирок региондогу саясий абал туруксуз болгондуктан, конкреттүү бир тышкы саясий багытты ишке ашырууга өзбек жетекчилигине мүмкүнчүлүк берген жок. Алсак 1999-жылы Баткен окуялары Ташкентти – Москва менен жакындоого мажбур кылган. Андан сырткары жогоруда аталган окуя (Андижан) эки тараптуу мамилелердин кескин түрдө солгундоосуна алып келген.

Бирок, 2005-жылдын май айында болуп өткөн Андижан окуяларынан кийин америкалык бийлик Өзбекстанга болгон мамилесин кайра карап чыгууга мажбур болуп, региондун башка өлкөлөрү менен байланыштарды күчөтүүгө мажбур болгон.

АКШнын региондо боло турган көпкө созулуучу максаттарын Мамлекеттик катчы Кандолиза Райстын Кытайга багытталган төмөнкү сөздөрүнөн байкоого болот: «АКШнын Кытайга карай болгон саясаты өзүнчө бир кылдаттыкты жана региондогу саясаттын тең салмактуулугун сактоону талап кылат. Экономикалык карым катнаш аркылуу Кытайдын ички өзгөрүүлөрүнө жардам берүү манилүү б.э. Аны менен катар коопсуздук жаатында кытайдын таасиринин күч алып кетүүсүнө жол бербөө керек. Эгерде биздин улуттук кызык-чылыктарыбызга жооп бергенде гана биз Кытай менен кызматташуубуз керек. Эгерде бул багытта ажырым пайда болгон учурда, биз Пекин менен конфронтацияга баруудан баш тартпашыбыз керек»[1].

Азыркы учурда Кытай Эл Республикасынын бийликтери дүйнөлүк процесстердеги өлкөнүн ээлеген ордун жана ролун кайра карап чыгууда. Бүгүнкү күндө Кытайдын тышкы саясий принциптеринин жандана баштагандыгы байкалат. Түзүлгөн кырдаалды алар «пассивдүү тышкы саясаттан активдүү тышкы саясатка өтүү мөөнөтү»[2] - деп аташат. Чек ара өрөөндөрдөгү стабилдүүлүк; эл аралык мамилелерде болсо конструктивдүү ролду жогорулатуу; «Кытай – дүйнөлүк тынчтыкка коркунуч келтирет» – деген эл аралык имидждден арылуу болуп эсептелет. Аны менен кошо белгилей кетүүчү жагдай тынчтыкта жанаша жашоонун беш принциптери Кытай Эл Республикасынын тышкы саясатынын теориялык негизи катары өзгөрүүсүз калууда.

---

[1] *Омаров Н.М.* Внешняя политика Кыргызской Республики в эпоху «стратегической неопределенности». – Бишкек, 2005. – 45-б.

[2] Ошол эле.

Кытайдын кызыкчылыктары алгачкы ирет энерго-ресурстарга жетүү жана энергия булактарын кеңейтүүгө болгон умтулуусунан келип чыгууда. Кытай, азыркы учурда АКШдан кийинки эле мунайзат менен газды колдонгон дүйнө жүзүндөгү өлкөлөрдүн ичинен экинчи орунда турат. Мисалы, Кытай Каспий мунайзатына жана түркмөн газына жетүүгө аракет жасоодо. Кытайдык окумуштуулардын ой-пикирлерине караганда бул региондогу мунайзат жана газ түтүктөрү эң кыска жана коопсуз б.э. Ошондуктан 1990-жылдардын орто ченинде Кытай «өлкөнүн батыш жагын ачуу» стратегиясын иштеп чыккан.

Анын максаты экспорттук жактан Батышка жана жаңы Борбордук Азия өлкөлөргө багытталган Кытайдын батыш райондорунун экономикалык өсүшүн камсыз кылуу.

Ошентип, Кытайдын геостратегиялык пландарында Борбордук Азия Кытайды Европа менен байланыштырган эң маанилүү стратегиялык борбор катары каралат. Саясий жактан алганда Кытайдын максаты бул жаңы проблемаларды жаратпаган кошуналарга ээ болуу б.э. Тагыраак айтканда, Кытайга уйгур сепаратизмин колдобогон, аны жайылтууга аракет жасабаган мамлекеттер менен байланыш түзүү эң маанилүү маселе катары каралат.

Кытай азыркы учурда региондогу стратегиялык өнөктөш катары Казакстанды тандап алган. Казакстанды Борбордук Азиядагы алдыңкы мамлекет катары таануу жана Кытай-Казакстан жаатында эл-аралык мамилелеринин прио-ритеттүү өнүгүүсү Шанхай Кызматташтык Уюму алкагында өнүгүүдө.

АКШнын региондогу саясаты жана анын дүйнө жүзүндөгү гегемониясы Кытайдын кызыкчылыгына жооп бербейт. Анткени ал дүйнөнүн көп полярдуу идеясын колдоп,

аны алдыга карай түртүүдө. Ал эми АКШ болсо азыркы учурда бир полярдуу саясатты жүргүзүүдө. Бул болсо өз кезегинде башка өлкөлөрдүн кызыкчылыгын эске албоо, алар менен эсептешпөө ж.б. процесстер менен коштолууда. АКШнын гегемониясы Кытайдын улуттук коопсуздугуна коркунуч туудуруп жаткандыгын өз мезгилинде КЭРнын мамлекет башчысы Цзянь Цземин өз сөзүндө белгилеп кеткен. Азыркы учурда Кытай жогоруда аталган позициянын негизинде турууда жана АКШнын Борбордук Азиядагы таасиринин күчөшү кытайлыктардын бул региондо стратегиялык максаттарынын ишке ашуусуна тоскоол болот деп эсептейт.

И.Каримов АКШ менен мамилесин үзгөн учурда анын ордун ээлөөгө Кытай активдүү аракет кыла баштаган. Ага мисал катары төмөнкү фактыларды келтирсек болот. Дүйнөлүк коомчулук өзбек режимин андижан окуялары үчүн сындап жатканда, Кытайдын бийликтери И.Каримовду Пекинге чакырып жана коноктоо урмат-сыйдын эң жогорку денгээлин билдирип 21 ирет аскер замбиректин аткылоосу менен аны тосуп алышкан.

Ал эми Россия болсо, Советтер Союзу тарагандан кийин өзүнүн аракетин өлкөнүн ички маселелерди чечүүгө жумшаган жана бул регионго эч кандай көңүл бурган эмес. Кийин, энергия таашууларга баалардын өсүшү, Россия державасынын бекемделиши менен ал Борбордук Азия өлкөлөрүнө көңүл бура баштаган. АКШдан кийин Россия Борбордук Азияда өз таасирин бекемдөөгө аракеттенүүдө.

Бул процесс В.Путиндин бийликке келген учурунда башталган. Анткени, Россия жетекчилери өлкөнүн кубаттуулугун бекемдөө үчүн биринчи кезекте өзүнүн мурунку

союздаштары менен мамилени күчөтүү керек экендигин түшүнүшкөн. Россия Бишкектеги америкалык авиабазадан 50 км. аралыкта жайгашкан Кант шаарында өз авиабазасын ачкан. Акыркы жылдары Россиянын бул региондо өзүнүн таасирин күчөтүүгө болгон тенденциясы көрүнүп турат. Бул Москва үчүн ыңгайлуу эки тараптык мамилелердин түзүлүүсү, региондогу экономиканын ар кайсы секторлоруна инвестиция киргизген россиялык фирмалар менен компанияларды колдоо, ШКУ, Коллективдүү Коопсуздукту Сактоо Уюму жана башка эл аралык уюмдардын чегиндеги интеграциялык процесстердин өнүгүүсү аркылуу болууда.

Россия мамлекети аталган аймакта гуманитардык жана маданий кызыкчылыктарын жайылтуу боюнча алгылыктуу иш аракеттерди жүргүзүүдө. Бул региондун Совет мезгилинде тарбия алган мууну Россияны колдоп келет. Бул муундун өкүлдөру азыркы күнгө чейин мамлекеттик башкаруу чөйрөсүнүн көпчүлүк бөлүгүн түзөт жана коомдук аң сезимде бир топ таасири бар. Россиянын администрациясы региондогу элдин орус тилдүү катмарын колдоо жана анын Борбордук Азиянын турмушундагы ролун күчөтүү боюнча иш чараларды жүргүзүүдө.

Борбордук Азия өлкөлөрүнө АКШ менен Россиянын кызыкчылыгына каршы туруп, өздөрүнүн саясатын ишке ашыруу натыйжасы жок жана керексиз иш аракет б.э. АКШ коопсуздук маселелерде, баңгизат таратуугa каршы операциясында жана исламдык радикализмдин таралышына каршы туруу боюнча кызыкчылыктары бири-бирине дал келет.

К.Райстын абалы начар Россиядан көрө, анын күчтүү болушу американын коопсуздугуна азыраак коркунуч кел-

тиреери тууралуу сөзү менен макул болсо болот. Анткени Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн эки улуу держава (АКШ, Россия) менен конструктивдүү, түз, үзгүлтүксүз мамилелердин болушу ыңгайлуу.

Ал эми Батыш Европанын алдыңкы өлкөлөрүн алсак, алардын Борбордук Азия тууралуу саясаты АКШнын багытынан анча деле айырмаланбайт. Азыркы учурда Европа Биримдиги (ЕБ) Борбордук Азиядагы экономика жаатындагы иш аракеттери саясий байланыштарга караганда бир топ алгылыктуу болуп эсептелинет. Европа Биримдигинин экономикалык кызыкчылыктарынын негизи – бул мунайзатты импорттоону максималдуу деңгээлде жогорулатуу б.э. Жакынкы чыгыштагы конфликт акырындап коңшу өлкөлөргө таралууда. Түндүк деңиздин ресурстарынын азайып баратышы Европа өлкөлөрүн Борбордук Азия регионунда өзүнүн таасирин күчөтүүгө мажбур кылууда.

Европа Биримдигинин Борбордук Азия мамлекеттериндеги инвестицияларынын жалпы көлөмү 1999–2006-жылдар аралыгында 300-дөн 500 млрд. АКШ долл. чейин түзгөн. Биримдиктин негизги регионалдык экспорттоочусу катары Казакстан эсептелинет. Ал жыл сайын Европа Биримдик өлкөлөрүнүн газ менен мунайзат импортунун 20% ин камсыз кылууда[3].

Жогоруда аталган уюмдун региондогу экономикалык инвестициялоосунун негизги басымы энергоресурстарды өндүрүү жана транспорттоо секторуна багытталган. Углеводдордун Борбордук Азиядан Европага карай ташуусу боюнча

[3] *Волков И.В*. Основные проблемы геополитического положения Центральной Азии в эпоху глобализации (на примере Кыргызстана). – Бишкек, 2007. – 50-б.

аркеттер бирикмеге кирген өлкөлөрдүн экономикалык кызыкчылыктарына жооп берет. Бирок алардын бул багыт боюнча конкреттүү концепциялары болбогондуктан, Европа Биримдиги АКШнын саясатын колдоого мажбур болуп жатат.

Бул уюм бир аз мөөнөттөн кийин региондогу алдыңкы державалардын позицияларынан кийинки «төртүнчү күч» болуп калышы мүмкүн.

Эл аралык мамилелердин көптөгөн аспекттери боюнча Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн негизги ролду Индия менен Пакистан ойногонго аракеттенүүдө.

Турция менен Ирандын да Борбордук Азиядагы атаандашуусу күч алууда. Алар, Борбордук Азия өлкөлөрдүн башчыларына карата тигил же бул тараптын чечүүчү ролун кабыл алдыруу максатында конкреттүү кадамдарды жасашкан. 1990-жылдары АКШ өз саясатын аталган региондо жүргүзүү үчүн Турцияны колдонууга аракеттенген. Бирок андан майнап чыкпаган соң XX к-аягы XX1 к. башында өзү түздөн-түз мамилелерди түзүүгө киришкен.

Япониянын региондогу активдешүүсү АКШнын Борбордук Азиядагы саясаты менен тыгыз байланыштуу. Келечекте АКШнын аскердик күчү менен Япониянын экономикалык потенциалы Борбордук Азиянын ресурстарын пайдаланууда эң таасирдүү, олуттуу фактору болуп калышы мүмкүн. Ошентип, Борбордук Азия АКШ, Россия, Кытай, Европа жана ислам дүйнөсүнүн мамлекеттеринин татаал түрмөккө туташкан кызыкчылыктардын борборунда жайгашып турат. Бул мамлекеттердин бардыгы региондо өз таасирин күчөтүү үчүн күрөшүүдө. Алардын максаты Борбордук Азия өлкөлөрүнүн саясий-экономикалык багыттарын өзүнө карай буруу болуп эсептелинет.

Борбордук Азиянын геосаясий жактан жайгашуусу бир топ артыкчылыктары жана кемчиликтери менен айырмаланат. Борбордук Азиялык мамлекеттер деңиз, океандарга чектеш болбогондуктан алар тышкы дүйнө менен карым катнашуусу татаал болууда. Андан сырткары региондун мамлекеттеринин ресурстук потенциалдары бири биринен кескин айырмаланып турат. Алардын үчөө (Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан) табигый ресурстарына бай болушса, ал эми Кыргызстан менен Таджикстандын байлыктары аларга салыштырмалуу аз келет.

Табигый ресурстары, географиялык жактан жайгашуу-сунан сырткары Борбордук Азия өлкөлөрү өз экономикасын реформалоо темптери жана моделдери менен да айырмаланып турат.

Коомдук-экономикалык формациялардын өзгөрүшү, социалдык, саясий жана рухий турмуштун жаңы формаларын пайда кылууда. Кылым карыткан тарыхына ээ болгон бул мамлекеттердин элдери акырындап өзүнө ишенип, дүйнөлүк коомчулукка кошулуп, өз алдынча карым катнашты жүр-гүзүүдө. Региондун мамлекеттеринин рынок экономикасына ар кандай ылдамдыкта өтүү шарттарында, ар түрдүү табигый, финансылык, демографиялык жана башка ресурстарынын болгондугу алардын өнүгүүсүнө, келечегине өз таасирин тийгизүүдө.

Ошондуктан алардын өнүгүүсү бирдей эместиги көрүнүп турат. Ар бир өлкө өз өнүгүү жолун издөөдө. Экономикалык өнүгүү салыштырмалуу жай жүрүүдө. Мындай көрүнүштүн бир нече себептери бар. Эң башкысы–эркиндикке умтулуу, эгемендүүлүктү чыңдоо, интеграциялык процес-стердин өнүгүшүнүн варианттарын издөө ж.б. көрүнүштөр менен

коштолууда. Төмөндөгү негизги саясий процесстер аталган региондун бүт өлкөлөрүнө тиешелүү б.э.

- Борбордук Азия, КМШ мамлекеттери жана алыскы чет элдик өлкөлөрү менен эки тараптуу мамилелердин өнүгүшү аркылуу;
- Регионалдуу денгээлде;
- КМШ чегиндеги көп тараптуу мамилелердин системасына кирүү;
- Олуттуу эл аралык уюмдарга (БУУ, Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму ж.б.) катышуу аркылуу.

Ошентип, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тышкы саясий өнүгүүсүнүн негизи катары – бул жерде жайгашкан кичине мамлекеттердин кызыкчылыгына жооп берген көп вектордуу дипломатия болуп саналат. Финансылык, экономикалык, илимий-интеллектуалдык, технологиялык ресурстардын чектелгендигине байланыштуу, дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттери менен байланыштарды өнүктүрүүгө мажбур кылууда. Бир эле мезгилде алар өздөрүнүн мурунку өнөктөштөрү (СССРдин курамындагы) менен да мамилелерди күчөтүүнүн жаңы форматын түзүү зарылдыгы келип чыгууда. Бул процессте ага чейин жабык болгон геосаясий ааламды (Борбордук Азияны) дүйнөнүн алдыңкы державалары тарабынан өздөштүрүүгө болгон кызыкчылыгы да себепкер болгон.

Региондун өлкөлөрүнүн тышкы саясатынын түзүлүшүнүн маанилүү фактору катары жалпы коркунучтарга каршы бирдиктүү жооп кайтаруунун муктаждыгы болуп калган. Алардын трансулуттуу жана трансчекаралуу болгондугуна байланыштуу ички регионалдуу жана региондон тышкары

болгон кооперациянын керектигин талап кылган. Бул болсо, өз учурунда жаңы коопсуздук институттардын пайда болушуна алып келген[4].

Борбордук Азия мамлекеттердин тышкы саясатында өз ара айырмачылыктары болгондугун да белгилей кетсек. Бул өзгөчөлүк эл-аралык аренада стратегиялык өнөктөштөрдү тандап алуусунда ачык көрүнүп турат. Анын негизи болуп алардын ар кимисинин мурунку мезгилдеги локалдуу, аларга гана таандык болгон өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү да таасир этиши эсептелинет.

Кыргыз Республикасы жеткиликтүү деңгээлде коргонуу, экономикалык, саясий потенциалга ээ болбогондугуна – региондогу өзүнүн ички улуттук кызыкчылыктарына толугу менен жооп берген принциптерди өзү орното албагандыгына байланыштуу, ири державалардын жана ири эл аралык уюмдардын кызыкчылыктарынын ортосунда буйтоо (эбин таап кетүүчү) саясатын жүргүзүүгө мажбур кылууда.

Бул дипломатиялык жол менен Кыргызстан дүйнөлүк саясий системага кирип, өз талаптарын ыңгайлуу түрдө канааттандыра алат[5].

Кыргызстан эгемендүү мамлекет катары жүргүзгөн тышкы саясий концепциясынын өзгөчөлүгү менен мүнөздөлөт. Кыргыз Республикасынын тышкы саясаты эгемендүүлүккө ээ болгон күнүнөн баштап өлкөнүн конституциясына, мамлекеттик эгемендүүлүк Декларация-сында, эл аралык укуктун нормаларында, БУУ менен ЕККУнун

[4] Современные международные отношения и мировая интеграция. – Бишкек, 2009. – 186-б.

[5] *Волков И.В.* Атал. чыг. –113-б.

принциптерине жана максаттарына дал келүүсүнө негизделген. Ички саясаттын табигый уландысы болгон мамлекеттин тышкы саясаты көп улуттуу, көп диндүү калкынын кызыкчылыктарын биргелешип ишке ашыруу эсептелинет.

Бул мөөнөттө Кыргызстан дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттери менен дипломатиялык жана башка мамилелерди активдүү өнүктүргөн. Кыргызстандын мамлекеттик кызыкчылыктарын ишке ашыруу жолу негизинен коңшу жана дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттери менен достук, өз ара ыңгайлуу мамилелерди өнүктүрүү процесстери менен коштолгон.

Улуттук кызыкчылыктарды камсыз кылган тышкы саясаттын приоритеттери төмөнкүчө аныкталган:

- Суверендүүлүк жана территориалдык бүтүндүктү камсыз кылуу жана коргоо;
- экономикалык жана демократиялык реформаларды ишке ашыруу үчүн ынгайлуу тышкы шарттарын түзүү;
- Кыргызстан жарандарынын укук, эркиндик жана кызыкчылыктарын коргоо.

Тышкы саясаттын приоритеттүү багыттары Россия, батыш, азиялык, регионалдуу векторлор эсептелинген.

Кыргызстандын тышкы саясий концепциясы тигил же бул мамлекеттердин саясатын колдоо керекпи же толук түрдө колдобоо керекпи? – деген принциптердин негизинде жүргөн. Мындай багытты Кыргызстан, мисалы улуу державалар менен болгон мамилелерде колдонгон[6].

Кыргызстандын тышкы саясатынын максаты – башка мамлекеттер менен карым катнашты түзүүдө төмөнкү

[6] Стратегическая матрица Кыргызстана: ретроспектива, современность и сценарии будущего развития – Алматы, 2007. –361-б.

нерселерге жетишүүгө мүмкүндүк берген системаны куруу б.э. Аларга:

- Суверенитет менен эгемендүүлүккө ишенимдүү түрдө кепилдикке ээ болуу;
- шериктеш, өнөктөш мамлекеттерди, коңшу өлкөлөрдү жана эл аралык уюмдардын мүчөлөрүнө көмөк көрсөткөн коопсуздук системасын куруу;
- Кыргызстандын соода-экономикалык кызыкчылыктары үчүн кенен мүмкүнчүлүктөрдү түзүү.

Бул максат дүйнөлүк державалардын кызыкчылыктары менен дал келүүдө. АКШ региондо заманбап инфраструктураны куруп жана өнүгүүсүнө, дүйнөлүк экономикага интеграция процессин күчөтүүгө, сөз эркиндигин жана демократияны жайылтуу идеясын ишке ашырууга көмөк көрсөтүүгө даяр.

Кыргызстандын бийлиги соода жүгүртүүнүн көлөмүн көбөйтүү жана биргелешкен экономикалык проекттерди иш жүзүнө ашырууда Россия менен тыгыз мамилелерди түзүүдө. Кыргызстан Казакстандын жакын коңшу өлкөсү болгондуктан өз экономикасын өнүктүрүү үчүн Казакстандын инвестицияларын тарта алат. Өзбекстан, Тажикстан менен кызматташуу Фергана өрөөнүндө эркин соода катнашынын өнүгүүсүнө жана бул өлкөлөрдүн рынокторуна кыргызстандын товарларынын киришине шарт түзмөк.

Кыргызстан өзүнүн тышкы саясатын эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташуу принциптеринин негизинде жүргүзүүдө. Глобалдуу денгээлде башкы өнөктөш болуп Бириккен Улуттар Уюму эсептелет. Ал универсалдуу орган болгондуктан өзүнүн астында бир канча атайын майда

органдардын жардамы аркылуу дүйнөлүк аренада өзүнүн иш аракеттерин жүргүзүп турат.

Кыргызстан кызматташып жаткан уюмдарга төмөнкүлөр кирет: Коллективдүү коопсуздук келишим уюму (ОДКБ), Европалык экономикалык шериктештиги (ЕвраЗЭС), КМШ, Шанхай Кызматташуу Уюму, Европалык союз, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму, «Ислам-дык конференция уюму», «НАТО» жана башка уюмдар менен болгон кызматташуу системасы. Эгемендүүлук жылдар аралыгында тышкы саясат чөйрөсүндө Кыргызстан олуттуу жетишкендиктерге ээ болду. Ал ири эл аралык уюмдарда мүчө катары кирип, дүйнө жүзүнүн көптөгөн мамлекеттери менен тең укуктуу жана пайдалуу саясий, экономикалык, маданий байланыштарды жүргүзүүдө. Бир эле 2005-жылдын ичинде гана чет элдик мамлекеттер, эл аралык уюмдар менен кызматташунун келишим укуктук базасын кеңейтүү максатында 34 эки тараптуу жана 219 көп тараптуу эл аралык келишимдерге кол коюлган[7].

Буга байланыштуу эл аралык уюмдардын чегинде түзү-лүп жаткан мамилелерди конкреттүү маңызга жеткирүү боюнча иш чаралар көрүлүүдө. Ал республиканын ички өнүгүшүнө тиешелүү маселелерди чечүүгө багытталган. XXI кылымдын башында Кыргыз Республикасы дүйнө жүзүнүн 100гө жакын мамлекеттери менен дипломатиялык мамиле-лерди түзгөн. 50 дөн ашуун универсалдуу институттар менен форумдардын катышуучусу болуп, чет өлкөлөрдө 19 дипло-матиялык жана 3 консулдук өкүлчүлүк ачкан. Кыргызстанда

---

[7] *Джекшенкулов А*. Выступление на общих дебатах 61-й сессии Генеральной ассамблеи ООН 22 сент. в Нью-Йорке // Слово Кыргызстана. – 2006. – 27 сентябрь.

88 эл аралык дипломатиялык миссиясы жана өкүлчүлүктөрү аккредитациядан өткөн.

2005-жылы 24-марттын окуялары Кыргызстандын тышкы саясатынын олуттуу өзгөрүшүнө алып келген жок. Жаңы бийлик Кыргызстандын жетекчилиги эки тараптуу жана көп тараптуу эл аралык милдеттемелерин аткарууга сөз берип, тышкы саясий курстун өзгөрүлбөстүгүн белгилешкен[8].

Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2005-жылдын 14-ноябрында өлкөнүн тышкы иштер министрлиги жана бирдиктүү тышкы саясатты жүргүзүүдө анын координациялык ролун күчөтүү» № 543 жарлыгына кол коюлган. Бул тышкы саясий иш аракеттердин жанданышына мүмкүнчүлүк берген. Мындан тышкары, өлкөнүн Президентинин тапшырмасы боюнча 2006-жылы ведомство аралык топ менен республиканын тышкы саясатынын жаңы концепциясы иштелип чыккан.

Ал документтин кабыл алынышынын себептери төмөнкүлөр болгон: «өлкөдө жүрүп жаткан процесстерди тездештирүү; эл аралык интеграциялык процесстердин динамикасы; глобалдаштыруу шартында жалпы дүйнөлүк процесстердин болуп жаткан коркунучтарга каршы туруу; өнүгүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн издөөнүн керектигине байланыштуу болгон. Жаңы концепцияны иштеп чыгуунун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын тышкы саясатындагы башкы принциптери өзгөрүүсүз калуусу тастыкталган. Кыргызстан дүйнө коомчулугуна кол коюлган эки тараптык жана көп тараптык келишимдерди кынтыксыз аткаргандыгын

---

[8] Современные международные отношения и мировая интеграция. – М., 2009. – 210-б.

көрсөтөт[9]. Кыргыз Республикасынын президентинин өз элине кайрылуусунда, Республика мындан ары да мурунку эл аралык милдеттемелердин жана башка мамлекеттер менен кол коюлган келишимдерди кынтыксыз аткараары баса белгиленген[10]. Аны менен катар ал республиканын тышкы саясий позициясы көптөгөн маселелер боюнча олуттуу өзгөргөндүгүн белгилеп кеткен[11]. Бул өзгөрүүлөрдүн маңызы, эми алдыңкы орунга мамлекттин кызыкчылыгы коюлаарында турган. Жакынкы коңшу мамлекеттер менен мамилелерди чындоого көңүл буру аталган документтин өзөгүн түзгөн. Мындан тышкары кайрылууда: Республиканын улуттук кызыкчылыгы тышкы саясатта чоң прагматизмге таянып, Кыргызстанды колдоого кызыктар болушкан мамлекеттердин баардыгы менен өнөктөштүк мамилелерди түзүү зарылдыгы белгиленген. Эгер биз белгиленген эл аралык милдеттемелерди бузбасак, анда эч ким биздин ички иштерибизге кийлигишпөөсү керек» – деп берилет.

Кыргыз Республикасы үчүн экономиканы модернизациялоо проблемасы маанилүү болгондуктан анын тышкы саясий доктринасынын негизин чет элдик инвестицияларды тартууга көмөк көрсөтүү, Кыргызстанды регионалдык жана дүйнөлүк экономикалык байланыштарга интеграциялоо жана экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу ж.б. Ушуга байланыштуу КР Президенти К.Бакиев тарабынан тышкы

[9] *Турсункулов К*. Внешняя политика Кыргызстана – что мы ждем от нее? // Кыргызстан: политика и экономика: материалы и документы. Вып.3. – Кыргызстан: год перемен. - Бишкек, 2006. – 365-б.
[10] Ошол эле.
[11] *Турсункулов К.* Аталг. чыг. – 366-б.

саясий ведомсвонун алдына үч экономикалык маселе коюлган:

- биринчиден, Кыргызстандын аскердик-саясий, экономикалык, азык-түлүк, энергетикалык, экологиялык, маалыматтык жана башка чөйрөлөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу үчүн дипломатиялык аракеттерди күчөтүү.
- Экинчиден, тышкы саясий аракеттердин Республиканын экономикалык өнүгүшүнө ылайыктуу шарттарды түзүү (соода боюнча кеңешүүчү институтту киргизүү маселеси каралууда жана алгачкы этапта Кыргызстандын Россия, Кытай, Казакстан, ГФР жана Афганистандагы элчиликтеринде соода өкүлдөрүнүн дайындалышы күтүлүүдө).
- Үчүнчүдөн, Кыргызстандын эл аралык саясий аренада кадыр-баркын чыңдоо. Ал өлкөдөгү терең демократиялык жана рыноктук өзгөртүүлөрдүн негизинде ишке ашырылат[12].

ТИМне тышкы саясатты камсыз кылуу үчүн тышкы саясый ишмердүүлүктө бийликтин аткаруучу органдардын бири-бири менен координация жана жардам берүүсүндө кошумча функциялар берилген.

Иштин сапатын жогорулатуу үчүн өкмөт министрликтин борбордук аппаратынын жаңы структурасын негиздеген. КМШ, батыш жана чыгыш өлкөлөрүн көзөмөлгө алган территориалдык департаменттер түзүлгөн. Бүгүнкү күндө Тышкы иштер министрликте төмөнкү департаменттер иштеп жатат. Эл аралык уюмдардын жана коопсуздукту сактоо, эл аралык укуктук консулдук кызматы, аны менен кошо эл аралык экономикалык кызматташуунун Департаменти түзүл-

---

[12] Кыргызстан: политика и экономика: материалы и документы. Вып.3. – Кыргызстан: год перемен. - Бишкек, 2006. – 365-б.

гөн. Департаменттин түзүлүшү Кыргызстандын чет өлкөлөрдө экономикалык дипломатиянын маселелерин алдыга карай жылдыруунун эффективдүүлүгүн күчөтүү, мамлекеттин чет өлкөлүк рыноктордо экономикалык кызыкчылыктарын коргоо жана тышкы экономикалык саясатына караштуу маселелер боюнча министрлик менен ведомстволордун аракеттерин координациялоо жана чет элдик мекемелерин иштерин ыкчам жүргүзүүгө багытталган.

Ошентип, Кыргызстан үчүн тышкы саясаттын төмөнкү башкы багыттары приоритетүү болууда:

- тышкы саясый методдор аркылуу улуттук коопсуздукту чыңдоо;
- улуттук кызыкчылыктарды ишке ашырууда ыңгайлуу тышкы шарттарды түзүү;
- Кыргызстандын эл аралык имиджин чыңдоо;
- КР тышкы иштер министрлиги жана башка кызыктар болгон ведомстволор, жарандык коомдун институттары менен бирдикте тышкы саясий ишмердүүлүктүн эффективдүү системасын куруу.
- сырттан материалдык-финансылык каражаттарды тартуу.
- чет өлкөлөрдөн Кыргызстанга туристтерди тартуу.

Жалпысынан алганда Кыргызстандын тышкы саясий ишмердүүлүгү өлкөнүн эгемендүүлүгүн сактоо, экономиканын өз алдынчалыгын бекемдөө, чек аралардын сактыгын камсыз кылуу – саясий дипломатиялык жол менен эл аралык кепилдиктерди максималдуу чыңдоо принцибине баш ийүү керек.

Ошентип, Кыргызстан көп вектордук, тең салмактуу, прагматикалуу тышкы саясатын жүргүзүүдө. Аны менен

кошо, ал улуттук кызыкчылыктарын регионалдуу жана дүйнөлүк коомчулуктун кызыкчылыгынын бир бөлүгүнө айлантууга аракеттенүүдө.

Өзбекстан Республикасынын тышкы саясатынын өнүгүшү жана түзүлүшү ушундай багытта эле өткөн. Жаш өлкө социалдык проблемаларды чечүүгө багытталган рынок экономикасына өтүп, ачык тышкы саясатты, демократиялык коомдун негиздерин курууга киришкен. Бирок, өлкөнүн жаңы өнүгүү жолун издөө учурунда, анын приоритеттерин аныктоо мезгилинде өз алдынча тышкы саясий курсту жүргүзүү оңой-олтоң иш эмес эле.

Мунун себеби, республика өзүнүн тышкы саясий мамлекеттик институттарына жана дипломатияга о.э., тышкы экономикалык чөйрөлөр боюнча адистерге ээ болгон эмес. Бирок, андай болсо дагы республиканын жетекчилери өлкөнүн тышкы саясатынын түзүлүшүнөн социалдык-экономикалык реформалардын тагдыры көз каранды экендигин жакшы түшүнүшкөн. Ушуга байланыштуу, бул маселелерге өзгөчө көңүл буруп, Өзбекстандын президенти И.Каримов төмөнкүлөрдү белгилеген: «Өзбекстандын улуттук кызыкчылыктарына жооп берген активдүү, көп тараптуу тышкы саясатты ишке ашыруу – биздин мамлекеттердин суверендүүлүгүн чыңдоодо, экономикалык кыйынчылыктардан арылууда жана элдин турмушун оңдоодо өтө маанилүү каражат б.э.»[13].

Көрүнүп жаткандай, Өзбекстан Республикасынын өз алдынча тышкы саясатынын калыптанышы оңой эле жүзөгө ашкан эмес. Ал өзүнүн мамлекеттик денгээлде чечилишин

[13] Кыргызстан: политика и экономика: материалы и документы. Вып.3. – Кыргызстан: год перемен. - Бишкек, 2006. – 368-б.

талап кылган. Дүйнө коомчулугунун толук укуктук мүчөсү болуу менен бирге өлкөдө тышкы саясатта терең ойлонуп чыккан стратегиялык курс иштелип чыккан. Анын негизин төмөнкү принциптер түзгөн:

- Башка өлкөлөр менен мамиле түзүүдө улуттук-мамлекеттик кызыкчылыктарды жогору тутуу;
- тең укуктуулук, бири-бири менен ыңгайлуу паритетти сактаган жана башка мамлекеттердин ички иштерине кийлигишпөө;
- идеологиялык көз караштарга карабастан кызматташтык үчүн ачык-айкындыкты, жалпы адамзаттык баалуулуктарды, тынчтыкка умтулган принциптерди сактоо;
- эл аралык укуктун нормаларын мамлекеттин кызыкчылыктарынан жогору тутуу;
- тышкы саясатты эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдердин негизинде өнүктүрүү.

Өзбекстандын тышкы саясатынын негиздери бул өлкөнүн Конституциясында чагылдырылган. Ал жерде төмөндөгүлөр айтылат: «Өзбекстан Республикасы эл аралык мамилелердин толук укуктуу субъектиси б.э. Анын тышкы саясаты теңдиктин, күч колдонбоо же коркутуу, чек аралардын бузулбастыгы, тартыш маселелерди тынч жол менен чечүү, башка мамлекеттердин иштерине кийлигишпөө жана башка жалпы таанымал болгон принциптерге, эл аралык укуктун нормаларына таянат. Эгерде мамлекеттин, анын атуулдарынын кызыкчылыктарына жооп берген учурда гана Өзбекстан башка мамлекеттер менен союздарды түзө алат, шериктештерге жана башка эл аралык уюмдардын катарына мүчө болуп жана андан чыга алат.

Тышкы саясаттын негиздери Өзбек Республикасынын төмөнкү мыйзамдарында жарык көргөн. Ал, «Тышкы саясаттын негизги принциптери», «Эл аралык келишимдер тууралуу» жана башка мыйзамдык актылар. Республиканын тышкы саясий жана эл-аралык ишмердүүлүгү БУУнун максат менен принциптерине, эл аралык келишимдерге, милдет-темелерге ылайык түзүлгөн. Республиканын тышкы саясаты-нын түзүлүү этабында аны менен кошо дагы бир негизги маселени чечүү процессии жүргөн. Ал республикада тышкы саясий ишмердүүлуктүн инситуционалдык структураларын түзүү. Улуттук кызыкчылыктарга жараша эл аралык аренада өлкөнүн тышкы саясатын координациялоо жана аны турмушка ашыруу үчүн түзүлгөн бул министрликтин негизги максаты жана маселелери такталган.

Ошентип, эгемендүүлүктүн алгачкы күндөрүнөн баштап өлкөдө тышкы саясаттын укуктук негиздерин жолго салуу боюнча чоң жумуш аткарылган. Мындан тышкары бул чөйрөдө кенен иштөөгө ылайыкташтырылган керектүү инсти-туционалдык структура түзүлгөн. Өлкөнүн тышкы саясаты-нын түзүлүшүндө эгемендүүлүктүн баштапкы этабында өткөрүлгөн иш аракеттер кыска мөөнөттүн ичинде дүйнөлүк коомчулукта татыктуу орунга ээ болууга мүмкүнчүлүк берген. Азыркы учурда Өзбекстан Республикасынын суверендүүлүгүн 165 мамлекет тааныды, алардын ичинен 120дан ашыгы өлкө менен расмий дипломатиялык мамилелерди түзүшкөн. Рес-публиканын борборунда 35 мамлекеттин элчиликтери орун алган. Өзбекстанда 88 чет элдик өкүлдүктөрү аккредитация-дан өткөн, 24 өкмөт аралык уюмдар жана 13 өкмөттүк эмес уюмдар бар. Ал эми Өзбекстан болсо чет өлкөлөрдө өзүнүн 39 элчилигин ачкан.

Өзбек Республикасынын тышкы саясатынын маанилүү жетишкендиги, дүйнө коомчулугунун толук укуктуу субъекти катары таанылышы, анын бүгүнкү күндө олуттуу эл аралык уюмдардын мүчөсү болуп саналгандыгы эсептелинет. Алар: Бириккен Улуттар Уюму, Эл аралык эмгек уюму (МОТ), Дүйнөлүк ден-соолукту сактоо уюму, Бириккен улуттар уюмунун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча уюму (ЮНЕСКО), Европадагы коопсуздук менен кызматташтык боюнча уюму (ОБСЕ), Бейтараптык кыймылы, Шанхай кызматташтык уюму ж.б. Мындан тышкары, Өзбекстан бир катар алдыңкы эл аралык экономикалык жана финансылык бирикмелеринин мүчөсү. Алар: Экономикалык Кызматташуу Уюму, Кара деңиз өлкөлөрдүн экономикалык ассоциациясы, Азия-Тынч океан региондогу өлкөлөрү үчүн БУУнун экономикалык жана социалдык комиссиясынын, Эл аралык өнүгүү жана реконструкция банкы (МБРР), Эл аралык валюттук фондунун (МВФ), Европалык өнүгүү жана реконструкция банкы (ЕБРР), Азиялык өнүгүү банкы (АБР) ж.б.

Өзбекстан дүйнөлүк коомчулуктун толук укуктуу субьекти катары таанылып, эл аралык мамилелердин көп пландуу системасында өзүнүн тышкы саясатын активдүү жүргүзүп жаткан мамлекеттердин катарына кирет. Анын башкы багыттарынын бири – өлкөнү дүйнөлүк чарба системасына интеграциялоо болуп эсептелинет. Бул маселени ишке ашыруу үчүн республикада укуктук негиздердин кабыл алынып, тышкы экономикалык жана инвестициялык саясатын жүргүзүүгө кенен мүмкүнчүлүк берген бир катар эл аралык келишимдерге кол коюлган.

Өзбекстандын дүйнөлүк коомчулугунун чарба системасына кошулуусунун фактысы, соода-экономикалык көрсөткүчтөр күбө боло алат. Эгер 1992-жылы 60 мамлекет Өзбекстандын соода өнөктөштөрү болушса, 2000-жылга карай алардын саны 140 чейин өскөн.

Мындан тышкары, жогорку технологияларды жана өзүнүн илимий-интеллектуалдык, транспорттук кубаттуулугун өнүктүрүүдө, өлкөгө ири өлчөмдөгү чет элдик инвестициялардын кеңири тартууда эң алгылыктуу аракеттер жасалган. Чет элдик инвесторлордун ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө, чет элдик финансылык жана башка ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу, анын эффективдүү иштешин камсыз кылуу максатында республикада бир катар мыйзамдар кабыл алынган. Ушуга байланыштуу эгемендүүлүк жылдарында Өзбекстандын экономикасына тартылган чет элдик инвестициялардын жалпы саны 12 млрд. ашуун АКШ долл. түзгөн. Дүйнөнүн экономикалык системасына интеграциялоо максатын көздөгөн Өзбекстан Республикасынын тышкы саясатында өлкөнүн бийлиги европалык өлкөлөр менен жакындоого башынан бери өзгөчө маани берип келген.

Европа Биримдигинин көмөгү менен Өзбекстанда олуттуу биргелешкен ишканалар түзүлгөн. Алар, өзбек-италия «Узпластитал», өзбек-британ «Узбат», өзбек-герман «Узсаламандр», өзбек-француз «Текнип» ж.б. Алар өлкөнүн маанилүү социалдык-экономикалык проблемаларын чечүүгө, экспортко багытталган продукциянын чыгарылышына шарт түзүүдө. Өзбек Республикасынын тышкы саясатынын приоритеттүү багыты катары эл аралык коомчулукка интеграциялоого багытталып батыштын, Азия-тынч океан регионунун, Түштүк жана Түштүк-чыгыш Азиянын алдыңкы

мамлекеттери менен туруктуу эки тараптык мамилелерди өнүктүрүү ж.б. айтса болот. Бул жагдайдын бир мисалы, Өзбекстан Республикасы менен Америка Кошмо Штаттары арасындагы мамилелердин түзүлүшү. АКШ алгачкылардан болуп Өзбекстандын көз карандысыздыгын жана суверендүүлүгүн тааныган. Азыркы күндө алардын мамилелери жогорку деңгээлдеги ишенимде, бирин бири түшүнүү жана көп убакытка негизделген мүнөзгө ээ.

Эки мамлекеттин ортосундагы мамилелердин жаңы импульсу жана алардын регионалдуу, глобалдуу деңгээлдеги тынчтык менен стабилдүүлүктү сактоого умтулуусун Өзбекстандын президентинин 2002 жылы март айында болуп өткөн АКШ га расмий сапары көрсөттү. Анын жүрүшүндө бир катар келишимдерге кол коюлган. Бул нерсе эки өлкөнүн кызыкчылыгына жооп берген кызматташуунун жаңы, сапаттуу деңгээлге эки мамлекеттин өтүп жаткандыгын көрсөтүүдө. Улуттук мамлекеттик эгемендүүлүккө ээ болгондон соң Өзбекстан өзүнө дини, тили, үрп-адаты боюнча жакын болгон азия-мусулман цивилизациясына таандык өлкөлөрү менен түздөн-түз мамилелерди түзүүгө мүмкүнчүлүк алган. Буга жылдан жылга бекемделип жаткан мамилелер тууралуу мамлекет башчылардын өз ара жолугушуулары күбө боло алат.

Өзбек Республикасынын тышкы саясатынын борборунда КМШ мамлекеттери менен кызматташуу болуп эсептелет. КМШнын иштөөсүндө бир катар кемчиликтерге карабастан азыркы күндө бул уюм 12 катышуучу-мамлекет эки тараптуу жана көп тараптуу негизде жалпы жана жеке улуттук кызыкчылыктарын ишке ашырууда өз позицияларын макулдаша алат. Өзбекстандын КМШнын чегинде жүргүзгөн

тышкы саясатында Борбордук Азия өлкөлөрү менен ар тараптык мамилелерди сактап калуу жана мындан ары өнүктүрүүгө приоритеттүү орун берилет.

Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ортосундагы мамилелер акыркы жылдары жаңы сапаттуу денгээлге өттү. Ага мурун түзүлгөн «Борбордук Азиялык экономикалык шериктештиги (ЦАЭС) уюмун «Борбордук Азиялык кызматташтык» (ОЦАС) уюмуна өзгөртүү аракети күбө боло алат. Бул максатты ишке ашыруу үчүн 2001-жылдын декабрь айындагы Ташкенттеги жолугушууда Өзбекстан, Казакстан, Кыргызстан жана Таджикстандын мамлекет башчылары «Ташкенттик макулдашууга» кол коюшкан. Бул документтин негизги чордонун – тараптардын мындан ары саясий, экономикалык, маданий чөйрөлөрдө, бири-бирине пайдалуу кызматташууну жүргүзүүгө умтулуу жана эл аралык аренада тыгыз байланышта болууга умтулуусу жөнүндөгү пункттар түзөт.

Кийин 2002-жылдын февраль айындагы Алматыда болуп өткөн Борбордук Азия өлкөлөрүнүн башчыларынын саммитинде «Борбордук Азиялык кызматташтык» уюмунун түзүлүшү жөнүндөгү келишимге кол коюлган. Бул кадам, сөзсүз Борбордук Азия өлкөлөрүнүн улуттук кызыкчылыгына жооп берет жана тынчтыкты, стабилдүүлүктү регионалдуу жана глобалдуу денгээлде камсыз кылууда маанилүү ролду ойнойт. 2005-жылы Борбордук Азиялык Кызматташуу Уюму Евразиялык шериктештик (ЕврАзЭС) болуп өзгөрүлгөн.

Ошентип, эгемендүүлук жылдары Кыргызстан менен Өзбекстандын эл аралык аренага активдүү чыгышы, өз алдынча тышкы саясатын динамикалык түрдө өнүктүрүү мезгили болуп калды. Кыргызстан жана Өзбекстан өздөрүнүн улуттук кызыкчылыктарына таянып бүткүл адамзаттык

баалуулуктарды эске алуу менен дүйнөлүк коомчулуктун толук укуктуу мүчөлөрү болуу менен бирге турмушунун ар кайсы чөйрөлөрүндө активдүү роль ойношууда.

## 1.2. Кыргыз Республикасы менен Өзбек Республикасынын ортосундагы мамлекеттер аралык мамилелери

Азыркы шарттарда суверендүүлүк жөнүндөгү маселе, мамлекеттин эгемендүүлүгүнүн сакталып калуусунда негизги принцип болуп эсептелинет. Суверендүүлүктүн принциптери интеграция процессине карама-каршы турбайт. Улуттук мамлекеттер жана алардын өкмөттөрү азыркы күндөгү проблемаларды өз алдынча чече алышпайт. Себеби бүгүнкү дүйнөлүк саясий кырдаал тыгыз кызматташууну талап кылууда. Бул кызматташтыктын сапатынан, көлөмүнөн жана анын өз мезгилинде ишке ашыруусунан биздин мамлекетибиздин келечеги көз каранды болот. Бул шарттарда саясий жана экономикалык интеграция өзгөчө мааниге ээ.

Ушуга байланыштуу Кыргызстан коңшу Борбордук Азия өлкөлөрү менен, анын ичинде Өзбекстан менен эки тараптык мамилелерди өнүктүрүүгө чоң көңүл бурууда. Биздин мамлекеттин тышкы саясатында Өзбекстандын өзгөчө орунга ээ экендиги бир нече факторлорго байланыштуу:

- Кыргыз жана өзбек элдеринин тарыхый тагдырынын бирдиги;
- диндин жана тилдин окшоштугу;
- маданияттын, рухий байлыктардын жакындыгы;
- алардын тышкы саясатынын негизги принциптеринин окшоштугу;

- аймактык коопсуздукту камсыз кылууда эки мамлекеттин кызыкчылыктарынын бири-бирине туура келүүсү;
- экономикалык интеграция процессинин күчөп жатышы, суу-энергетикалык ресурстардын, жайыттардын, транспорт коммуникацияларын (автоунаа жана темир жол) бирдикте колдонууга кызыкдар болуу, экономикалык байланыштардын өрчүшү, отун-энергетикалык комплексте, Кытай, Пакистан, Индияга б.а. Азиянын соода-өндүрүш борборуна, Тынч жана Индиялык океандын портторуна чыгууга мүмкүндүк берген трансулуттуу темир жолдордун курулушу ж.б.

Биздин эки мамлекеттин ортосунда дагы бир маанилүү окшоштук бар. Ал СССР тараганда эки өлкө тең башкаларга салыштырмалуу экономикалык жактан артта калган болучу. Мурунку бир кезде ишенимдүү көрүнгөн режим, экономикалык мамилелер менен жашоого мүмкүнчүлүк болбогондуктан, саясатта, экономикада олуттуу өзгөрүүлөрдүн керектигин ар кимиси ар кандай түшүнүп, бизди татаал жолдон өтүүгө мажбурлады. Саясий-экономикалык жана социалдык реформаларды ишке ашыруунун моделин тандап алып, Кыргызстан менен Өзбекстан алардын алдындагы максаттардын, маселелердин жана өз мамлекеттерин бейкутчулукка жеткирүү жолдорун изилдөөдө. Ар бир мамлекет тандап алган ар кайсы экономикалык жана саясий стратегиялары эки тараптык мамилелерге күчтүү таасир эткен. Кыргызстан борборлоштурулган башкаруу, либералдуу экономикалык реформаларын тандап алган болсо, Өзбекстан өз кезегинде протекционизм саясатын, бийликти бир кишинин колунда чогултуу максаттарын көздөгөн. Кыргызстандын лидерлери тез демократиялык реформалардын жолун туура көрдү, ал эми

Өзбекстандын бийлиги күчтүү мамлекет курабыз деп, аны диктатурага айландырып жиберишкен.

Мамлекеттүүлүк менен демократиялаштыруу маселелери боюнча айырмаланган көз караштарга карабастан, узак мөөнөткө созулган, бири-бирине пайдалуу кызматташтыктын керектиги ар дайым эки тараптын эң маанилүү проблемаларынын бири болууда. Тарыхый жактан эки элдин тамырлары ушунчалык туташкандыгына байланыштуу 1924-жылга чейин (улуттук бөлүнүүнүн башталышы) алардын арасында чек ара болгон эмес. Биздин элдер байыркы замандан бери чогуу жашап, тарыхтын айрым учурларында бир мамлекеттүүлүккө ээ болгон.

Кыргызстан менен Өзбекстандын оросундагы достук жана кызматташтык тууралуу биринчи Келишим эки өлкөнүн президенти тарабынан 1991-жылы 14-мартта Ош шаарында кол коюлган[14]. Анын мазмуну төмөндөгүдөй болгон: атуулдук эркиндиктер менен укуктарды камсыз кылууну, улуттар аралык жаңжалдарды болтурбоо, республикалардын территориалдык чек аралардын бузулбастыгын таануу жана урматтоо, Өзбекстандагы кыргыздардын, ал эми Кыргызстандагы өзбектердин жана башка улуттардын өкүлдөрүнүн жашоосун өнүктүрүү үчүн кам көрүү маселелери каралган. Ал мезгилде бул окуя биздин өлкөлөрүбүздүн турмушунда тарыхый мааниге ээ болгон. Ушул келишимдин кабыл алынышы мамлекеттер аралык деңгээлде эки элдин достугу менен туугандыгын бекемдөөгө реалдуу мүмкүнчүлүк түзгөн.

---

[14] *Каана Айдаркул* Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность. – Бишкек, 2002. – 283-б; Кырыгыз: Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви (мындан ары КР ПА) 1991. Ф.1. Оп.5. Д.17–2. Т.5. Л.8.

Кыргызстан менен Өзбекстан ортосундагы мамилелердин жаңы эрасы 1992-жылдын 12-майында Кыргызстандын Өзбекстандагы атайын толук ыйгарымдуу өкүлчүлүгүнүн ачылышынан кийин башталган. 1993-жылдын февраль айында Кыргыз Республикасынын президентинин жарлыгы менен ал элчиликке айланган. Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик структуралары, Өзбекстанда аккредитациядан өткөн КМШ жана алыскы чет элдик өлкөлөрдүн элчиликтери, кыргыз диаспорасы менен мамилелери бекемделип, чыңдалган.

1992-жылдын 29-30 сентябрында эгемендүү Кыргызстандын президенти А.Акаевдин Өзбекстанга биринчи расмий визити болгон[15]. Бул визиттин өзгөчөлүгү, анын эки республиканын эгемендүүлүгүнүн бир жылдык маарекесин белгилегенден кийин өтүшүндө. Кеңейтилген курамдагы эки тараптык-сүйлөшүүлөрдө өнүгүүнүн перспективаларын талкуулашып, саясий-экономикалык маданий чөйрөлөрдөгү эки тараптык кызматташуунун негизги багыттары белгиленген. Бул расмий визиттин дагы бир өзгөчөлүгү, эки жаш эгемендүү тууган республикалардын арасында тарыхта алгачкы ирет достук, кызматташтык жана өз ара жардам берүү жөнүндөгү эл аралык документке кол коюлгандыгында турат. Бул документ, эки мамлекеттин ортосундагы мамилелердин укуктук базасын түзүүгө жана өнүктүрүүгө негиз салган.

Визиттин жүрүшүндө, жогорку келишимден тышкары, эки өлкөнүн өкмөттөрү тарабынан соода-экономикалык кызматташуу жөнүндөгү Келишимге да кол коюлган.

---

[15] КР ПА 1992. Ф.1. Оп.5. Д 15-1. Т.2. Л.76.

1991-жылдын март айындагы эки коңшу мамлекеттердин башчыларынын жолугушуусу Достук жана Кызматташтык жөнүндөгү Келишимге кол коюу менен жыйынтыкталган. Ал мезгилде кабыл алынган эң маанилүү документтердин бөлүгү экономикада, иш сапарларда, маданий байланыштарда кызматташууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү берген. Бирок, ал мезгилден бери бир топ өзгөрүүлөр болгондуктан, 1991-жылы мартта Ош шаарында кабыл алынган айрым келишимдер өз күчүн жоготкон.

Эки өлкөнүн ортосундагы мамилелердин солгундашы Кыргызстанда сомду киргизүү менен түздөн түз байланыштуу болгон. Эгер кыргызстандын түндүгүндө жаңы улуттук валюта өзгөчө кыйынчылыктарды туудурбаган болсо, Өзбекстан менен чектеш болгон түштүк аймагында сомду ишке киргизүү бир топ кыйынчылыктарды жараткан. Ал өз ара эсептешүүлөр процессин токтоткон. Өзбекстандан сырьелордун алынып келишинин токтотулушу көптөгөн өндүрүш ишканалардын убактылуу жабылышына алып келген. Газдын келиши токтотулуп, автомобиль жолдорунда башаламандык болуп, энергетикалык айырбаштоо тууралуу талаш тартыш курчуп кеткен...

1993-жылдын 17- августундагы жолугушууда президенттер бир нече жолу жогоруда аталган проблемаларга токтолуп, кыйынчылыктардын болгонун тастыктап, алар макулдашуу жолдору аркылуу чечилээрин билдиришкен. Ошондуктан Оштогу сүйлөшүүлөр эки тараптуу мамилелердин жандануусуна алып келиши керек эле. Ал жолугушуулар негизинен бири бирин түшүнүү жолу менен өтүп, жыйынтыкта оптималдуу чечимдердин кабыл алынышына алып келген. Бирок кээ бир маселелер чечилбей калган, ал эми башка

документ Кыргыз Республикасы менен Өзбек Республикасынын 1994-2000-жылдарга чейин экономикаларынын интеграциялоо процессин өнүктүрүү жана кеңейтүү Декларациясы кабыл алынган. Бул документте өзгөчө басым клирингдин негизинде өз ара төлөмдөрдү кабыл алуу системасына коюлган.

Экономикалык бир топ маанилүү маселелер биргелешип чечиле тургандыгы билдирилген. Декларацияда төмөнкүлөр айтылган: «1994–2000-жылдар аралыгында КР жана ӨР экономикаларынын интеграциясын терендеши турмуштун маанилүү кызыкчылыктарынын чөйрөсү болуп саналат. Ал ар кандай продукцияны чыгарган эл чарбасынын тармактарынын өнүгүшүн күчөтүүсүнө илимди талап кылган өндүрүштөрдө, экспорттук потенциалды көбөйтүү үчүн кооперациялоого, үчүнчү өлкөлөрдөн сырье менен продукциянын алып келинишинен көз карандылыкты кыскартуусуна багытталган[16].

Кабыл алынган документ экономикалык чөйрөдө бирибирине туура келген кызматташууну, интеграцияга дем берип, саясий, маданий ж.б. чөйрөлөрдө байланыштарды жакшырткан.

Регионалдуу экономикалык интеграциясынын мындан ары өнүгүшүндө жана калыптануусунда маанилүү ролду 1994-жылдын 16-январында болуп өткөн Өзбек Республикасынын президенти И.Каримовдун Кыргыз Республикасына расмий сапары ойногон[17]. Анын жүрүшүндө бир нече маанилүү эл аралык келишимдерге кол коюлган. Алардын эң маанилүүсү, Казакстан менен Өзбекстандын ортосундагы бириккен

---

[16] Слово Кыргызстана. – 1993. – 20-август.
[17] КР ПА. 1994. Ф.1. Оп. 5. Д. 08-2. Л.66.

экономикалык чөлкөмдү түзүү жөнүндө Келишимге Кыргызстандын кошулушу болуп эсептелинет. 1994-жылдын 1-февралынан тарта бүтүндөй бажы тоскоолдуктарын азайтуу, макулдашылган экономикалык саясат жүргүзүүлөрү жөнүндө айтылган. Өзбекстандын президентине Борбордук Азия өлкөлөрүнүн арасындагы жылуу мамилелердин түзүлгөндүгүнө кошкон чоң салымы үчүн, рухий дүйнөнүн кайра жаралуусуна көмөк көрсөткөндүгү үчүн «Руханият» эл аралык ассоциациясы тарабынан түзүлгөн «элдердин арасында тынчтык жана биримдик» сыйлыгы ыйгарылган.

1995-жылы 4-декабрда Андижанда Кыргызстан менен Өзбекстандын президенттери кайрадан жолугушкан. А.Акаев менен И.Каримов Борбордук Азия экономикалык чөйрөсүндөгү эки өлкөнүн кызматташуусуна тиешелүү маселелерди талкуулашкан. Алардын арасында Кыргызстандын Ош, Жалалабат областарына газ жеткирүү, Асака автозаводу «УзДЭУ авто» үчүн унаа тетиктерин ж.б. Кыргызстандан чыгаруу, өз ара төлөмдөр маселелерин ж.б. Андан соң президенттер Андижан облусундагы Асаке шаарындагы Түштүк Кореялык «ДЭУ» фирмасы тарабынан курулган автоунаа заводуна барышкан[18].

А.Акаевдин Андижанга карай иш сапарында, КР премьер-министри Апас Джумагуловдун Өзбекстанга боло турган расмий визитинин максаты жана негизги маселелери аныкталган. 1996-жылы 4-5-сентябрында болуп өткөн сапарда Кыргызстан менен Өзбекстан тарабы менен 100 млн. куб. метр көлөмдөгү газдын салыштырмалуу арзан баада жеткирилиши тууралуу макулдашууга жетишилген[19]. Мындан

---

[18] *К.Айдаркул.* Аталг. чыг. – 286 -б

[19] КР ПА. 1996. Ф.1. Оп. 5. Д.08-3. Т.17-6. Л.43.

тышкары инвестицияларды коргоо жана аны колдоого алуу жөнүндөгү Келишимге кол коюлган. Ага ылайык чарбалык коомдордун, банктардын, кепилдик берүүчү уюмдардын ж.б. катышуусу менен инвестиция тартуу, жаңы ишканаларды түзүү каралган. Өндүрүш кооперациясы боюнча Келишимге кол коюлган, ар кандай менчикте болгон ишканалардын түздөн түз өндүрүштүк байланыштарына мүмкүнчүлүк түзүү каралган. Жолугушууда эки республиканын транспорттук байланыштарына өзгөчө көңүл бурулган. Байланыш чөйрөсүн активдештирүү үчүн аба жолдору чөйрөсүндө кызматташуу, эл аралык автоунаа байланышы жөнүндөгү Келишимге кол коюлган[20].

Билим берүү тармагында эки тарап тең эки элдин достугун бириктирген, өсүп жаткан муунду ийгиликтүү тарбиялап жаткан, Кыргызстан менен Өзбекстан үчүн чыныгы интернационалисттерди даярдаган Ош шаарындагы кыргыз-өзбек университетинин маанисин жана ролун белгилей кетишкен.

Эки тараптын кызматташуусун мындан ары өнүктүрүүдө 1996-жылдын 24–25 декабрында КР Президенти А.Акаев президент И.Каримовдун чакыруусу боюнча Өзбекстанга официалдуу визити чоң роль ойногон. Эки мамлекет башчыларынын жолугушуусунда бир катар маанилүү эл аралык документтерге кол коюлган. Эки республиканын президенттери КР менен ӨР ортосундагы түбөлүк достук жөнүндөгү тарыхый Келишимге кол коюлган[21].

---

[20] *Сыдыков Б.* Кыргызстан-Узбекистан: пять лет сотрудничества, равных десятилетию. – Ташкент, 1998. – 41-б.
[21] [21] КР ПА. 1996. Ф.1. Оп. 5. Д 17–3. Л.107.

Мындай документ КМШ өлкөлөрүнүн ичинен эң алгачкы ирет кабыл алынган. Мындан тышкары аскер чөйрөсүндөгү, соода-экономикалык, илимий-техникалык жана маданий кызматташуу багытында бирдиктүү кыргыз-өзбек өкмөт аралык комиссиясын түзүү боюнча протоколго, укуктук жардам жана атуулдук, үй-бүлөлүк, кылмыш иштер боюнча эки республиканын эки өкмөтүнүн ортосундагы Келишимге ж.б. 20дан ашуун документтерге кол коюлган.

Өзбекстан Кыргызстан менен эркин соода жүргүзүү жөнүндө Келишимге кол коюлган. Ал келишимде өзгөчө жеңилдиктер каралган. Мындан тышкары биздин республикага табигый газдын алынып келиниши боюнча маанилүү документке кол коюлган. Биздин Республикадагы татаал кырдаалды эске алып, Өзбекстан жыл сайын минималдуу баада 500 млн. куб. метр газды жиберүүгө макул болгон.

Кыргыз Республикасынын элчилигинин жана иматынын Ташкент шаарында расмий ачылышында мамлекеттик башчылары биздин элдерибиздин арасындагы түбөлүк достук менен тууганчылыгы жөнүндөгү кол коюлган документтерди иш жүзүнө ашырууда бул элчилик маанилүү ролду ойнооруна үмүттөрүн билдиришкен[22].Эки мамлекеттин президенттери Кыргыз Республикасы менен Өзбекстан Республикасынын ортосундагы түбөлүк достугу жөнүндөгү Келишимге кол койгондон соң өлкөлөрдүн экономикалык, илимий-техникалык жана маданий кызматташуунун фундаменти негизделген.

Ушул эле учурда Өзбекстандагы Кыргыз Республикасынын элчилиги Олий Мажлистин жетекчилиги менен парламенттик делегациялардын бири бирине (Ташкентке жана

[22] КР ПА.1996. Ф.1. Оп. 5. Д.17-5. Л.89.

Бишкекке) иш сапарларды уюштурууга мүмкүнчүлүгүн талкуулоо маселесин туура көргөн. 2006-жылы бул маселе боюнча Олий Мажлистин төрагасы Э.Халилов менен эки республиканын парламенттик делегациясынын жолугушуусу туралуу ой пикир алмашуу өткөн. Кыргызстандык парламенттик делегациясынын Өзбекстанга боло турган расмий сапарын Ташкентте өтө турган «Регианалдуу коопсуздук жана Борбордук Азия менен Кавказдагы саясий, экономикалык, социалдык жана гуманитардык маселелер» семинарда жана Парламенттик ассамблеянын Бюросунун (ОБСЕ) кеңейтилген отурумунда биротоло катышып кетишин көздөп 1997-жылдын сентябрь айынын үчүнчү декадасына белгиленген.

1997-жылдын 22-сентябрында Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин чакыруусу боюнча Жогорку Кенештин эл өкүлдөрү жыйынынын төрагасы А.Матубраимов баштаган Кыргыз Республикасынын парламенттик делегациясы Ташкентке келишкен[23]. Өзбекстандын Олий Маажлисинин төрагасы Э.Халилов менен жолугушуу өткөн. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө эки тарап, эки коңшу элдердин парламенттер аралык мамилелерди өнүктүрүү, байланыштарды чыңдоо жана башка актуалдуу маселелер тууралуу ой-пикирлери менен алмашышкан. Жолугушуу учурунда пикир алмашууну талап кылгын маселелердин кеңири тобу тууралуу кеп болгон. Анын себеби, укуктук актыларын кабыл алуусунда экономикалык жана маданий жактан өнүгүп келе жаткан процессине карама каршы болбой, көмөк кылуу болгон.

1997-жылдын 23-сентябрында Кыргызстандын парламенттик делегациясын президент И.Каримов кабыл алган.

[23] *Чотонов У*. Кыргызстан по пути суверенитета. – Бишкек, 2007. – 334-б

Кыргызстанда өтүп жаткан позитивдүү процесстердин, ага парламенттин жаңы составынын катышуусун белгилей кетип, эки республиканын парламентинин, эки элдин арасындагы байланыштарды өнүктүрүүдө жана ал үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр бардыгына токтолуп кеткен. Аларды иш жүзүнө ашыруу эки элдин ар тараптуу мамилелерин бекемдөөгө алып келе тургандыгын да белгилеп кеткен. Ташкентте өтүп жатан Европалык Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун парламенттик ассамблеясынын форумуна катышуу Борбордук Азия өлкөлөрүнүн арасындагы достук менен биримдик мамилелеринин өнүгүп, бекемделип жаткандыгына дагы бир жолу күбө болуп жатат», – деп белгилеген И.Каримов[24].

Бул мамлекеттердин эки тараптуу парламенттин арасындагы мамилелердин байланышын негиздеп кеткен Кыргызстандын парламенттик делегациясынын Өзбекстанга болгон алгачкы расмий сапары болгон. 1998-жылы 30-ноябрда КР президенти А.Акаев Ташкентке кайрадан расмий иш сапары менен келген. Анын жүрүшүндө эки мамлекеттин ортосунда төмөнкү документтерге кол коюлган:

- 1996- жылы Ташкентте кол коюлган КР менен ӨР ортосундагы түбөлүк достук Келишимди ратификациялоо жана грамоталар менен алмашуу Протоколу;
- КР менен ӨР ортосундагы аскердик чөйрөсүндө кызматташуу Келишимди ратификациялоо жана грамоталар менен алмашуу Протоколу;
- КР менен ӨР ортосундагы атуулдук, үй-бүлөлүк жана кылмыш иштер боюнча укуктук жардам жана укуктук

[24] *Сыдыков Б.* Аталг.чыг. – 52-б

мамилелер Келишимди ратификациялоо жана грамоталар менен алмашуу.

Эки тараптык сүйлөшүүлөрдө кыргызстандыктар үчүн маанилүүсү биздин республиканы газ менен камсыз кылуу маселеси болгон. Өзбек газынын өлчөмү 200.000 куб. метрге көбөйүп жалпысынан 1 млрд. 200 мин куб. метр түзөөрү, анын баасы жөнүндөгү маселе да чечилген[25].

1 миң куб. м. 85 АКШ долл. түзгөн дүйнөлүк баада Өзбекстан биз үчүн газды 50 долл. берүүнү чечкен. Кыргызстан үчүн өз ара эсептешүү системасы да ыңгайлуу болгон. Газдын 60% төлөмү товар аркылуу, ал эми 40% акчалай (АКШ долл.) төлөнөөрү макулдашылган. Буга чейин бул ченем 50х50 болгон. Бирок, 1999-жылдын апрель айында Өзбекстан Кыргызстанга газды жөнөтүүнү токтоткондон кийин, газ проблемасы кайрадан пайда болгон. Көп жылдан бери Кыргызстанга газ берүү КР менен ӨР өкмөттөрү арасындагы эки келишимдин негизинде жүргүзүлгөн. Суу энергетикалык ресурстары боюнча биринчи келишимдин аткаруучусу «Кыргыз энерго» болгон[26].

Бул келишимге 1999-жылы кол коюлбагандыктан 2-апрелде Кыргызстанга газ берүү токтотулган[27]. Ошол жылдын январь айында, төлөмдүн чоң карызына байланыштуу экинчи, табигый газды жөнөтүү жана экономикалык кызматташуу жөнүндөгү Келишим боюнча газдын берилиши токтотулган.

Өзбек газын кыргызстандыктарга жеткирүү маселеси 1999-жылы чечилиши керек эле. Ал кезде КР премьер министри А.Муралиев баш болгон өкмөттүк делегациянын

[25] КР ПА.1998. Ф.1. Оп. 5. Д.17- 1. Т. 2. Л.23.
[26] Ошол эле. Л.28.
[27] Слово Кыргызстана. – 1999. – 15 апрель.

официалдуу визити жасалган. Бирок сүйлөшүүлөрдүн өтүшүндө бул маселе чечилген эмес[28]. Биздин Республикага газдын берилиши буга чейин топтолгон карыздын төлөнүшүнөн кийин гана башталаары билдирилген. Кыргызстан тараптын эки өлкөнүн ортосундагы автомобиль жана автобус катнашынын жандандыруусу жөнүндөгү сунушу да ишке ашкан эмес. Туруктуулук жана коопсуздук жаатындагы сүйлөшүүлөр жемиштүү өткөн. Эки тарап тең «баңгизаттын мыйзамсыз таралышына каршы кызматташуу», «кылмыштуулукка каршы күрөштө кызматташуу» Келишимдерге, «Элдин камсыздануу жана социалдык коргоо маселелери боюнча маалымат берүү чөйрөсүндө кызматташуу тууралуу» ведомстволор аралык келишимге, эки тараптык кызматташуу боюнча Протоколго кол коюлган. Акыркысы өкмөт аралык комиссиянын бирдиктүү аракеттердин негизги документи болуп калган.

Жалпысынан алганда, кабыл алынган документтер эки республиканын арасындагы мамилелердин өнүгүшүнө, эки өлкөдө гана эмес, бүткүл региондо коопсуздук, стабилдүүлүктү камсыз кылууда эки өлкөнүн биргелешип аракет жасоосуна мүмкүнчүлүк берген.

Белгилүү болгондой баңгизатка каршы күрөш азыркы учурда глобалдуу мүнөзгө ээ болуп калды. Бул багытта биргелешкен аракеттер мурдаттан бери эле болуп жаткан. Ал эми азыр болсо, бул мамилелер, аны менен кошо кылмыштуулукка каршы күрөш да юридикалык түрдө бекемделген. Социалдык коргоонун чөйрөсүндө ведомство аралык келишим эки республиканын ортосунда тажырыйба алмашуу,

---

[28] Ошол эле.

конкреттүү иш аракеттерди жүргүзүүгө багытталган. Ведомство аралык денгээлде жана элдик дипломатияны күчөтүүгө аракеттерди жасоо керек экендиги белгиленген.

2000-жылы Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы эки тараптуу мамилелер позитивдүү түрдө өнүктү. Ошол жылдын 21-апрелинде Ташкентте өтүп жаткан Борбордук Азиянын төрт өлкөсүнүн мамлекет башчыларынын жолугушуусунда, саясий, диний экстремизм жана башка коркунучтарга каршы бирдиктүү аракеттерди көрүү боюнча Келишимге кол коюлган. Эки өлкөнүн президенттери бетме бет жолугуп, кыргыз-өзбек кызматташуусунун маселелерин талкуулоого мүмкүнчүлүк алышты. 2000-жылдын 3-июлунда КР тышкы иштер министри К.Иманалиевдин Өзбекстанга алгачкы расмий визити болуп өткөн[29]. Ал ӨР премьер министри У.Султанов менен жолугушуп, соода-экономикалык кызматташуунун суроолорун караган. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө мамлекет аралык жүк ташуу, суу энергетикалык кызматташууда эки тарапка тең ылайык механизмдердин кабыл алынышы тууралуу келишимге жетишилген. Эки тараптуу кызматташуу маселелери боюнча, эл аралык саясат тууралуу пикир алмашууболуп өткөн. Официалдуу Ташкент өлкөнүн арасындагы эки тараптык кызматташууну өнүктүрүп, чындоо үчүн эки өлкө башчыларынын жолугушуулары маанилүү ролду ойноору белгиленген.

Биздин элдерибиз ар дайым бир жана өз кызыкчылыктарын биргелешип коргоого даяр экендигин төрт мамлекеттердин башчыларынын 2000-жылдын 20-августундагы

---

[29] КР ПА.2000. Ф.1. Оп. 5. Д.17-3. Т.4. Л.56.

Бишкекте өткөн жогорку денгеелдеги жолугушуусу жана А.Муралиевдин Өзбекстанга боло турган визити тастыктаган.

Эки тараптын экономикалык кызматташуусунда өзгө-чө ролду ӨР президенти И.Каримовдун 2000-жылдын 26–27 сентябрында Кыргызстанга жасаган визити ойногон[30]. Газга коюлган тарифтердин 55 долл. (мин куб. м. үчүн) 40–42 долларга түшүрүлгөн. Мындан тышкары жүктөрдү өзбек территориясы аркылуу өткөрүү боюнча транзиттик тарифтер (алар 300 долл. Түзгөн) алынган. Кыргызстандык товарлар үчүн бажы салыктарынын (тамеки жана спирт ичимдик-теринен башка) өлчөмү түшүрүлгөн. Сапардын жүрүшүндө тараптар эки өлкө арасындагы кызматташууну мындан ары өнүктүрүүгө ниеттерин билдирип беш документке кол коюшкан. Алар:

- эки президенттин биргелешкен арызы аскердик жана аскер-техникалык кызматташуу жөнүндөгү келишим боюнча биргелешкен билдирүүсү;
- эки өлкө арасындагы консулдук Конвенция;
- эки өкмөттүн бажы иштери боюнча Келишим;
- сот экспертиза чөйрөсүндө юстиция министрлик арасындагы Келишим.

Сүйлөшүүлөрдө эки тараптык мамилелердин актуалдуу маселелери талкууланган: жаңы коркунучтарга ылайык регионалдуу стабилдүүлүктү, коопсуздукту камсыз кылуу, соода-экономикалык жана маданий-гуманиардык маселелер. Бул визиттин жыйынтыгы эки мамлекеттин арасындагы мамилелер жаңы консруктивдүү деңээлге чыкканын көрсөт-

---

[30] Ошол эле. Д.17-4. Л.79.

көн. И.Каримовдун сапары кыргыз-өзбек эки тараптуу кызматташуунун маанилүү этабы болуп калган.

2001-жылдын февраль айында Кыргызстанга иш-сапары менен Өзбек Республикасынын премьер министри У.Султанов келген[31]. Ал жакынкы күндөрдө Кыргыз Респуб-ликасы үчүн газды жөнөтүү боюнча АК «Кыргыз газ» менен «Узтрансгаз» ортосундагы контрактка кол коюу аземи боло тургандыгын жарыялаган. Кыргыз Республикага газды жөнөтүүсүнүн токтотулушунун себеби болгон газ түтүгүндөгү авария толугу менен жоюлуп, Чимкент-Бишкек-Алмааты газ түтүгүнө газ жиберилип жаткандыгын айтып кеткен. Ага карабастан, ал мезгилде КР премьер министри К.С.Бакиевдин айтымында, келечекте мындай абалга түшпөө үчүн үч республиканын өкмөтү көмүрдү казып алуу иштерин кеңейтүү жана Жалалабатдагы мунайзат иштетүү заводдо мунайзатты иштетүү өлчөмүн көбөйтүү үчүн иш чараларды көрүү тууралуу ниеттерин билдиришкен.

Газ маселеси суу менен тыгыз байланышта жүргөн. Суу энергетикалык ресурстар боюнча эки өлкөнүн арасындагы Келишим 2000-жылдын декабрь айында кабыл алынса да, пайда болгон маселелер ага коррективаларды түзөтүүлөрдү киргизүүнү талап кылган. Суунун аз өлчөмүнө карабастан Кыргызстан коңшу республиканы сугат суу менен камсыз кылаары тууралуу кеп болгон.

Суу жана отун-энергетикалык маселелер ар дайым эки өлкөнүн арасындагы түйшүктү жаратып келген. Өзбекстан кыргызстандыктар үчүн эң ири газ жөнөтүүчү өлкө. Ал эми Кыргызстан болсо Өзбекстанга, өзгөчө Фергана өрөөнүнө

---

[31]КР ПА.2001. Ф.1. Оп. 5. Д.17-4. Л.55.

суунун келишин колуна алган. Бир нече жылдар бою Өзбекстан акысын төлөбөгөнү үчүн газды жөнөтүүнү токтоткон. Кыргыз тарабы суу үчүн компенсацияны талап кылууда. Бирок, Өзбекстан Республикасы суу бекер болгон ресурс жана ага акы алынбашы керек деген ойдо турат.

Сүйлөшүүлөрдө соода-экономикалык мамилелердин келечегин талкуулоо маанилүү маселелерден болгон. КР премьер-министри К.Бакиевдин айтымында, акыркы мезгилде Өзбекстан тарабынан Кыргызстандан алынып келген товарларына акциз менен бажы тарифтердин киргизилишинин себебинен эки өлкөнүн арасындагы соода төмөндөп кеткени байкалат. У.Султанов өзгөчө биздин жүктөрдөн мыйзамсыз төлөмдөрдү алуу фактылар боюнча, бул маселелер тийиштүү ведомстволородо каралаарына убада берген. Мындан тышкары, республикалар арасындагы жеңилдетилген транспорттук катнашы тууралуу маселеси иштелип чыгышы тууралуу да кеп болгон. «Эгер сүйлөшүүлөр жаңы кыргыз өкмөтүнүн курамында өтсө анда бир топ маселелердин чечилиши алда канча тез жүрмөк» – деп белгилеп кеткен У.Султанов[32].

Бирок, буга карабастан эки премьер-министрлер тең өткөн сүйлөшүүлөрдүн конструктивдүүлүгүн белгилеп, анын жүрүшүндө азыркы учурга жана жакынкы аралыкка карата аракеттенүүдө жакшы демилге берилип кеткендиги тууралуу айтышкан[33].

2001-жылы 27-декабрында КР президенти А.Акаев бир күндүк сапар менен Ташкентке, ал жерде өтүп жаткан Борбордук Азия өлкөлөрүнүн мамлекет башчыларынын жолугушуу-

[32] КР ПА.2000. Ф.1. Оп. 5. Д.17-4. Л.12.
[33] Слово Кыргызстана. – 2001. – 27-февраль.

суна катышкан. Өзбекстан, Казакстан, Кыргызстан жана Таджикстан лидерлери регионалдык экономикалык өнүгүү жана эл аралык саясатынын, гуманитардык чөйрөдөгү кызматташууну тереңдетип, кеңейтүү боюнча маселелерди талкууга алган. Өзгөчө көңүл эл аралык терроризмге, экстремизмге, баңгизатты ташуунун күчөшү жана региондогу уюшулган кылмыштуулуктун башка формаларына биргелешип каршы туруу маселесине бурулган.

2002-жылдын январь айында Ташкентте Борбордук Азиялык шериктештиги чегинде Борбордук Азия өлкөлөрүнүн кезектеги жолугушуусу өткөн. КР президенти А.Акаев өзүнүн өзбек коллегасы менен кенен сүйлөшүүлөрдү өткөргөн. Алар эки тараптык соода-экономикалык кызматташуунун мурунку кабыл алынган келишимдердин жана милдеттемелердин аткарылышы тууралуу маселелерди талкуулашкан. Кыргызстан менен Өзбекстандын лидерлери региондогу коопсуздук маселелери боюнча ой бөлүшкөн. Региондо түзүлүп жаткан шарттарга байланыштуу негизги маселе стабилдүүлүкө каршы коркунучтарга биргелешип күрөш жүргүзүү керектигин билдиришкен. Алардын ою боюнча, бул максатта 2000-жылдын 21-апрелинде кабыл алынган терроризм, саясий жана диний экстремизм, трансулуттуу уюшулган кылмыштуулукка коркунуч туудургандарга каршы биргелешкен аракет жасоо Келишимдин ж.б. макулдашуулардын негизинде бүт күч аракетти жумшоо керек.

Чек арадагы талаш жерлерди суу, газ менен камсыз кылуу, соода жүгүртүүнүн көлөмүн көбөйтүү жана экономикалык кызматташуунун мындан ары өнүгүшү жөнүндөгү маселелер компромисс аркылуу чечилиши керектигин белги-

лешкен. Бул мөөнөттө эки өлкөнүн парламент аралык мамилелери өнүккөн.

2002-жылдын ноябрында Кыргызсандын парламенттик делегациясы Ташкентке официалдуу визит менен барган. Сапар негизинен ийгиликтүү өткөн. Кеп саясий жана экономикалык интеграция жаатындагы аракеттер тууралуу болгон. Президенттин аракеттерине депутаттар да кошулууну чечти.

2005-жылы Кыргызстанга жаңы бийликтин келиши ошол эле мезгилде кайгылуу Андижан окуялары Өзбекстанда тынчсыздануу менен кабыл алынган. Бирок, азыркы кыргыз бийлиги жалпысынан алганда тышкы курстун, аны менен кошо Өзбекстан менен болгон мамилелердин түзүлүшүнүн өзгөрбөстүгүн көрсөткөн.

Тышкы иштер министрдин орун басары Р.Отунбаева Өзбекстанга болгон иш сапарында Кыргызстан менен Өзбекстан эки тараптуу мамилелерге жаңы дем берүү тууралуу, соода-экономикалык, гуманитардык жана маданий кызматташуу жөнүндөгү маселелерди өкмөт аралык комиссиянын чегинде чечилиши жөнүндө макулдашып келген. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө тараптар май айынын аягына чейин өкмөт аралык комиссиянын кезектеги отурумун өткөрүү жөнүндө макулдашышкан. Анын жүрүшүндө Өзбекстан аркылуу жүктөрдүн транзити тууралуу ж.б. маселелердин каралуусу пландаштырылган. Өзбек тарабы Кыргызстанда өтүп жаткан саясий процесстерге түшүнүү менен карап, биздин өлкөлөрдүн арасындагы кызматташууну

мындан ары да өркүндөй беришине кызыкдар экендигин билдирген[34].

2000-жылдын 6-октябрында Россия Федерациясынын Санкт-Петербург шаарында биздин мамлекеттерибиздин башчыларынын Борбордук Азиялык кызматташуусу уюмунун мүчө-мамлекеттердин башчыларынын саммити өткөн. Жолугушуудан соң КР президенти К.Бакиев кыргыз-өзбек мамилелери тууралуу басма сөз каражаттарына билдирүү жасаган. Анда кыргыз тарабы диний экстремисттик күчтөрүнүн, анын арасында «Хизб-ут-Тахрир» ж.б. өсүп жаткандыгына Өзбекстан тынчсызданып жаткандыгына кошулаарына, эл аралык терроризм менен диний экстремизмге каршы биргелешкен иш чараларды көрүү керектиги тууралуу айтылган. Кыргызстан ар дайым терроризмге каршы ачык жана катуу позицияга ээ болгон жана эки тараптуу жана көп тараптуу (ШОС жана КМШ сыяктуу) кызматташууну кеңейтүүсүн колдогонун президент билдирген.

Кыргыз-өзбек чек арасында абалды стабилдештирүү боюнча кошумча чараларды көрүү керектигин Өзбекстан менен болгон соода-экономикалык байланыштарын Кыргызстандын тышкы экономикалык саясатынын маанилүү приоритеттердин (артыкчылык) бири экениндигин белгилеген. Президент Өзбекстан менен экономикалык кызматташууну тереңдетүүгө даяр экендигин, эки тараптуу мамилелер мындан ары өнүгүп, эки элдин көп кылымдуу достугу толук түшүнүү жана тең укуктун рухунда чыңдоого даяр экендигин билдирген. Бул учурда кайрадан газ маселеси ортого чыкты.

---

[34]Слово Кыргызстана. – 2005. – 26 апрель.

Ушуга байланыштуу 2005-жылдын ноябрь айында президент К.Бакиев менен И.Каримовдун ортосунда телефондук сүйлөшүү болуп өткөн. Анын жүрүшүндө АК «Узтрансгаз» менен ААК «Кыргызгаз» ортосундагы газ жеткирүү тууралуу сүйлөшүүлөрдү баштоого макулдашылган. Ушуга байланыштуу ААК «Кыргызгаздан» башкы директору И.Чудинов Ташкентке сапар тартып, АК «Узтрансгаздын» жетекчилиги менен ийгиликтүү сүйлөшүүлөрдү өткөргөн.

Бир жумадан кийин кол коюлуучу контракт боюнча 2006-жылы Кыргызстан 750 млн. куб.м. өзбек газын алмак, алардын 100 млн. Республиканын түштүк өрөөндөрүнө багышталган. Президент К.Бакиев Кыргызстандын финансы министрине өзбек газдын төлөмдөрүн өз мезгилинде жана толук төлөнүшүн катуу көзөмөлгө алуу маселесин койгон.

2006-жылдын 22-июлунда президент К.Бакиевдин Өзбек Республикасынын президенти И.Каримов менен жолугушуусу өткөн. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө эки өлкө башчы Борбордук Азиядагы жалпы абалды талкуулашып, эки өлкөнүн мамилелери жана мындан ары кызматташуу перспективалары тууралуу маектешкен. Акырында И.Каримов, К.Бакиевди Өзбекстанга расмий сапар менен келүүгө чакырган.

2006-жылдын 3-4-октябрында КР президенти К.Бакиевдин Өзбекстан Республикасына расмий сапары өткөн. Ал эки өлкөнүн ортосундагы достук мамилелеринин мындан ары чыңдалышына, тыгыз кызматташууга шарттарды түзгөн. Эки мамлекет лидерлеринин сүйлөшүүсүндө көп жылдан бери топтолуп калган курч маселелер талкууланган. Акыркы учурдагы эки тараптуу солгундаган мамилелерди кайрадан калыбына келтирүү, аны жаңы деңгээлге жеткирүү масселе-

лери каралган. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында К.Бакиев менен И.Каримов биргелешкен атайын билдирүүгө кол коюшкан. Мамлекет башчылары Борбордук Азия региондо интеграциялоо процессин тереңдетип өнүктүрүү үчүн маанилүү фактору болгон, эки мамлекеттин кызыкчылыгына туура келген ар тараптуу мамлекеттер аралык мамилелерин мындан ары өркүндөтүп, өстүрүшүнө ниеттерин билдиришкен.

Эл аралык терроризмге, диний экстремизмге жана региондогу стабилдүүлүк менен коопсуздукка коркунуч туудурган нерселерге бар болгон нормативдик укуктук актылардын чегинде биргелешкен аракеттерди жасоо тууралуу билдирүү жасашкан.

Өлкө башчылары чек аралардын бузулбастыгын, тараптардын территориялдык бүтүндүгүн сыйлоо негизинде мамилелерди өнүктүрүү принцибине бек экендигин билдирип, кыргыз-өзбек чек арасын делимитациялоо боюнча сүйлөшүүлөр жемиштүү деңгээлде өтүп жатканын билдиришкен. Атуулдардын өз ара катнашы жөнүндөгү Келишимге кол кою позитивдүү саясий резонансты берген. Бул келишим, чек арага чектеш жерлерде абалдын оңолушуна алып келип, атуулдарга 60 күнгө визасыз коңшу өлкөдө болууга мүмкүнчүлүк берген. Атуулдардын карым катнашы жөнүндөгү келишимге ылайык жана автоунаа байланыш менен транзит чөйрөсүндөгү кызматташууну терендетүү үчүн Кыргызстан менен Өзбекстан өкмөттөрүнө Кыргызстан менен Өзбекстан аркылуу өткөн жолдордун айрым жерлериндеги транспорттук каттоо шарттары жөнүндөгү келишимдин проектин карап чыгууну тездетүү буйругу берилген. Өкмөттөргө мындан тышкары регионалдык чек аралык байланыштарды мындан ары өнүк-

түрүүнүн укуктук негиздери боюнча чара көрүү аракеттери айтылган.

Сүйлөшүүлөрдүн өтүшүндө соода-экономикалык кызматташууну мындан ары өнүктүрүүгө чоң көңүл бурулган. Өтүп жаткан жылдын 6 айынын ичинде өз ара соода жүгүртүүнүн көлөмү 38,5% көбөйгөн. Бирок президенттер белгилегендей, соода-экономикалык кызматташуунун өсүшүнө карабастан алардын жалпы жыйынтыгы эки тарапты тең толук канааттандырбайт. Эки өлкөдө тең табигый кендерди иштетүүчү биргелешкен ишканаларды түзүү үчүн бир топ мүмкүнчүлүктөр бар. Транспортук коммуникация менен гидроэнергетикадагы болгон резервдер колдонуп келинген эмес. Бизнес тармагындагы ишкерлер менен түздөн-түз мамиле түзүүгө ар тараптуу көмөк көрсөтүү, дем берүүнүн керектигин эки тарап тең белгилеп кеткен. Эки тараптык кызматташуу боюнча өкмөт аралык комиссиясы өз ара кызматташуунун болгон мүмкүнчүлүктөрүн аныктап, аларды кеңейтүү тууралуу бул максатка тиешелүү чараларды иштеп чыгып кабыл алуу боюнча буйрук берүү жөнүндө макулдашылган.

Жогорку деңгээлдеги сүйлөшүүлөрдүн негизинде К.Бакиев менен И.Каримов басма сөз каражаттарына билдирүү жасашкан.

КР президенти К.Бакиев сүйлөшүүлөрдүн өтүшү жана жыйынтыкка ыраазы болгонун билдирди. Акыркы жылдардагы тышкы соода жүгүртүүнүн турукташканын белгилеп, соода-экономикалык чөйрөдө колдоно элек потенциал бар экендигин белгилеген. Кыргыз-өзбек чек арасындагы эки тараптын укук коргоо, чек ара, бажы жана атайын кызматчыларынын тиешелүү көзөмөл жүргүзүү үчүн биргелешкен

иш жүргүзүүсү керек экендиги тууралуу пикирге келишкендиги жөнүндө айтып кеткен.

Сүйлөшүүлөр эки тараптык байланыштардын негизги маселелери менен гана чектелбестен, эл аралык жана регионалдык уюмдардын чегинде да кызматташуу тууралуу пикир алмашуу болуп өткөн. Сүйлөшүүлөрдүн натыйжалары эки өлкөнүн бүт тармактарда тыгыз, өз ара пайдалуу кызматташтыкты өнүктүрүү, Кыргызстан менен Өзбекстан элдеринин кызыкчылыктарына жооп берген достук, туугандык мамилелерди чындоого эки тарап тең умтулаарын билдиришкен. Тараптар мамилелердин мындан жогору деңгээлде болушуна даяр экенин, кызматташуунун параметрлерин мындан ары тереңдетүүгө даяр экендиги айтылган.

Президент И.Каримов өз кезегинде КР президенти К.Бакиевдин алгачкы визити эки тараптык мамилелердин тарыхында маанилүү окуя катары каралаарын айтып кеткен. Бул визиттин жыйынтыктары эки элдин көп кылымдуу достугунун духун далилдейт, алардын тарыхый жакындыгын да жана келечекте биздин элдердин арасындагы кызматташуу эки тарапка тең ыңгайлуу негизде өнүгөөрү жөнүндө айтып кеткен[35].

К.Бакиев жана И.Каримов сүйлөшүүлөрдү конструктивдүү жана натыйжалуу катары мүнөздөшкөн. Бул Кыргызстан менен Өзбекстан ортосундагы кызматташуу менен коңшу мамилелеринин мындан ары чыңдалып, бекемделишине позитивдүү көмөк бериш керек.

Чындыгында эле Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы эки тараптуу мамилелердин тереңдеши үчүн бир

---
[35] Вечерний Бишкек. – 2006. – 4 октябрь.

топ мүмкүнчүлүктөргө ээ. Мамлекет аралык, регионалдык жана дүйнөлүк масштабдагы көптөгөн маанилүү маселелери боюнча тараптардын көз караштары дал келет. Бирок, өткөөл мезгилдин негизги процесстери эки мамлекетке тең жаңы проблемаларды жаратууда. Алардын аз убакытта чечилиши экономикалык, социалдык-саясий жана маданий кызмат-ташуунун өнүгүү темптерине байланыштуу. Алардын арасында кыргыз-өзбек чек ара маселеси өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

Адамзат цивилизациясынын өнүгүшү эл аралык укукта жарык көргөн гуманисттик принциптердин эл аралык мамилелерди куру зарыл экендигин түшүнүүсүнө алып келди. Алардын бири – мамлекеттик чек аранын кол тийбестиги жана бузулбастыгы. Бул принципти урматтоо – тынчтыктын сакталышынын зарыл шарты, бирок бул территориялык маселелердеги абсолюттук туруктуулукту билдирбейт.

«Кансыз согуштун» бүтүшү менен азыркы учурдагы коркунучтар идеологиялык жана аскердик-стратегиялык тирешүүдөн – локалдуу конфликттердин келип чыгуусу. Алар эскирип калган территориалдык тартышуу, конфессия аралык жана этникалык өзгөчөлүктөр, табигый ресурстардын колдонуу маселелери ж.б. байланыштуу.

Эл аралык мамилелер проблемалары боюнча адистер территориалдык пикир келишпестиктердин территориалдык тартышуу менен түшүндүрүшөт. Эгер конфликттин обьектиси (конкреттүү жер кесиндилери, чек аранын бөлүгү) жана предмети (колдонгон укуктук нормалар) дал келишпесе, анда бул территориалдык тартышуу эмес пикир келишпестик болуп эсептелинет. Территориалдык ой келишпестиктин мисалына чек аранын өтүшү тууралуу маселени айтса болот.

Айрым илимпоздордун ою боюнча, кээ бир учурда территориалдык пикир келишпестиктер мамлекеттик жана регионалдык мүнөзгө ээ болушу мүмкүн. Бул учурда мамлекетик деңгээлдеги сүйлөшүүлөрдүн жүргүзүлүүсү билдирилбейт, ал эми регионалдык болсо, чек арага жакын жайгашкан жашоочулардын же өзүнчө бир коомдук чөйрөлөрдүн наарзычылыгын билдирет[36].

Негизинен талаш-тартыштар жер тилкелеринин кимге таандык экенин жана чек аранын өтүшү жөнүндө болот. Мамлекеттик чек ара бул жердин бетинен өтүүчү сызык (кургак жерби, же суунун үстүбү, айырмасы жок) жана анын үстүнөн, аба катмарынын, жердин алдынан тушма туш өтүүчү сызыгы. Ал конкреттүү бир мамлекеттин башка мамлекеттен (же мамлекеттерден) бөлүнгөн чеги. Чек аранын туура эмес өтүшү келечектеги конфликттерге алып келиши мүмкүн[37].

Канчалык чек ара узак созулса жана коңшу мамлекет-тер канчалык көп болсо, ошончолук көп талаш тартыш жерлердин пайда болушу мүмкүн.

Белгилүү болгондой, чек аралык бөлүнүү жана ал жерлердеги тынчтыкты сактоо өтө кылдаттыкты талап кылуучу сезимтал маселелердин бири. Аталган маселелерди чечүүдө бир нече аскердик конфликттер болгонун биз дүйнөлүк практикадан билебиз. Ал өз учурунда, саясатка, экономикага ж.б. чөйрөлөргө зыянын тийгизген. Мурунку СССРдин көпчүлүк мамлекеттеринде да чек ара проблемалары арбын кездешет. Демилитация процесси бир канча жылга созулуп, ал эми өлкө-

[36]*Комиссина И., Курнов А*. Россия – Китай – страны Центральной Азии: к новому качеству международных связей // Центральная Азия и Кавказ. – №2. – 2004. – С. 176.
[37] Ошол эле.

лөрдө Советтер Союзунда административдик чек аралардын өзгөрүшү же чечилбей калып калгандыгына байланыштуу бир топ проблемалар пайда болгон.

Эки өлкөнүн ортосунан чек ара өткөрүү эл аралык мамилелердин эң сезимтал тарабы. Ал үчүн кылымдар бою иштелип чыккан эл аралык укуктун бир канча талаптарын аткарууну талап кылат. Мамлекеттер аралык кызматташуу боюнча негизги документтерде «территориалдык бүтүндүктү сактоо жана мамлекеттик чек аралардын бузулбастыгы» достук мамилелердин түзүлүүсүндө тараптардын жакшы ниетин билдирүүчү формуласы болуп калган.

Борбордук Азияда чек ара маселеси азыркы учурда региондун тышкы саясаты үчүн актуалдуу маселе катары каралган.

Кыргызстандын Казакстан, Өзбекстан жана Тажикистан менен болгон азыркы административдик чек ара 1924–1928-жылдардагы улуттар аралык жиктешүү мезгилинде түзүлгөн. Ал мезгилде Кыргыз Республикасы Россиянын составында кара-кыргыз автономиялуу областы катарында болгон, Казакстан болсо Кыргыз ССР деп аталган, ал эми Тажикистан болсо Өзбек ССРинин автономиялык областы болуп турган.

Чек аранын өтүүсүнүн, анын ичиндеги административдик бирдиктердин тизмеси менен ар бир республикага таандык 1925-жылдын 17-мартында Орто Азиялык ликвидкомдун отурумунда макулдашылып, бекитилген. Анын көрсөтмөсү жана райондоштуруу боюнча СССРдин БАКнын комиссиясынын чечими менен СССРдин Президиумунун БАКи бекиткен. Бир аз убакыттан соң, тигил же бул тараптардын өтүнүчү боюнча административдик чек араларга кээ бир өзгөртүүлөр киргизилген. Бул өзгөртүүлөр 1925-

жылдын 9-ноябрында РФ БАКнин токтому менен, 1926-ж. СССР БАКнин токтому менен, 1927-жылы СССР БАКнин токтому менен бекитилген. Бул документтердин негизинде чек аранын маалыматтары (чиймелери) жана Туркестан округунун штабынын согуш-этнографиялык бөлүмүнүн картасына түшүрүлгөн.

Чек ара жөнөкөй эки түрдө өткөрүлгөн. Улуттар аралык бөлүнүүнүн натыйжалары чек арага жакын жерлердин жашоочуларынын улуттук курамы, алардын жүргүзгөн чарбасынын жана экономикалык кызыкчылыктары эске алынбастан, бүтүндөй жаңы административдик түзүлүштөр-дүн башкаруучуларынын көптөгөн сураныччтары өз далалат-тары менен борборго, Москвага кайрылуусунун натыйжа-сында ишке ашкан.

Борбордук жана жергиликтүү паритеттик коммис-сиялар территорияга көп ирет өзгөртүүлөрдү киргизишкен, бирок баары тараптарды ыраазы кылган чечимдерге жетиш-кен эмес[38]. Архивдик материалдар жана чек ара тургунда-рынын айтымдары көрсөткөндөй айрым жер тилкелеринде чек аралык бир улуттуу айылдарды коллективдүү чарбасына бириктирүүнүн жүрүшүндө чек ара обьективдүү түрдө өзгөрүлгөн. Ошентип, территориалдык улуттук бөлүнүү боюнча комиссиялар тарабынан ката өткөрүлгөн чек ара маселеси табигый жол менен оңдоло баштаган.

Көптөгөн учурда Орто Азиядагы республикалардын ортосундагы чек араны өзгөртүү иш чаралар союздук министрликтердин жана республикалык органдардын чечим-дери менен, областтык жана райондук мамлекет башкаруу

[38] Республика. – 1999. – 20-апрель.

токтомдору менен, айрым колхоздор жана аларды башкаруучулардын макулдашуулары боюнча өткөн. Айрым учурларда коңшу республиканын чек арадагы чарбалары бири биринин жерлерин мыйзамсыз колдонуу фактылары да болгон.

Кайдыгерлик, шалаакылык, айрым учурда жетекчилер арасындагы адилетсиз макулдашуулар көптөгөн талаш жерлердин пайда болушуна алып келген.

Жогоруда айтылган себептерге байланыштуу биздин региондо ашыкча ийилген, шумдуктуу чек аранын өтүшү пайда болгон. Айрым участкалар Кыргызстандын негизги территориясына терең кирип кетип, анклавдык кесиндилерди жараткан. Союздук мезгилде орто азиялык республикалардын ортосунда чек ара тууралуу маселе бир нече жолу талкууланган. 1924-жылдан баштап кыргыз-өзбек, кыргыз-тажик өкмөттүк паритеттүү комиссиялардын тынымсыз сүйлөшүүлөрү жүрүп турган. 1955-жылы Кыргыз ССР менен Өзбек ССР инин жогорку Кеңештеринин президиумдары ортосунда республикалык чек аралардын тартыш маселелерин кароо боюнча макулдашууга жетишилген. Ошол эле жылы Кыргыз ССРнин Совет Министри Өзбек ССРнин Совет Министри эки республиканын ортосундагы чек араны орнотуу боюнча паритеттүү комиссиянын составын аныкташкан.

Түзүлгөн комиссия бүтүндөй картографиялык материалдарды карап чыгып, жер жерлерде экспликацияны өткөрүп, бүтүндөй тартыш маселелер боюнча бир ойго келишкен. Паритеттүү комиссиянын материалдары эки республиканын министрлер Советтери тарабынан каралып, бекитилген. (Кырг. ССРнин Совет министрлигинин 1955-жылдын 22-октябрындагы №497 токтому, Өзбек ССРнин Совет министр-

лигинин 1955-жылдын 3-августундагы №543 токтому)[39]. Эки республиканын өкмөттөрү паритеттүү комиссиянын бүтүндөй материалдарын аларды бекитүү үчүн Жогорку Кеңештерге өткөргөн. Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешинин Президиуму 1961-жылдын 30-мартындагы жарлыгы менен паритеттүү комиссиянын протоколуна жараша чек араны бекиткен.

Өзбек ССРнин Жогорку Кеңешинин Президиуму, көрсөтүлгөн материалдарды карап чыгып, Түндүк Сох өрөөнүндөгү участкалардан тышкары Өзбек ССРи менен Кыргыз ССРнин чек араларын туура өткөргөндүгүн далилдеген.

Тилекке каршы СССРдин Жогорку Кенешинин Президиуму бул Жарлыкты бекиткен жок, ал албетте бүгүнкү күндөрдө жогорку даражадагы эң татаал маселе. Ушундай чек аранын абалы менен биздин өлкө өзүнүн суверендүү жолунун башталышына чейин келди. СССРдин жоюлушу Борбордук Азияда улуттук мамлекеттердин пайда болушуна алып келди. 1993-жылдын август айында Казакстан, Россия Федерациясы, Таджикистан, Өзбекстан жана Кыргызстан ортосунда декларацияга кол коюлган. Ал боюнча тараптар чек аралардын кол тийбестигине жалпылай жоопкерчиликти алып барууда жана бул чөйрө тараптардын бирдиктүү маанилүү кызыкчылыгы катары каралаарын белгилеп кетишкен. Ошентип, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бардыгы официалдуу түрдө чек аранын бузулбастыгы принцибинде турууда[40]. Эгемендүүлүк бир биринен айырмаланган ар кайсыл улуттук, диний жана маданий топторду бир мамлекетке бириктирген. Бул нерсе чек араны кайрадан карап чыгуу үчүн регионалдуу конфликттерге

[39] КР ПА.2000. Ф.1. Оп. 5. Д.17-4. Л.93.
[40] Вечерний Бишкек. – 2005. – 13 май.

шарттарды түзөт. Мисалы Фергана аймагы кылымдар бою түзүлүп келген ар түрдүү этномаданий бирдик болбогондуктан, Совет мезгилинде Өзбекстан (Фергана, Андижан, Наманган областтары), Кыргызстан (Ош, Жалабад областтары) жана Тажикистан (Ленинабад областы) ортосунда бөлүнгөн. Чек ара башаламан өткөрүлүп, анын натыйжасында анклавдар пайда болгон. Борбордук Азия мамлекеттердин ортосундагы жасалма түрдө өткөрүлгөн чек ара дестабилдүүлүк ролду ойнойт. Бирок, мамлекеттердин официалдуу структуралары тарабынан бири-бирине эч кандай территориалдык дооматтары жок.

Республикалардын чек аралары этникалык чек аралар менен дал келбейт, ошондуктан келечекте конфликттердин себеби болуп калышы мүмкүн. Бул чөйрөдө айрым карама каршы-лыктар Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосунда белгиле-нип калды. Өзбекстандын калкы – Борбордук Азия өлкөлө-рүндө эң коп сандуу – 23 млн. киши. Абал, XX кылымдын орто ченинде башталган «демографиялык жарылуу» менен өрчүшүүдө. Азыркы күндө калктын өсүшү боюнча Өзбекстан дүйнөдө эң жогорку денгеелде: жыл сайын элдин саны 700 мин кишиге жетет. Калктын 70% 25 жашка чейинки жаштар, ал эми калктын жарымы 18 жашка жете элек. Өсүп жаткан өлкөгө жер жана суу жетпейт[41].

Кыргыз-өзбек чек араларындагы жер кесиндилери мамлекеттик чек арада үч башкы аспекттерге байланыштуу өрчүшүп кетүүсү мүмкүн:

- Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы чек аранын делимитация жана демаркациясы;

[41] *Волков И.В.* Аталг. чыг. – 77-б.

- талаш жер-суу маселелери;
- Кыргызстандын чек арасын коргоо жана күзөткө алуу[42].

Этникалык өзбектер ээлеген жерлер КР аймагына кээ бир жерлерде бир нече километрге чейин ичкериге кирип кетет. Бир улуттуу өзбек анклавдары (Сох, Шахимардан жана эки аты жок) XX кылымдын 30-жылдарынан бери биздин Республиканын Баткен областынын ичиндеги «аралдар» болуп калган. Алардын экөөсү, Сох жана Шахимардан, коомчулуктун өзгөчө көңүлүн бурууда. Коопсуздук жактан, Өзбекстан бул анклавдарды маанилүү стратегиялык жерлер катары карап, анклавдарды «чоң жер» менен байланыштыруу үчүн коридор алгысы келет.

Мамлекеттердин бардыгы өз ичиндеги анклавдарды жоюуга аракет кылып жатканына көңүл бура кетсек. Мунун себеби: анклавдар мамлекеттик байланыштарды солгундатуучу мамилелердин кыжырдануусун туудурган бир коркунуч б.э. Анклавдын статусу боюнча түйшүктөр чыгат, ал жерге коңшу өлкө өндүрүш ж.б. чыгындыларды жайгаштыруусу мүмкүн, ал өз учурунда башка мамлекеттин протестин пайда кылат[43].

Жалалабат, Ош областтарында Өзбекстан менен Кыргызстандын чек арасында 75ге жакын талаш жер тилкелери бар. Бул чек арадагы абалды татаалдаштырып турат. Биздин тарап сүйлөшүүлөрдө юридикалык күчко ээ болгон 1955-жылдагы паритетүү комиссиянын жыйынтыктарын жана андан кийинки өзгөртүүлөрүн негиз катары алууда. Өзбекстан болсо 1924–1928-жылдардагы улуттук - территори-

---

[42] *Волков И.В*. Аталг. чыг. – 78- б.
[43] АКИ press. – 2003. – №5–6. – 4-б.

алдык бөлүнүү жөнүндөгү материалдардын негизинде чек араны орнотууну талап кылууда. Бул өзүнчө сүйлөшүүлөрдө кыйынчылыкты туудурууда, бирок буга карабастан иш жүрүп жатат жана эки тарап талаш суроолор боюнча ыңгайлуу чечим издөөдө. Мамлекеттик чек аранын делимитация жана демаркация боюнча коңшу өлкөлөр арасында бирдиктүү өкмөттөр аралык комиссия түзүлгөн. Бирок акыркы жылдарда кыргыз-өзбек мамилелеринде негативдүү тенденциялар пайда болуп, акырындап өсүп жатат. Алгачкы ирет бул чек арадагы инциденттерге байланыштуу. Бул көрүнүш Кыргызстандын түштүк өрөөндөрүндөгү чек ара тургундарынын жана коңшу Өзбекстандын жашоочуларынын күнүмдүк турмушуна тоскоол болуп жатат.

Протекционизм жана жабык рынок жолун тандап алган Өзбекстандын экономикалык саясаты өзбек бийликтерин коңшу өлкөлөр менен болгон чек арасын бекемдөөгө мажбур кылган. 2000-жылы Өзбекстан Кыргызстан атуулдары үчүн визалык режимди киргизген. Кыргызстандын чек ара тургундары үчүн Өзбекстандын территориясына 100 км карай созулган сапарга жана транзиттүү өтүүгө уруксат берилген, ал эми узак сапарлар үчүн виза талап кылынууда. Натыйжада Кыргызстан да окшош визалык режимди киргизген. Бул чектөөлөр Фергана өрөөнүндө калыптанган соода жана социалдык карым катнаштарынын бузулушуна алып келди. Кылымдар бою болуп келген бай маданий алакалар эң төмөнкү деңгээлге жеткен. Чек аралык шаарларда консулдуктардын жоктугунан көптөгөн жашоочулардын нааразычылыгын туудурууда. Мисалга алсак азыркы талаптарга ылайык виза алуу үчүн Ош областынын тургундары (чек арага жакын 5 км. Аралыкта жайгашкан) Бишкекке барып келиши керек (600 км.

түндүктө), ал эми өзбек атуулдары болсо Андижандан Ташкентке (350 км. аралыкта) барыш керек.

1999-жылы эл аралык террористтерге каршы күрөшүү себеби менен өзбек тарабы Кыргыз Республикасынын айрым территорияларына жана Сох, Шахимардан анклавдардын айланасына миналарды жаткырышкан. Бул жергиликтүү жашоочуларга олуттуу коркунуч туудурууда. Мунун натыйжасында бир нече инцидент болуп бир нече адам каза болгон, бир топ мал жок болгон. Мыйзамсыз миналарды жаткыруу өзбек тараптын бир катар начар аракеттердин башталышы болуп калды. Өзбек Республикасынын чек ара, бажы жана башка органдарынын кызматкерлери Кыргызстан атуулдарына карата агрессивдүү мамиле кылып жатты. Кыргызстан атуулдарына карата өзбек аскерлердин ок атуу, курал жарактарын колдонуу боюнча фактылар өзгөчө тынчсызданууну туудурган. Негативдүү жана агрессивдүү кыймыл-аракеттер өзбек кызматкерлеринин кыргыз-өзбек чек арасындагы Кыргызстан атуулдарына карата болгон системалуу мүнөзгө ээ болду жана кыргыз-өзбек мамилелерине терс таасир кылууда. Кыргызстандын расмий бийликтери бул окуялар 1996-жылдын 24-декабрында кабыл алынган КР менен ӨР ортосундагы түбөлүк достугу боюнча келишимге туура келбей турганын билдирген. Бирок официалдуу Ташкент Кыргызстандын жетекчилеринин кайрылуусуна көңүл кош мамиле жасашкан.

2001-жылдын февраль айындагы Бишкектеги өкмөттүк сүйлөшүүлөрүндө өзбек делегациясы Сох анклавын Өзбекстандан болуп турган 10.000 гектар жерди өзбек юрисдикциясына өткөрүүнү же Өзбекстанга бул анклавды байланыштырган негизги автотрассаны берүүнү сунуштаган. Өзбек тарап сунуш кылган талаптар канааттандырылганда гана Кыргыз-

станга убактылуу токтотулган газ кайрадан бериле баштамак. Бул экономикалык блокаданын негизги элементи болгон. Бул сунуш кыргыз коомчулугунда негативдүү реакцияны пайда кылып, эки тараптык мамилелердин солгундашына алып келген. Бирок, 2001-жылдын 18-апрелинде Бишкекте өткөн кыргыз-өзбек өкмөттүк сүйлөшүүлөрүндө тараптар бири-бирин түшүнүү жөнүндөгү бүтүмгө келишкен.

256 км. аралыкка созулган эки мамлекеттин арасындагы мамлекеттик чек аранын өтүшү тууралуу проект дайындалганы тууралуу официалдуу түрдө кабарланган. Бирок аны менен кошо талаш жер кесиндилеринин тагдыры тууралуу эч кандай жыйынтык болгон эмес. Бир эле Баткен областында, эксперттердин айтымына караганда 100 жакын талаш-тартыш жерлер болгон. Мындан мурун, ӨР премьер-министри У.Султанов Өзбекстан Кыргызстандын айрым территорияларын аннексиялоону көздөбөйт деп айтып кеткен эле. Анын оюу боюнча талаш жерлердин тагдыры эки мамлекеттин кызыкчылыктарына ылайык чечилиши керек. Сох ж.б. өзбек анклавынын тагдыры өкмөттөр аралык комиссия тарабынан эл аралык укуктун талаптарына ылайык чечилиши зарыл экенин тараптар билдиришкен.

2001-жылдын 11-сентябрында АКШда өткөн террористтик актылардан кийин, качкындардын агымдарынын өсүшү миграцияны күчөткөн. Андан сырткары талибдердин талкаланышынан кийин ИДУ аскер күчтөрүнүн Өзбекстанга кайтып келүү коркунучу пайда болду. Официалдуу Ташкент бажы жана миграциялык режимдерди күчөткөндүгү чек ара аймактарынын тургундарынын кызыкчылыктарына катуу сокку урду. Бул болсо, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жетекчилерин чек аранын талаш тартыш жерлерин чечүү тууралуу

сүйлөшүүлөрдү активдештирүүгө чек ара, бажы, виза жана миграциялык режимдерди оптималаштырууга түрткү берди.

Сүйлөшүүлөрдүн негизинде 2002-жылда 450 км. аралыкка узарган кыргыз-өзбек мамлекеттик чек аранын өтүүсү боюнча проектке кол коюлган. Анклавдар боюнча ӨР президенти И.Каримов Сох анклавын Өзбекстанга каратуу логикага туура келген иш деп айткан. «Бул талап эмес, коңшу мамлекетке достук иретинде айтылган оң сунуш» – деп белгилеп кеткен И.Каримов өз демилгесине комментарий берүүдө[44].

Бирок чек ара өрөөндөрүндө абал кооптуу болуп турат. Татаалдык түйшүктөрдүн болушунда эмес, алардын чечилиши тууралуу узак мөөнөткө созулуучу эл аралык денгеелдеги механизмдердин жоктугунда. Эки мамлекеттин чек ара тургундарынын өз ара араздашуусунун негизги себептеринин бири бул чек арадагы ыңгайсыз коюлган посттор эсептелинет. Укук коргоо жана бажы органдарынын иш аракеттери көп учурда кыжырданууну пайда кылуунун негизги себеби болду. Ал эми өлкөнүн чек арадагы тургундарынын бири бири менен толук кандуу соода-сатык, турмуш-тиричилик ж.б. катнашууларга тоскоол болууда. Чек аралык инциденттеринин анализи көрсөтүп жаткандай, чек аралык конфликттердин негизги себептеринин бири жергиликтүү элдин чек арачыларга болгон жат мамилеси жана бажы, чек ара кызматкерлеринин кесиптик этикасынын жоктугу болуп саналат. Жергиликтүү тургундар менен бажы чек ара кызматкерлеринин арасындагы такай болуп жаткан чыр-чатактар чек арадагы этникалык топтордун арасындагы мамилелерге залакасын тийгизүүдө.

---

[44] КР ПА.2001. Ф.1. Оп. 5. Д.17-2. Л.32.

Албетте, бул мамлекеттин саясаты эмес, айрым адамдардын кылганы, бирок, натыйжада эки өлкөнүн мамилеси курчуп кетүүсү ыктымал.

2003-жылдын башында КР премьер-министири Н.Тана-ев Өзбекстан премьер-министри У.Султанов менен Киев шаарында өтүп жаткан КМШ өлкөлөрүнүн мамлекет башчыларынын формалдуу эмес саммитинде жолугушуу учурунда жакынкы кыргыз-өзбек эксперттер чек арадагы өткөрүүчү пункттардын жайгашуусу тууралуу консультацияларды өткөрүү тууралуу макулдашылган. Ошентип эки өлкө чек аралык жана бажы постторунун өз алдынча жабылбоосу үчүн, эки тараптын атуулдарынын чек арадан өтүшүн тартипке салууну ниеттеди. Тараптардын макулдашуусу боюнча Өзбекстан Кыргызстанга мина жаткырылган жерлеринин картасын берет. Белгилүү болгондой ал жерлерде бир нече жолу жарылуулар болуп, бир канча адам майып болуп, көзү өтүп кеткен. Эки мамлекеттин коргоо министрлери мина жаткырылган участкалар боюнча маселени жабаары тууралуу макулдашылган.

Бул макулдашууларга карабастан 2003-жылдын 23-февралында Баткен облусунун Күнгөйөтөк жеринде дагы бир инциндент катталган: Кыргызстан атуулу Шамшиев С. минага кабылып, алган жаракатынан көз жумган. Бул окуя боюнча КР тышкы иштер министри А.Айтматов Кыргызстандагы Өзбек Республиканын элчиси А.Салахитдиновко нота жөнөткөн[45]. Өзбек элчиси менен болгон маэгинде А.Айтматов кыргыз-өзбек чек арадагы жаткырылган миналардын кесепетинен кыргыз атуулдарынын жапа чегип жаткандыгы тууралуу өз

[45] КР ПА.2003. Ф.1. Оп. 5. Д.17-5. Т.2. Л.134.

тынчсызданyусун билдирген. Тышкы иштер министри айтып кеткендей, ушуга окшогон бир тараптуу аракеттер кыргыз-өзбек мамилелерине кооптуулукту пайда кылып, жергиликтүү калктын арасында терс реакцияны туудурууда.

2003-жылдын март айында Ташкентте эки өлкөнүн ортосундагы мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо маселелери боюнча кыргыз-өзбек өкмөттүк комиссиясы ишин баштаган. Биздин Республиканын делегациясын вице-премьер министр, ЕврАзЭСтеги Кыргызстандын атайын өкүлү Б.Мамбетов жетектеген. Бир эле мөөнөттө Кыргызстан менен Өзбекстан өкмөттөрүнүн арасындагы мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүүчү транспорттук каттамы маселеси боюнча эксперттик жана жумушчу топторунун жолугушуулары болуп өткөн.

Чек аралык өткөрүү пункттары тууралуу Келишимге кол коюу өлкөлөрдүн бир тараптуу иш чараларды колдонууга мүмкүнчүлүк бербөө, эки өлкөнүн атуулдарынын чек арадан өтүү эрежесин алардын кызыкчылыктарына ылайык жакшыртууну алып келмекчи. Мындан тышкары, кыргыз айылы Барак менен Карасуу районунун ортосундагы Өзбекстан аркылуу өтүүчү транспорттук байланышы тууралуу макулдашууга жетишилген[46].

2003-жылдын июнь айында КР премьер-министри Н.Танаев чек аралык маселелер боюнча өкмөттүк комиссиянын отурумун өткөргөн. Анда Кыргызстан менен кошуна өлкөлөрдүн арасындагы чек ара маселелери боюнча сүйлөшүү процессинин абалы каралган. Мамлекеттик чек аранын делимитациясы жөнүндө сүйлөшүүлөр Өзбекстан

[46] Вечерний Бишкек. – 2003. – 13-март.

Республикасы менен 2000-жылдын февраль айында башталган. Өткөн мөөнөттө делегациялардын 11, 28 жумушчу экспертерик топторунун жолугушуулары өткөн. Ал мезгилде кыргыз-өзбек чек-аранын 1357 километринен, 1035 км. аралыктын мүнөздөмө проекти түзүлгөн. Делегациялардын пленардык отурумдарында 677 км. бекитилген, ал эми 358 км кошумча эксперттик изилдөөгө жана жергиликтүү бийлик органдары менен кеңешүүнү талап кылган[47].

2003-жылдын 15-августунда болуп өткөн Кыргыз Республикасынын премьер-министри Н.Танаевдин Өзбекстанга иш сапарынын натыйжасында, мамлекеттик чек аранын делимитация процессинин мындан ары да улана бериши тууралуу макулдашууга жетилип, бул иштердин план-графиги кеңешилген. Тараптар кыргыз-өзбек чек арасынын келишиминин дайындалышын ар бир конкреттүү участканы терең жана так изилдеп чыгуунун негизинде улантуу керек экендигин мойнуна алышкан. Сүйлөшүүлөрдүн өтүшүндө өзбек чек арачылардын курал жарак колдонуп, айрым участкаларда мина жаткыруу боюнча маселелер каралган. Н.Танаев белгилегендей бул кыргыз-өзбек мамилелерин активдештирүүгө тоскоол кылууда. Өзбек бийликтери бул окуяларга башкача мүнөздөмө берүүдө, бирок, эки тараптык комиссия чек ара жана башка кызматтарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен дагы бир карап чыгууга макулдук берген. Өзбек Республикасынын премьер-министри мина жаткыруу маселесин карап чыгып ага жооп бере тургандыгын айткан. Ал мезгилде миналардан Кыргызстан, Тажикистан жана Өзбекстандын жарандары жалпысынан алганда 32 киши жапа чеккен. Өзбек

[47] КР ПА.2003. Ф.1. Оп. 5. Д.17-5. Т.3. Л.178.

тарабы мина жаткырылган жерлердин картасын берүүгө ниети жок болгондуктан, ага жаңы трагедиялардын болбошу үчүн чек аранын тургундарынын арасында түшүндүрүү иштерин өткөрүүнү суранышкан. Өз кезегинде, Н.Танаев өзбек кесиптештерине, Кыргызстан өз чек арасы аркылуу террористтик топторду өткөрбөстүгүнө убада берген. Сүйлөшүүлөрдүн өтүшүндө чек ара мамилелеринин калыптаануусу тууралуу ар тараптуу пикир алмашуулар өткөн[48].

2004-жылы мамлекеттик чек арада өткөрүү пункттарынын ачылышы кыргыз-өзбек өкмөт аралык комиссиянын алтынчы отурумунда көпкө жана тыкан иштелип чыккан. Натыйжада делимитация өткөн чек ара кесимдеринде 14 күзөт өткөрүүчү пункттар ачылган[49]. Кабыл алынган чечимге ылайык чек араны адамдарга жана автотранспортко эркин өтүү мүмкүнчүлүгү пайда болгон. Эл аралык кысымдан улам Өзбекстан мина жаткырган жерлерден миналарды алуу ишин баштаган.

2005-жылдын 2-мартында Өзбекстан Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Кыргыз Республикасынын Ташкенттеги элчилигине жөнөтүлгөн нотасына ылайык, Шахимардан анклавындагы мина жаткырылган жерлер миналардан бошотулгандыгы айтылган. Бирок, чек аранын башка жерлери дагы эле миналардан бошоно элек. Тарых көрсөтүп жаткандай, чек ара маселелеринин чечилбестиги мамлекеттер ортосундагы тирешүү менен талаштын негизги себептеринин бири. Чек аранын делимитациясы бири-бирине компромисске барууну талап кылат. Эгер Борбордук Азия чек араларынын картасына карасак, демографиялык, география-

[48] Слово Кыргызстана. – 2003. – 19-август.
[49] КР ПА.2004. Ф.1. Оп. 5. Д.17-8. Т.7. Л.23.

лык ж.б. өзгөчөлүктөрдү эске алганда, өлкөлөрдүн арасындагы чек ара маселелерин чечүүдө компромисс бир гана мүмкүн боло турган ыкма экени көрүнүп турат. Мамлекеттик чек араны орнотуу маселеси өтө сезимтал, кылдаттыкты талап кылат. Туура эмес чечилген чек ара маселелери кылымдар бою эки тараптык түйшүктүү проблемалардын булагы болуп калат. Ошондуктан, чек ара маселелери көптөгөн жылдар бою керек болсо, кылымдарга да созулуп кетет.

Келишимге киргизилген ар бир сөз таразаланып, коңшу мамлекет менен келечекте боло турган мамилелердин ар тараптуу өнүгүшүнө ылайык келтирилмекчи. Кыргызстан менен Өзбекстан чек аранын ушунчалык татаал өткөрүлгөндүгү жана эки тараптын тургундарынын көптүгүнө байланыштуу биргелешкен аракеттерди, конструктивдүү диалогду жана эл аралык укуктун колдонуусун талап кылат. Кыргыз Республикасынын жетекчилиги коңшу өлкөлөр менен тынчтык, толук кандуу экономикалык кызматташуу багытын тандап алган. Бул курсту ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын бийлиги аскердик чөйрөдө жана чек арадагы аскердик күчтөрдү кыскартуу боюнча беш тараптык келишимдердин демилгечилердин бири болду. Бул келишим Кыргызстан, Тажикистан, Казахстан, Россия жана Кытайдын арасында кабыл алынган.

КРнын президенти К.Бакиев 2006-жылдын 3–4–октябрында ӨРна расмий сапар менен барган.

Кеңейтилген чөйрөдөгү сүйлөшүүлөр эки өлкөнүн ортосундагы кызматташуунун келечеги тууралуу кеңири талкууну камтыды. Анда саясий, соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташуунун өз ара мамилелерине орчундуу көңүл бөлүнгөн. Бул сүйлөшүү-

лөрдүн негизинде бир катар ведомстволордун жетекчилери өз ара кызматташуунун документтерине кол коюшкан. Кол коюлган документтердин эң орчундуулары төмөнкүлөр болгон:

- КРнын Өкмөтү менен ӨРнын Өкмөтүнүн ортосунда эки өлкөнүн жарандарынын өз ара келип кетүүлөрү боюнча макулдашуу;
- 2006–2010-жылдарга КР менен ӨРнын ортосунда экономикалык, илимий-техникалык жана гуманитар-дык кызматташтыгы тууралуу Келишим жана Программа;
- Өкмөттүк байланыштар боюнча КРнын Өкмөтү менен ӨРнын Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашуу;
- КРнын Башкы прокуратурасы менен ӨРнын Башкы прокуратурасынын ортосунда укуктук жардамдар жана кызматташуу боюнча макулдашуулар;
- КРнын Өнөржай, тышкы соода жана туризм министрлиги менен ӨРнын Туризм комитетинин ортосунда туризм боюнча кызматташуу тууралуу макулдашуу[50].

Сүйлөшүү учурунда тараптар кыргыз-өзбек чек араларында көзөмөлдүктү тийиштүү деңгээлде камсыздоодо бажы, чек ара, укук коргоо органдары жана атайын кызматтардын биргелешкен координациялык аракеттерди жүргүзүүдө бир пикирге келишкендиктерине токтолгон. Сүйлөшүүлөр эки тараптуу кызматташтык менен гана чектелбестен, аймактык жана эл аралык кызматташтыктардын алкагында пикир алмашууларды жүргүзүү белгиленген.

[50] Эркинтоо. – 2006. – 6-октябрь.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, бул бөлүм боюнча төмөнкү жыйынтыктарды чыгарууга болот:

- Азыркы учурда Борбордук Азиялык регион геосаясий өзүнчө субьекти катарында калыптануу процессин өз башынан кечирүүдө. Региондун мамлекеттери ар кандай ички схемалар менен тышкы саясий мүнөздөмөлөргө ээ. Борбордук Азия региондун эл аралык мамилелери келечекте алгачкы ирет калыптанып жаткан экономикалык жана саясий байланыштар таасир этет.
- Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы 1990-жылдары тышкы саясий өнүгүүнүн негизи көп багыттуу дипломатия болуп калды. Финансылык, экономикалык, технологиялык ж.б. ресурстарынын чектелгендигине байланыштуу КМШ чегиндеги мурунку өнөктөштөр менен мамилелердин жаңы форматта түзүү зарылдыгы, андан сырткары дүйнөнүн ири мамлекеттери менен мамилелерди күчөтүүгө объективдүү түрткү берген. Бул процессте дүйнөлүк державалардын буга чейин жабык болгон геосаясий чөлкөмдү өздөштүрүү боюнча кызыгуусу да чоң ролду ойнойт.
- Аталган мезгилде Кыргызстан менен Өзбекстандын мамилелери начар өнүккөн. Анткени, регулярдуу түрдөгү экономикалык кысымдар, чек ара проблемалары эки тараптуу мамилелерге өз зыянын тийгизүүдө. Тараптар аталган маселелерди чечүү менен, пикир келишпестиктердин ырбап кетишине мүмкүнчүлүк бербөөгө аракет жасашууда.
- Өзбекстан (Казакстандан кийинки) Борбордук Азиядагы чоң өлкөлөрдүн бири жана региондун алдыңкы мамлекети болгусу келет. Көптөгөн эки тараптык маселелер боюнча ал катуу позицияга ээ. Кыргызстан чек ара

проблемалары, газ жеткирүү, суунун башкары-шына окшогон маселелер боюнча ар дайым Өзбекстан тараптан күчтүү кысымын сезип келген. Бул маселелер жакшы көңүл бурууну талап кылат, анткени алар эки тараптык мамилелердин динамикасын аныктап турат.

- Эки тараптуу өнүгүү жана коңшу мамилелерин бекемдөөдө кыргыз-өзбек мамлекеттик чек-арасынын делимитациясы тууралуу маселеге чоң маани берүүдө. 2000-жылы башталган мамлекеттик чек аранын дели-митациясы көптөгөн чек аралык маселелерди чечүү-сүнө алып келет. Бул процесс кылдаттыкты жана бири-бирин терең түшүнүүнү талап кылат.

# II БӨЛҮМ.

## Экономикалык байланыштар жана коопсуздук жаатындагы кызматташтык

### 2.1. Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы экономикалык мамилелери

Белгилүү болгондой СССР мезгилинде Орто Азия бир экономикалык регион катары каралган. Эмгектин регионалдык бөлүнүшүндө ал негизинен сырңлук база катары пайдаланылган. Көптөгөн материалдар жана азык-түлүктөр Россиядан ташылып келинген, ошондуктан, ага ылайык транспорттук жолдордун конфигурациясы түзүлгөн. Экономикалык байланыштарды түзүүдө тигил же бул республиканын административдик чек аралары эске алынган эмес. Аталган регионго кирген мамлекеттердин экономикасы бирдиктүү системага баш ийдирилгендиктен көз карансыздыкка жетишкен соң эң татаал экономикалык кырдаал пайда болгон. Анткени алардын өз алдынча жашап кетүүсүнө шарт жок эле.

Борбордук Азия мамлекеттеринин саясий эгемендүүлүккө ээ болуусу эл аралык кызматташууда жана регионалдуу интеграцияда, рынокко багытталган экономиканы курууда жаңы стратегиялык ыкмаларды иштеп чыгууну талап кылды.

Кыргызстан менен Өзбекстан аталган мезгилде эл аралык коомчулуктун катарына өнүгүп жаткан өлкөлөр катары киришти.

Эки республиканын тең экономикасы айыл чарба продукциясын өндүрүү жолуна багытталган (пахта, жүн, эт, сүт, тери, тамеки, кенаф, мөмө-жемиш ж.б.), жана өз продукциясын Россиянын борбордук райондорунун жеңил өнөр жайына жөнөтүп турушкан. СССРдин бирдиктүү элдик чарба

комплексинин саясаты «жалпы союздук» кызыкчылыктарды республикалардын, региондордун, чарба субөекттердин кызыкчылыктарынан жогору койгон.

Эгемедүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап Кыргызстан менен Өзбекстан, башка республикаларга окшош эле, экономикадагы оор абалга туш келген: өндүрүштүн төмөндөөсү, сырьелук тармактардын маанисинин күчөшү, өндүрүш структурасынын начарланышы, инфляциянын, бюджеттик дефициттин кескин өсүшү, республикаларга керек болгон продукциялардын импортунун өсүшү жана даяр продукциясынын экспортунун кыскарылышы ж.б. процесстер менен коштолгон. Бул шарттарда республикаларда кыска мөөнөттүн ичинде рынок экономикасына өтүү программасын иштеп чыгуу боюнча иш чаралар көрүлгөн. Анын стратегиясы жана методологиясы уламдан улам такталып турган.

Жаңы пайда болгон маселелерди өз алдынча чечүү жана дароо эле экономиканы экспортко багыттоо мүмкүн эмес эле. Ошондуктан, Кыргызстан менен Өзбекстан үчүн жалпы СССРдин республикалары үчүн экономикалык байланыштарды өнүктүрүү, анын мамлекеттер аралык адистештирүүсүн тереңдетүү, өндүрүштүн экспорттук базасын кеңейтүү зарыл болгон.

1994-жылга чейин, ар бир республика өз алдынча экономикалык кризистен чыгууга аракеттенишкен. 1994-жылы Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан бир экономикалык чөлкөмгө бириккен. Анын негизги себеби мурунку Союздун өндүрүш–экономикалык байланыштарынын кыйрашы эсептелинген.

Натыйжада Республика рынок шарттарына өтүү жолун өнөктөштөр менен үзүлгөн экономикалык байланыштарды

калыбына келтирүү аракеттери менен башталды. Андай шартта абалды татаалданткан дагы бир фактор болуп калктын негизги катмарынын рыноктук жактан сабатсыздыгы жана рынок экономикасы боюнча адистердин жоктугу эсептелинет. Булар биздин оюбузча Кыргызстандын экономикалык реформалардын алгачкы этаптары терең экономикалык кризиске алып келишинин негизги себептери болуп саналат.

1995-жылы Кыргызстанда инфляциянын орточо жылдык деңгээли 50% төмөндөгөн. Анын себептери төмөнкүчө болгон: республикада мамлекеттик буйрутма 1993-жылы жоюлган, ошол эле мезгилде улуттук эркин конвертациялануучу валюта киргизилген, ал эми 1994-жылы баалар бүтүндөй түшүрүлгөн.

Башкача айтканда, өткөөл мезгилдин алгачкы этабында Кыргызстан радикалдуу экономикалык реформаларга киришкен. Өзбекстанда экономикалык реформа рынок экономикасына акырындап өтүү жолунда жүргүзүлгөн. Бул Өзбекстанга инфляциянын өсүшүн бир деңгээлде кармап турууга мүмкүнчүлүк берди. Бул жерде реформа 1996-жылы, башкача айтканда жашоо фонду менен кичи ишканаларды менчиктештирүүсүнөн кийин аяктаган[51].

Натыйжада, Кыргызстанда жана Өзбекстанда рынок экономикасына өтүү экономикалык реформалардын биринчи этабы инфляциянын өсүү темптеринин токтолушу жана ички дүң продукциясын өндүрүүнүн төмөндөшү менен бүткөн. Ал эми экономикалык реформалардын экинчи этабында бул мамлекеттер өндүрүштүн төмөндөө абалынан чыгышкан, ички

[51] КР ПА. 1996 .Ф.1. Оп.5. Д.17-2. Т.6. Л. 74.

дүң продукциянын өсүшү башталган, ошону менен катар алар мамлекет тарабынан экономиканы башкаруу абалына жетишишкен. Ошентип постсоветтик мезгилде эки республика тең өз эгемендүү рынокторун, улуттук банктарын, улуттук валютасын чыгарышкан. Азыркы күндө алар негизги экономикалык өзгөртүүлөрдү аяктап өнүгүүнүн жаңы баскычына өтүштү. Алдыда бир канча татаал маселелер турат. Алардын чечилиши бир нече тышкы фактор менен аныкталууда. Акыркы жылдары эки мамлекет макроэкономикалык стабилдүүлүккө жетишти, кемчиликтери дагы эле жоюлбаса да, канааттандыралык бюджеттик саясатты жүргүзүүдө. Республикалар структуралык реформаларды жүргүзгөн, анын ичинде, экономикалык ишмердүүлүктө мамлекеттин ролу чектелген, менчиктештирүүнү өткөрүшкөн, жеке секторлорду ар кайсы өндүрүш системаларына кошушкан. Финансылык жана салык системалар ички ресурстарды мобилизациялоо максатында реструктуризациядан өтүүдө.

Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинде Кыргызстан өзүнүн экономикасынын либералдуулугу менен айырмаланат. Бул Бүткүл Дүйнөлүк Соода Уюмуна (ВТО) мүчө болуп кирүүгө мүмкүндүк берген. Азыркы учурда Кыргыз Республикасы Борбордук Азиядагы бул клубка мүчө катары кабыл алынган региондогу жалгыз өлкө. Географиялык жактан ыңгайсыз жана чектелген ресурстук базасына карабастан алгылыктуу демилгелер жана ачык саясат өлкөнүн экономикасынын өсүшүнө көмөк көргөздү. Бирок бүгүн коңшу мамлекеттердей эле, Кыргызстан төмөнкү маселелерди чечиши керек:

- 1990-жж. ишке ашырылган экономикалык жетишкендиктердин артыкчылыктарын консолидациялоо;

- өз рыногунун тышкы капиталга ачык болушун камсыз кылуу;
- жеке менчик ишмердүүлүгүн өнүктүрүү;
- мыйзамга ылайык иштөө.

Рынок мамилелеринин түзүлүшүнүн маанилүү шарттарынын бири болуп тышкы саясий байланыштарын өнүктүрүү эсептелинет. Ал эки тараптык соода экономикалык кызматташуу жана эл аралык экономикалык жана финансылык институттардын багыты боюнча байланыштар.

Интеграциялык процесстерде маанилүү ролду Борбор-дук Азия өлкөлөрү менен мамилелерди өнүктүрүү ээлейт.
Кыргызстан экономикалык байланыштардын приоритеттүү өнүгүүсүн камсыз кылууда эркин соода зоналарды уюштуруу жана Борбордук Азия өлкөлөрүн өзүнүн негизги соода өнөктөштөрү катарында кароого аракеттенүүдө. Ошондуктан Кыргызстан Өзбекстан менен эки тараптык мамилелеринин абалына маанилүү көңүл бурууда.

Кыргыз Республикасынын өз улуттук валютасын киргизүүсү (1993-ж. май айында) коңшу мамлекеттерде ар түрдүү реакцияны жараткан. Эми Өзбекстан менен да өзүнчө экономикалык жана финансылык проблемалар пайда болду. Эки республиканын арасындагы экономикалык мамилелердин жөнгө салуу үчүн негизги кадам 1993-жылдын 18-майында Өзбек Республикасынын президенти И.Каримов менен Кыргыз Республикасынын өкмөт башчысы Т.Чынгышевдин телефондук сүйлөшүүсүндө жасалган[52]. КР премьер-министри Өзбекстандан табигый газдын жөнөтүлүшүнүн токтолушу менен Өзбекстан аркылуу өткөн транзиттик темир жол жана

[52] КР ПА.1993. Ф.1. Оп. 5. Д.08–2. Л.34.

автоунаа жүк ташуулардын кармалышына байланыштуу Республикада оор кырдал түзүлгөндүгүн түшүндүрүп, И.Каримовдон бул маселелерди чечүүдө жардам берүүнү суранган.

Бул сүйлөшүүлөрдөн кийин табигий газ жөнөтүлүп, транзиттик жүктөр тоскоолсуз өтө баштаган. Калган финансылык-экономикалык мамилелерге тиешелүү маселелер ошол жылдын июнь айында эки өлкөнүн өкмөттүк деңгээлинде чечилген. Кыргыз Республикасынын Т. Чынгышев жетектеген өкмөттүк делегациясы Ташкентте Өзбекстан Республикасынын жетекчилиги менен сүйлөшүүлөрдү өткөргөн. Бул сүйлөшүүлөр татаал болгон. Бирок соңунда тараптар канааттандырарлык чечимдерге келип, жалпысынан алганда сүйлөшүүлөр ийгиликтүү өткөн. Натыйжада төрт маанилүү келишим кабыл алынды. Алардын бири боюнча Кыргызстандын 1992 – 1993-жылдын 10-майына чейинки Өзбекстанга болгон карызы Өзбекстандын биздин өлкөгө болгон мамлекеттик кредити катары катталган[53]. Эки мамлекеттин улуттук банктары ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу боюнча банктар аралык Келишимге кол коюлган.

Соода эмес төлөмдөр жөнүндө Келишим кабыл алынган, б.а. акчалай почталык которуулардын, пенсиялардын, стипендия, пособия ж.б. соода-экономикалык кызматташуу боюнча Келишимге кол коюлган. Көптөгөн талаштардан кийин, товарлар менен сырьену алар клирингтин (чегерме келишимдин) негизинде алмашылып, дүйнөлүк баада төлөп берүүгө макулдашылган. Андан сырткары газ маселеси талкууланган. Өзбек тарап газга төлөм дүйнөлүк баада б.а. 100

[53] Ошол эле. – Л.39.

куб. метрге 80 долл. болушун талап кылган. Бирок, мындай акчаны биздин республика төлөй албак эмес. Сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында кыргыз тарабы өз жайыттарын Өзбекстанга берүүгө жана Кувасай цементтик заводунун муктаждыгы үчүн карьерди арендага берүүгө макулдугун берген.

Ошентип, сүйлөшүүлөрдүн негизинде республикалардын экономикалык мамилелериндеги пайда болгон орчундуу маселелер негизинен чечилген[54].

1994-жылы Өзбекстан өз улуттук валютасын (сум) киргизгенден кийин эки мамлекеттин өкмөттөрү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Өзбек Республикасынын Борбордук банкынын ортосунда 1994-жылга өз ара эсептешүүнү уюштуруу тууралуу келишимге кол коюлган.

1990-жылдардын биринчи жарымында кыргыз-өзбек мамилелеринде министрлик менен ведомстволук деңгээлинде пассивдүүлүк болгон. Кыргызстан менен Өзбекстандын эки тараптык экономикалык мамилелери иш жүзүндө эң төмөнкү баскычка түшүп кеткен. Өзбекстан тараптан Кыргызстанга бир гана табигый газ алынып келинген, ал эми кыргыз тараптан – 40 жакын продукциянын түрү Өзбекстанга экспорттолгон. Пайда болгон абалдын себептеринин бири валюталардын реалдуу жүгүртүлүүсүнүн жоктугу; товарларга бааны коюуда тараптардын макулдашпагандыгы; бажылык тоскоолдуктарга байланыштуу проблемалар.

Натыйжада, бири бири менен макулдашылган кредит-тик эсептешүү, бюджет, салык, баа, валюта саясаттары камсыз кылынбай, өз рынокторуна товарлардын келишин жөнгө салуу боюнча (биргелешкен ишканаларды) түзүү, биргелешип

[54] Слово Кыргызстана. – 1993.– 18- июнь.

инвестициялоо маселелери каралган эмес. Соода-экономикалык мамилелерди жакшыртуу боюнча башкы тоскоолдуктардын бири кыргыз тарабынын төлөөгө мүмкүнчүлүгү жоктугу эсептелинген.

Бул мөөнөттөгү эки тараптык экономикалык мамилелердин өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү Казакстан, Өзбекстан жана Кыргызстан мамлекеттер аралык биримдигинин чегинде кабыл алынган экономикалык проекттер аркылуу байланыштырылгандыгы менен айырмаланат.

1994-жылдын 30-апрелинде Чолпон-Ата шаарында Өзбекстан, Казакстан жана Кыргызстан Респуликаларынын ортосунда үч президент тарабынан биргелешкен экономикалык мейкиндиктин (ЕЭП) түзүлүшү жөнүндө Келишимге кол коюлган. Бул, борбордук азиялык интеграция процессинин башталышы болуп калган[55].

1994-жылдын 8-июнунда Алматы шаарындагы Казакстан, Өзбекстан жана Кыргызстандын башчыларынын жолугушуусунда тууган өлкөлөрдүн достук, тыгыз кызматташуусунун жана өз ара жардамдашуу мамилелеринин өнүгүшү белгиленип кеткен. Президенттердин жолугушуусунда, «Бирдиктүү экономикалык мейкиндикти» түзүү боюнча Келишим, интеграциялык процесстерди иш жүзүнө ашырууну нугуна түшүрүү саясий реалдуулукка айланып жаткандыгы баса белгиленген. Бул келишимдин негизинде Борбордук Азиялык Союзу (БАС) түзүлгөн[56]. 1998-жылы БАСка Тажикстан мүчө болгон. Ал учурдан интеграциялык биригүүнүн жаңы аталышы – Борбордук азиялык Экономикалык шериктештик (БАЭШ) (ЦАЭС) пайда болгон. 2001-жылы БАЭШ тин

---

[55] КР ПА.1994. Ф.1. Оп. 5. Д.08–3. Т.17–4. Л. 167.

[56] Ошол эле. – Л.168.

негизинде Борбордук азиялык Шериктештик Уюму (БАШУ) (ОЦАС) түзүлгөн. Россия 2004-жылы БАШУга мүчө болуп кирген. 2005-жылы ал уюм ЕврАзЭСке айланган.

Мамлекет башчылары интеграциялык процессти иш жүзүнө ашырууда биргелешкен рынок инфраструктурасын түзүү жана кабыл алынган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө үчүн чарбалык-укуктук, уюштуруу мүнөздөгү механизмдерди иштеп чыгуунун мааниси жөнүндө пикирин билдиришкен. Анда эки маанилүү документ кабыл алынган: Казак Республикасы, Кыргыз Республикасы жана Өзбек Республикаларынын ортосундагы Келишим (Борбордук Азиялык кызматташуу жана өнүгүү банктын түзүлүшү; аталган республикалардын ортосундагы экономикалык жана социалдык өнүгүү чөйрөсүндө мамлекет аралык келишимдеринин маалыматтык камсыздоо тууралуу Келишим)[57].

Кыргызстандын бул эл аралык уюмда мүчө болушу регионалдык интеграциялык процесстерде өз ордун табууга мүмкүнчүлүк бермек. Анын негизги максаттары өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарына жооп берген:

- региондун экологиялык коопсуздугун камсыздоо жана суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу;
- соода кызматташуусу;
- айыл-чарба продукциясынын бирдиктүү рыногун түзүү;
- отун-энергетикалык жана минерал-сырье ресурстарын эффективдүү пайдаланышы;

[57] КР ПА.1993. Ф.1. Оп. 5. Д.08–3. 17–4. Л.145.

- жогорку деңгээлдеги конкурентүүлүккө жөндөмдүү продукцияны чыгаруу максатында өндүрүш кооперациясын түзүү;
- тышкы рынокко чыгуучу бирдиктүү транспорттук жана коммуникациялык системаны куруу;
- банк, рынок системаларын өнүктүрүү;
- жеке ишмердүүлүктү өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү ж.б.

1994-жылдын август айында Бишкекте Казакстан, Кыргызстан жана Өзбекстандын премьер-министрлеринин кеңешинин отуруму болуп өткөн. Бул Кеңештин түзүлүшү үч мамлекеттин президенттеринин алматылык жолугушуусунда каралган. Отурумдун маанилүү натыйжасы – Борбордук Азиялык банктын түзүлүшү болгон. Ал өз ара эсептешүү, финансылык системалардын координациясы үчүн түзүлгөн[58].

1994-жылдын 1-октябрына чейин үч мамлекет тең өз ара карыздарын болгон каражаттар менен эсептешүү жөнүндө келишим кабыл алышкан. Энергия, фармацевтика, антибиотикалык жана медициналык техника чөйрөсүндөгү экономикалык ишмердүүлүктө координация иштерин жүргүзүү келишимине кол коюлган[59].

Премьер-министрлер Кеңешинин иштеши менен экономикалык мүнөздөгү эки тараптык маселелерди чечүүдө кошумча мүмкүнчүлүк пайда болду. Мындан тышкары, үч республиканын башчылары автоунаа жолдорун өнүктүрүү чөйрөсүндө кызматташуу Келишимине кол коюшкан. Келишимге ылайык Казакстан, Кыргызстан жана Өзбекстан

---

[58] Ошол эле. – Л.146.
[59] КР ПА.1996. Ф.1. Оп. 5. Д. 17–5. Л.123.

аркылуу өтүүчү 16 трансреспубликалык жолдорду реконструкциялоодо жана пайдаланууда биргелешип иш жүргүзүлөөрүн билдиришкен. Мындан тышкары, ал трассаларды дүйнөлүк стандарттардын деңгээлине, Борбордук Азиянын ичинде жана Россия, Кытай, Турция, жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнө багыттагы жүргүнчү жана жүк ташуучу багыттарды кеңейтүү боюнча макулдашылган.

Бишкекте кол коюлган документ ар түрдүү чөйрөлөрдө кызматташууну өзүнө камтыган, алардын ичинде эл аралык жол уюмдарынын иштерине, жолдордун курулушу жана проектештирүү боюнча тендерлерге катышуу, маалымат, тажрыйба алмашуу, энергия жана ресурстарды үнөмдөгөн технологиялардын иштеп чыгуусунда биргелешүү, жол техникасын жана керектүү унаа-тетиктерди ж.б. биргелешип иштөө ж.б.

1995-жылдын апрелинде Шымкент шаарында мамлекет башчылары үч өлкөнүн экономикалык интеграциясынын Программасын бекитишти. Алгачкы кезекте инвестициялык проекттер кызматташуунун элүүгө жакын багытын камтыйт. Таджикистан болсо 1998-жылы граждандык согуш бүткөндөн кийин гана Борбордук Азия Уюмуна мүчө болгон, ал эми Түркмөнстан болсо 1995-жылы бейтарап мамлекет катары өзүн жарыялаган. Ошентип, Борбордук Азия Уюмунун түзүлүшү Борбордук Азия өлкөлөрүнүн өнүгүшүндө, экономикалык, саясий, рухий ж.б. тармактарда кызматташуунун өркүндөшүнүн маанилүү этабы болду.

1996-жылы Бирдиктүү Экономикалык Мейкиндикти түзүү боюнча Келишимдин чегинде биргелешкен кызматташуунун позитивдүү натыйжалары пайда болду. КМШ өлкөлөрү ичинде Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы товар жүгүртүү 23,6% түзгөн. 1995-жылга салыштырмалуу эки

мамлекеттин ортосундагы товар жүгүртүү 33,9% көбөйгөн[60]. Аны менен кошо Бирдиктүү Экономикалык Мейкиндиктин түзүлүшү тууралуу айрым маселелер аткарылбай калган. Мисалы, 6-беренеге ылайык улуттук валюталардын жана алардын официалдуу котировкасын (баасын белгилөөдө) өз ара кабыл алууга жетишкен эмес, өтүп жаткан операцияларда өзбек сумдун конвертациясы жасалган эмес, ошондуктан мамлекеттер арасындагы эсептешүүлөр ал улуттук валютада жүргүзүлгөн эмес. Борбордук банктар тараптардын чарбалык субөектилери арасында ишенимдүү өз ара эсептешүү системасын түзө алган эмес. Же 4-беренеге ылайык бири-бирине алып келинген, өздөрү чыгарган продукция-ларга, чийки затка, унаа тетиктерге ж.б. бажы салыктарын алууга макулдашууга жетилген эмес[61].

Бүтүндөй такталбаган маселелерди дароо чечүү мүмкүн эмес эле, Республикалык чарбалардын биригүүсү, акырындап өз калыбына келтирилип, алардын экономикалык структураларынын бири-бирине көнүүсү зарыл болгон.

1997-жылдын 14-мартында Бишкекте өткөн Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстан премьер-министрлери 15ге жакын маселелерди карап чыгышкан. Алардын ичинде – 1997–1998 жж. Бирдиктүү экономикалык чөлкөмдөрдү түзүү боюнча 1996-жылдын 6-майындагы Борбордук Азия Союзунун мүчө мамлекеттеринин башчыларынын чечимине ылайык биргелешкен аракеттерди көрүү; жумушчу күчтүн эркин жүрүшүнө экономикалык, укуктук жана уюштуруу шарттарын түзүү боюнча өкмөттөр аралык келишимдер, монополияга каршы саясаттагы интеграцияны тереңдетүү, өндүрүү кооперациясы,

---

[60] *Каана Айдаркул.* Атал. чыг. – 286-б.
[61] Ошол эле. – 287-б.

соодалык эмес төлөмдөрдүн чечилишин, приоритеттүү тармактарда биргелешкен ишканаларды түзүү, чарбалык ишмердүүлүккө караштуу улуттук мыйзамдардын принциптеринин негизги багыттарынын жакындоосу, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жалпы илимий-техникалык чөлкөмүн түзүү, үч республика ортосундагы калктын миграциясы чөйрөсүндө кызматташтык программасы ж.б[62].

1997-жылдын октябрь айында Кыргызстандын тышкы иштер министрлигинде 1994-жылдын апрель айынан күчүнө кирген бирдиктүү экономикалык мейкиндиктин түзүлүшү боюнча Келишимде негизделген Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстандын ортосундагы интеграциялык процесстин жүрүшүнө арналган министрликтер менен ведомстволордун жетекчилеринин кеңеши болуп өткөн[63].

Жолугушуунун катышуучулары мамлекеттик документтерди мындан ары иш жүзүнө ашыруу боюнча сунуштарын, ой пикирлерин айтышкан. Өкмөт мүчөлөрү тышкы иштер министрлигинин көзөмөлдөөчүлүк ролунда борбордук азиялык интеграцияга багытталган бүтүн проекттердин макулдашылмасы үчүн мындай жолугушууларды ар дайым өткөрүүнү чечет.

Жолугушуунун натыйжасы – ички бирдиктүү аракеттердин керектигин түшүнүү болуп эсептелинген. Ал ишке ашканда гана ар кайсы мамлекет аралык кызматташууну бекемдөө жөнүндө айтса болот.

Ошол эле жылдын 10-декабрында Ташкентте Казак-стан, Кыргызстан жана Өзбекстандын премьер-министрле-ринин Кеңешинин кезектеги отуруму өткөн. Анда Бирдиктүү

---

[62] КР ПА.1997. Ф.1. Оп. 5. Д. 17–1. Т.8. Л.165.
[63] Ошол эле. Т.9. Л.124.

Келишимдин чегинде экономикалык мейкиндикти, эл аралык консорциумдарды түзүү, кабыл алынган бирдиктүү программалардын ишке ашуусу жөнүндө пикир алмашуу болгон.

Кеңештин отурумунда азыркы учурдагы борбордук азиялык мамлекеттердин экономикалык кызматташуусунда энергетикалык, жер-суу, минерал-сырье, ж.б. региондун бай ресурстарын рационалдуу пайдалануу каралган. Андан сырткары чет элдик компаниялардын, банктарынын, дүйнөлүк финансылык институттардан инвестицияларды тартуу керектиги белгиленген.

Эл аралык консорциумдардын түзүлүшүндө Тажикстан менен Түркмөнстандын катышуу мүмкүнчүлүгү каралган. Мындай консорциумдардын негизги багыттары болуп төмөнкү чөйрөлөр аныкталган: суу-энергетикалык ресурстар, азыктүлүк менен камсыз кылуу, коммуникациялар, минерал-сырье ресурстардын иштеп чыгуу жана казып чыгуу ж.б.

Бир катар келишимдер талкууланып, кол коюлган. Алар: Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен Казак Республикасынын жана Өзбек Республикасынын өкмөттөрүнүн ортосундагы туризм, баалуу кагаздардын рыногунун негизги принциптеринин түзүлүшү Келишимдин проекти, Борбордук Азиялык өнүгүү жана кызматташуу банкынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат, баңгизатты көзөмөлгө алуу боюнча мамлекеттер аралык комиссиянын түзүлүшү жөнүндө Келишимдер болгон[64].

Борбордук Азиялык Союздун чегиндеги кызматташуу өзүнүн өнүгүүсүндө бир нече этаптардан өттү. Алгачкы этапта (1994–1996-жж.) Экономикалык Союздун негиздери түптөл-

[64] КР ПА.1997. Ф.1. Оп. 5. Д. 17–1. Т.8. Л.78.

гөн, үч өлкөнүн экономикаларынын интеграциясынын негизги багыттары жана жалпы проблемалары аныкталып, өндүрүү кооперация багытындагы кадамдар жасалган. 1996–2000-жылдарга чейин кызматташуунун экинчи этабы өткөн.

Бул жылдары өткөрүлгөн биргелешкен жумуш өзүнчө натыйжаларга жетиши үчүн мүмкүнчүлүк берди. Бир катар биргелешкен коммуникациялык, транспорттук проекттер иш жүзүнө ашкан. Республикалар арасындагы тышкы соода жүгүртүүсү өстү. Мисалы, Өзбекстандын Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстан менен болгон тышкы соода жүгүртүүсү 2000-жылы 1996-жылга караганда божомолдо 11% өскөн[65].

Бул өсүү туруктуу болгон эмес, айрым жылдары тыш-кы соода жүгүртүүсү төмөндөп кеткен. Экономикалык интеграциянын жетиштүү деңгээлде болбогондугуна биргелешкен ишканалар, өндүрүштүк бирикмелеринин аздыгы да күбө боло алат. Экономикалык кызматташуу боюнча мурунку кабыл алынган документтерге көңүл бурулбай же бир тараптуу түшүнүк берилген, КМШ деңгээлиндеги аткарылбаган көптөгөн келишимдер да бул процессти күчөткөн.

Бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүү боюнча идея объективдүү зарылдыктын натыйжасында келип чыккан, б.а. анын себеби жаңы тарыхый шарттарда коңшу өлкөлөрдүн эффективдүү экономикалык байланыштарды куруу, өлкөлөрдүн бай кендерин биргелешип колдонуу. Бул идеяны ишке ашыруу үчүн атайын укуктук – келишим база түзүлгөн. Бирок, ал учурда бажы жана салык саясатында, валюталардын

[65]*Зиямов Н.Ш.* Роль Узбекистана в развитии межгосударственного, экономического и культурного сотрудничества стран Центральной Азии (1991–2001 гг.): Тарых илим. канд. ... дисс. автореф. – Ташкент, 2002. – 16-б.

конвертациясында, антидемпинг саясатында, ички товар чыгарууну коргоо боюнча толук макулдашууга жетишилген эмес. Суу, энергетика, газ, транспорттук комплекс чөйрөлөрдө проблемалар сакталып калган. Бир катар сектордук жана тармактык интеграциялык программалар толугу менен ишке ашырылбай калган.

Булар, биздин өлкөлөр жалпы регионалдык кызыкчылыктары үчүн бири бирине үстөк берүүгө дагы даяр эместигине күбө боло алат. Интеграциянын деңгээли жемиштүү болбогондугу бир катар себептерге байланыштуу.

- Биринчиден, өткөөл мезгилди башынан өткөрүп жаткан региондун мамлекеттеринин экономикаларынын проблемалары, алардын реформалоосу улуттук программалар боюнча жүрүшү.
- Экинчиден, тышкы экономикалык аракеттерди тууралаган республикалардын мыйзамдарынын айырмаланышы.
- Үчүнчүдөн, региондогу өлкөлөрдүн экономикалык көрсөткүчтөрүнүн бир болбогондугу жана алардын улам өсүшү.

Борбордук Азия мамлекеттеринин Экономикалык өнүгүшү боюнча биргелешкен аракеттер менен иштөөчү механизмдерди кыска мөөнөттө иштеп чыгуу боюнча иш чараларды көрүү зарыл болгон.

Региондогу мамлекеттердин интеграциясы тууралуу позицияларынын бири биринен айырмаланышына карабастан, аны менен кошо Борбордук Азияда интеграциясына түрткү берүүчү объективдүү факторлор да болгон. Алар: маданияттын, диндин, менталитет жана тарыхынын бирдиги; калктын жана улуттук элиталардын интеграциянын керектигин түшүнүүсү; стратегиялык багыттардын бирдиги (рынок экономикасы, демократия, динге негизделбеген мамлекет); глобалдуу

экономикалык проекттерден келип түшүүчү экономикалык дивиденддер (мисалы, жаңы жолдорду куруу жана болгон транзит жолдорун, транспорттук инфраструктурасынын объектилерин бирдиктүү колдонуу); жалпы коркунучтарга каршы туруу.

Борбордук Азия өлкөлөрүндө дүйнөлүк экономикалык коомчулукта татыктуу орунду ээлөөгө бир гана жол бар – ал регионалдык интеграция. Ал объективдүү процесс жана ар бир өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарына жооп берет. Азыркы учурда регионалдык интеграция улуттук жана регионалдуу экономикаларга терс таасирин берген глобалдашуу процесстердин негативдүү тараптарына альтернатива болуп саналат.

Бул мөөнөттө аны менен кошо эки тараптык экономикалык байланыштар өнүккөн.

Белгилүү болгондой, КР президенти А.Акаевдин 1996-жылдын декабрь айында Өзбекстанга болгон официал-дуу сапарында Кыргызстан менен Өзбекстандын эки тараптык экономикалык мамилелерин жаңы негизге койгон маанилүү документтерге кол коюлган [66].

Эки өлкөнүн экономикалык кызматташуусунун жаңы деңгээли кыргыз-өзбек өкмөт-аралык комиссиясынын соода-экономикалык, илимий-техникалык жана маданий кызматташуусу; Кыргызстан менен Өзбекстандын чек ара өрөөндөрүндө эркин экономикалык зоналарды түзүү; эки мамлекеттин катышуусунда Ташкент-Андижан-Ош-Иркештам автожолдорун реконструкциялоо; Андижан-Ош-Кашгар темир жолун курууга бирдиктүү катышуу жана чет элдик инвесторлорду тартуу ж.б. боюнча келишимдер түздү.

---

[66] КР ПА.1996. Ф.1. Оп. 5. Д. 17–8. Л.45.

Кеп Чыгыш Азиянын 17 өлкөсүн түштүк Кавказ менен, аны менен кошо Европа менен бириктирген транспорттук жол жөнүндө болуп жатат. Аны дүйнөлүк маанидеги жол катары атаса болот.

Буга Ташкент-Андижан-Ош-Иркештамавтоунаа жолунун реконструкциясы жана темир жол салуу боюнча эл аралык кеңешмесинин өткөрүлүшү боюнча кытай тарабынын катышуусунда Кыргызстан менен Өзбекстандын биргелешкен аракети мисал боло алат. 1997-жылдын 24-28 апрелинде Ташкент жана Ош шаарларында өткөн Кыргызстан, Өзбекстан жана Кытай Эл Республикасынын делегацияларынын сүйлөшүүсүндө Азия, Европа өлкөлөрү үчүн конкреттүү проектисинин керектиги жана аны инвестициялоо тууралуу кенен кеп болгон.

Бул кеңешүүдө дүйнөнүн 18 өлкөсүнүн өкүлдөрү катышышкан. Алар, Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Тажикистан, Түркмөнстан, Корея Республикасы, Япония, Азербайджан, Германия, Болгария, Румыния, Пакистан, Турция ж.б. Мындан тышкары ондон ашык эл аралык уюм менен финансылык институттар, анын ичинде БУУнун Өнүгүү Программасы, Дүйнөлүк банк, Европалык өнүгүү жана реконструкция банкы, Азиялык өнүгүү банкы, «TASIC» Европалык программасынын эксперттери ж.б.

Кеңешүүнүн катышуучуларынын оюу боюнча, Кыргызстан, Өзбекстан жана Кытайдын ортосундагы келишим өтө маанилүү, анткени анын негизинде чыгышта КЭРнын деңиз портторун Кыргыстан менен Өзбекстанды кыска жол менен байланыштырып, андан ары Жакынкы Чыгыш жана Түштүк Европалык өлкөлөр менен байланыштырган жаңы транскон-

тиненталдуу темир жолдун курулушуна реалдуу мүмкүнчүлүктү пайда кылат.

Бул магистраль Тынч жана Атлантика океандын ортосундагы транспорттук байланыштарга альтернатива болуп калышы мүмкүн экени белгиленген.

Кеңешүүнүн өтүшүндө ага катышуучу өлкөлөрдүн эксперттери арасында алдын ала изилдөөлөрдү уюштуруу, мамлекеттердин жүк айлануусун тактоо боюнча кенен пикир алмашуулар өткөн. Мындан тышкары, бул жолдун проектке катышкан өлкөлөрдүн экономикаларынын өсүшүнө гана эмес, эки континентте жайгашкан башка да мамлекеттерге пайдалуу экендиги белгиленген.

Жолугушуунун өтүшүндө темир жол куруу, автоунаа жолдору, инфраструктуранын объектилерин реконструкциялоо, жолдордун техникалык абалын жогорулатуу, жүкташууулардын бүтүндөй технологиялык шарттарынын эл аралык талаптарга ылайыкташтыруу үчүн чет элдик инвестицияларды тартуу боюнча өлкөлөрдүн позициялары каралып, аныкталган. Талкуулоодо Кыргызстан, Өзбекстан, Япония жана Корея республикалары өзгөчө активдүү болушкан.

Натыйжада, 1998-жылдын февраль айында Ташкент шаарында автоунаа жолдорунун биргелешип иштелиши жана Ташкент-Андижан-Ош-Иркештам-Кашгар эл аралык автоунаа каттамынын уюштурулушу жөнүндө үч тараптык келишимдерге кол коюлган[67].

Ошентип, курулуп жаткан жолдордун мааниси алардын мүчө-өлкөлөрүнүн экономикалык өнүгүшүн күчөтүү боюнча чоң мүмкүнчүлүк түзүп жаткандыгында; жумушсуздук проб-

---

[67] КР ПА.1998. Ф.1. Оп. 5. Д. 17–5. Л.32.

лемасын чечүүгө реалдуу мүмкүнчүлүк ачып жаткандыгында; Кыргызстандын жана Кытайдын СУАР алыскы тоолуу өрөөндөрүнүн инфраструктурасын өнүктүрүүсүнө көмөк кылат; Азия регионундагы коммуникациялык байланыштардын өнүгүүсүнө чоң мүмкүнчүлүк ачат; Түштүк, Чыгыш Европа, Жакынкы жана Ортоңку Чыгыш өлкөлөрүн Борбордук, Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрү менен соода-экономикалык, маданий-техникалык байланыштарды өнүктүрөт. Бул өтө чоң, дүйнөлүк мааниге ээ коммуникациялык жолдор Кыргызстан менен Өзбекстан жетекчилеринин демилгесине байланыштуу курулуп жаткандыгы өтө маанилүү[68].

Эки тараптык экономикалык кызматташуунун мындан ары өнүгүшүндө Кыргыз Республикасынын Өзбекстан Республикасында 1997-жылдын 20-майында Соода өкүлчүлүгүнүн ачылышы маанилүү кадам болду. КР атайын токтомунда айтылгандай, бул өкүлчүлүк Кыргыз Республикасы менен Өзбек Республикасынын ортосундагы тышкы экономикалык байланыштарын активдештирүү максатында түзүлгөн. Соода өкүлчүлүгү тиешелүү мамлекеттик уюмдар, акционердик коомдор, биргелешкен ишканалар, соода уюмдар менен иш аракеттерди түзүү боюнча иш жүргүзүү жана эки тарапка кызыкдар болгон керектүү маалыматты чогултууга окшогон маселелерди чечүү үчүн ачылган[69].

Ошол эле жылы Өзбекстандын бизнес, өндүрүш, ишкер адамдардын делегациясы Талас шаарында болушкан. Жергиликтүү акимчиликте бири-бирине пайдалуу шарттарда

---

[68] *Сыдыков Б.* Некоторые вопросы социально-культурной политики государств Средней Азии (на примере сотрудничества Кыргызстана и Узбекистана). – Ташкент, 2000. – 64-б.

[69] Ошол эле.– 65-б.

кызматташуу жана иш жүргүзүү тууралуу кенен сүйлөшүүлөр өткөн. Натыйжада, областтык борбордо жем чыгаруучу заводдун курулушу тууралуу келишимге кол коюлган. Мындан тышкары, тараптар Таласта таш иштетүү боюнча өндүргүчтүк объекттерди куруу боюнча келишимге кол коюшкан[70].

Ошол эле жылы, эки тараптык келишимге ылайык, Токтогул суу сактагычтан сууга жана электр энергияга, өндүрүш товарларга, буудай, эт, майга Өзбекстан Кыргызстанга 1 млрд. 150 млн. куб. метр газ жана керектүү материалдык ресурстарды жөнөткөн.

1998-жылы январда Кыргыз Республикасынын бирин-чи премьер-министри К.Нанаев Ташкентте биздин республи-кага 1998-жылга табигый газдын жеткирилиши тууралуу келишимге кол койгон. Жалпы көлөмү 500 млн. куб.метр., 1 миң куб.метр үчүн АКШ нын 55 доллар баасында газ менен камсыз кылуу боюнча келишимге жетишилген. Ал эми мурунку үч тараптык, Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстандын ортосундагы келишим боюнча ошол эле жылы биздин өлкө табигый газдын 770 млн. куб.метрин алган[71].

Мамилелердин өнүгүшүнө соода-экономикалык кызматташуу боюнча өкмөттөр аралык комиссия да бир топ деңгээлде көмөк кылууда. Ал эки өлкөнүн чарба субъекттери арасындагы иш, соода байланыштарын активдештирип, кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

2000-жылдын май айында Бишкекте жогоруда аталган комиссиянын экинчи отуруму болуп өттү. Эки өлкөнүн өкмөттүк делегациялары Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри Э.Омуралиев жана Өзбек Республикасы-

[70] КР ПА.1998. Ф.1. Оп. 5. Д. 17–1.Л.12.
[71] КР ПА.1998. Ф.1. Оп. 5. Д. 17–1. Т.8. Л.43.

нын премьер-министринин орун басары Р.Юнусов тарабынан жетектелген[72].

Комиссия өткөн мөөнөттүн ичиндеги эки тараптык мамилелердин өнүгүшүнүн позитивдүү жактарын белгилеп, аны менен кошо соода-экономикалык, транспорт-коммуникациялык кызматташуунун кээ бир кемчиликтерине (салыктардын өсүшү, укук коргоо жана фискалдык органдары тарабынан жасалма тоскоолдуктарды түзүү) көңүл буруп, алар эки өлкөнүн арасындагы соода өлчөмүнүн төмөндөшүнө алып келгендиги белгиленген.

Муну көңүлгө алып, комиссиянын отурумунун натыйжасы боюнча өзбек тарабы көрсөтүлгөн проблемаларды Өзбекстан Республикасынын министрлер кабинетинин тиешелүү чечимдери менен кайра карап чыгууга милдеттеме берилген.

Мындан тышкары, суу-энергетикалык кызматташуу боюнча 2000-жылы июндун башында Ташкентке делегациялар арасында өкмөт аралык сүйлөшүүлөр өткөн. Бул делегацияларды Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри Э.Омуралиев менен Өзбек Республикасынын премьер-министрдин орун басары Ю.Айтбаев жетектеген. Тараптар, Кыргызстандан суну Өзбекстанга өткөрүү жана 2000–2001 жж. күз-кыш мезгилинде өзбек газын Кыргызстанга жөнөтүү тууралуу Келишим проектисин талкуулашкан.

Ошол эле жылдын октябрь айында Ташкентте бирдиктүү өкмөт аралык комиссиянын үчүнчү отуруму болуп өткөн. Отурумда бир катар манилүү экономикалык маселелер чечилген. АК «Узтрансгаз» менен «Узнефтгазбайланыш» балансы-

---

[72] Ошол эле. 2000. Д. 17–4. Л.98.

нан АО «Кыргызгаз» Кыргызстанда жайгашкан магистралдуу газ өткөрүүчү курулуштарды жана газ, мунай зат кендерин АК «Узгеонефтгазөндүрүү» дөн АО «Кыргызнефтгаз» га кабыл алуу – өткөрүү актысына кол коюлган.

Өзбек Республикасынын министрлеринин кабинети жүк ташуу, автоунаа каражаттар менен автобустардан транзит үчүн төлөмдөрдүн алынгандыгы тууралуу токтом кабыл алган.

Жылдын аягына чейин жеке адамдар аркылуу Өзбекстан менен Кыргызстандын бажы чек аралары өтүүчү товарларын көзөмөлдөө жана бажы каттоосунун жеңилдетилген тартиби боюнча келишимге кол коюлаары тууралуу тараптар чечим кабыл алган. Өзбек тарабы өз ара пайдалуу негизде Кыргызстанга минералдык жер семирткичтерди жеткирүүгө жана мазут, күч трансформаторлорду жана трансформатордук подстанцияларга тетиктерди жөнөтүүнү көбөйтүүгө даяр экендигин билдирген. Соңунда, табигый газга баа коюлган. Миң куб. метр газы 50 нүн ордуна 42 АКШ долларына төмөндөтүлгөн жана берилген газдын 50% төлөм акысы товар менен жүргүзүлөт. Бишкектин жана Оштун Жылуулук Электр Борборлоруна (ЖЭБ), коммуналдык мааниге ээ болгон объектилер менен жалпы калк үчүн 2001-жылдагы табигый газдын жөнөтүү өлчөмдөрү такталган.

Келишимге ылайык 2000-жылдын декабрь айында Бишкекте Кыргызстан менен Өзбекстан ортосунда 2001-жылкы отун-энергетикалык жана суу ресурстарын биргелешип колдонуу боюнча өкмөт аралык келишимге кол коюлган. Келишимге ылайык, Өзбекстан 2001-жылы биздин республикага 700 млн. куб. өндүрүш газын, 525 млн. куб.м. тиричилик газын 42 АКШ доллар баада жөнөтүү керек болчу.

Тараптар сүйлөшкөндөй, Кыргызстан төмөнкүчө төлөмдөрдү жүргүзөт: 50% акчалай (валютада), калган 50% – товарлар менен. Алгачкы кран, курулуш материалдар (шифер, цемент) жана азык-түлүк (буудай, ун ж.б.)[73].

Мындан тышкары, келишим боюнча Өзбекстан 80 миң тонна мазут жана 120 миң тонна ар түрдүү техникалык майларды жеткирүүсү каралган. Өз учурунда Кыргызстан коңшу өлкөгө 2,2 млрд. киловатт – саат электрэнергиясын жана аны иштеп чыгууга туура келген суунун көлөмүн өткөрүүгө милдеттеме алган[74].

Бирок, тилекке каршы бул келишим толугу менен аткарылган жок. 2001 жылы 24 январда АО «Узтрансгаз» кабарлагандай, «Мубарак –Коган–Газли» газ түтүгүндө авария болгон. Ошондуктан, Кыргызстанга газды жөнөтүү боюнча чектөө киргизилген. Аварияны жоюу боюнча иштеринде кыргызстандык адистер да катышкан. Пресс-конференция учурунда АО «Кыргызгаздын» башкы директору Т.Калмурзаев «Узтрансгаз» менен «Кыргызгаздын» ортосунда Кыргызстанга газ жеткирүү боюнча дагы эле контракт жок экендигин айтып кеткен. Ал эми азырынча тараптар суу энергетикалык ресурстар боюнча өкмөт аралык келишимге таянган. Контракт авария жоюлгандан кийин кабыл алынган.

Бирок, биздин республика жаңы суу проблемасына туш болгон. Ал эми суу түйшүгү экономикалык, экологиялык жана социалдык проблемаларды аныктоочу өзүнчө бир индикатор болуп эсептелинет. Мисалы, өзбек тарабы мезгил мезгили менен Кыргызстан сууну саясий кысым катары колдонуп жаткандыгын белгилейт. Бул 1990-жылдардын аягында кышында,

---

[73] КР ПА.2001. Ф.1. Оп. 5. Д. 17–9. Т.8. Л.105.
[74] Ошол эле. – Л.106.

Өзбекстан газды жөнөтүүнү токтоткондо башталган. Кошумча электр энергияны иштеп чыгуу үчүн Токтогул суу сактагычта суунун төмөндөөсү башталган. Натыйжада Өзбекстандын пахта талааларынын бир бөлүгүн саз басып кеткен, б.а. экологиялык жана экономикалык проблема пайда болгон.

Мындан тышкары Өзбекстанда Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 29-июнунда Кыргыз Республикасынын суу объекттери, суу ресурстарынын жана суу чарбалык объектерин мамлекет аралык колдонуу боюнча мыйзамы шашылыш кабыл алынган. Ал жерде мамлекет аралык суу мамилелер чөйрөсүндөгү кызматташуунун негизги принциптери катары төмөнкүлөр айтылган:

- Суу табигый ресурстардын бир түрү, ал өз экономикалык баага ээ жана товар болуп саналат;
- мамлекеттер аралык суу мамилелеринде сууну колдонууга төлөм салынат;
- Кыргыз Республикасынын суу ресурстарынын төлөнүүчү мамлекеттер аралык колдонууда өз ара эсептешүүнүн өлчөмү жана эрежеси коюлат.

Ал дүйнөлүк бааларды жана суу ресурстарына болгон муктаждыкты эске алуу менен тараптардын макулдашылган нормативдеринин негиздеринде түзүлөт.

Өзбекстандагы окумуштуулар жана адистер, пресса бул мыйзам эл аралык укуктун нормаларына жооп бербей тургандыгын далилдеп жатты. БУУнун прогнозу боюнча келечекте суунун жетишпестиги дүйнөдөгү конфликттердин олуттуу себеби болот. Лондондук стратегиялык изилдөөлөр институтунун эксперттеринин ою боюнча суу уламдан улам эл аралык товарга айланууда жана бул кылымда, XX к. мунай зат кандай

баалуу болсо, ошондой эле баалуу болот. Жакын арада суунун баасы бензиндин баасынан жогору көтөрүлөт.

Өз учурунда Кыргызстандын позициясын бул маселе боюнча окумуштуулар жана коомдук ишмерлер радио жана телевидение аркылуу пресс-конференцияларда жактап, пресс-релиздерде түшүнүктөрдү берип жатты. Өзбек Республикасынын президенти И.Каримов бул тууралуу Борбордук Азия Союзунун мамлекет-башчыларынын жолугушуусунун соңунда пресс-конференцияда бул тууралуу айтылган сөздөрүнөн талаштар басылгандай түштү: «...ар бир өлкө, анын парламенти кошо, ал өлкөнүн кызыкчылыгына жооп берген чечимдерди кабыл алууга укугу бар. Бул маселе боюнча баа берүүгө жана өз сын пикирин айтууга бүгүн эч кимдин укугу жок. Мен айрым адамдарга эскертип кетет элем, биз демократиялык өнүгүү жолу боюнча бара жатабыз, бул планда парламенттин чечимин сынга алуу же баа берүүгө биздин укугубуз жок, анткени бул ички процесстер... Ал эми сууну колдонуу боюнча маселелеринин жөнгө салынбагандыгы тууралуу айтып кетет элем, бул жерде мындай чечимдердин терең ойлонуусу же анын анык кесепеттерине баа берүүнүн негизинде эмес, көпчүлүктүн эмоционалдуулукка берилип кеткендиги түзөт»[75].

Айрым пикир келишпестикке карабастан соода-экономикалык мамилелер өнүгө баштады. 2002-жылдын биринчи жарым жылдыгында Кыргызстан менен Өзбекстан ортосундагы жалпы соода өлчөмү 40 млн. АКШ долл. ашык түздү, анын ичинде КР импорту – 30,9 млн., экспорту – 9,2 млн. долл. болгон[76].

---

[75] КР ПА.2002. Ф.1. Оп. 5. Д. 17–1. Л.156.
[76] Ошол эле. – Л.157.

Кыргызстан өсүмдүктөрдөн өндүрүлгөн азык-түлүктү, даяр тамак-аш, алкоголь жана алкоголсуз ичимдиктерди, уксус, тамеки, текстиль буюмдарын, пластмасса жана андан жасалган буюмдарды, каучук жана резина буюмдарын, өндүрүш товарларды, баалуу эмес металлдарды ж.б. экспорттойт.

Кыргызстандын импортунун негизги товарлары бул табигый газ, химиялык өндүрүштүн продукциясы, текстиль, кагаз продукциясы, таштан, гипстен, цемент, асбест, слюдадан жасалган буюмдар.

Азыркы учурда Кыргызстандын чет элдик өлкөлөр менен болгон соодасында Өзбекстан бешинчи орунда турат. Өзбекстандын Кыргызстан менен болгон жалпы товар жүгүртүүсүндөгү ээлеген орду 4,0%ти түзөт. Кыргыз Республикасынын Өзбек Республикасы менен 2004-жылга карай тышкы соода жүгүртүүсү 66,6 млн. АКШ долл. түздү, 2003-жылга салыштырмалуу 20%ке көбөйгөн; экспорт 14,7 млн. долл. түзгөн (9,8% азайган). Соода баланстын сальдосу терс болуп чыккан жана 37,2 млн. долл. Өзбекстандын пайдасына жүргөн[77].

Эки тараптуу транспорттук коммуникация чөйрөсүн-дүгү кызматташуу уланууда. 2000-жылдын август айынан Азиядагы эң олуттуу стратегиялык эл аралык Ташкент–Ош–Кашгар–Пекин автоунаа жолу иштей баштады. Бул маршрут толугу менен Улуу Жибек жолун кайталайт. Курулган трансконтиненталдуу жол аркылуу күн сайын 17 миң автоунаа, 150 миң жүргүнчүлөр өтүүдө[78].

---

[77] Стратегическая матрица Кыргызстана: ретроспектива, современность и сценарии будущего развития. – Алматы, 2007. – 260-б.
[78] КР ПА.2003. Ф.1. Оп. 5. Д. 17–6. Т.4. Л.167.

Ал эми 2001-жылдын июнь айында «Кыргызстан аба жолдору» авиакомпаниясы тарабынан Ташкенттен Чолпон-Атага каттам ачылган.

2003-жылдын июль айында Ташкентте кыргыз-өзбек өкмөт аралык комиссиянын бешинчи отуруму болуп өткөн. Ал эки жыл бою өткөн эмес. Бул убакыттын ичинде соода-экономикалык, суу-энергетикалык, транспорт ж.б. маселелер боюнча бир топ маселелер такталган.

Сүйлөшүүлөрдө бир катар маселелер муңайзат газ чөйрөсүнө тиешелүү болгон. Кыргызстан өз мегилинде өз аймагынан өткөн беш газ түтүктөрүн «Кыргызгазга» өткөрүүгө макулдашылган. Ал газ түтүктөрдү Өзбекистан өз максаттары үчүн колдонгон. Эми өзбек тарабы кыргыз территориядан өтүүчү көгүлтүр от үчүн акча төлөмөй болгон.

Түндүк Сохтогу муңайзат менен газдын кендерин жер астындагы газ сактагычты Өзбекстанга берүү жөнүндүгү маселе Кыргызстан үчүн күтүүсүз окуя болгон. Бул объекттер такай эле Кыргызстанга таандык болгон жана коңшуларга арендага берилген. Өзбек тарабы боюнча, алар талаш жерлерде жайгашкан, ошондуктан бул маселени чек аранын демилитациясынын кийин чечүүнү талап кылган. Биздин делегация коңшулардын бул маселе боюнча адашып жатканын далилдеп берген.

Соода мамилелерин өнүктүрүү боюнча бир катар чаралар көрүлгөн. Эгер 1998-жылы эки мамлекет ортосундагы товар жүгүртүү 160 млн. АКШ долл. түзсө, 2003- жылдын биринчи чейрегинде ал 43% азайган. Ал мөөнөттө эркин соода жана алуу режим тууралуу келишим бар болгон. Бирок ага карабастан Өзбекистан биздин республика менен соода жүргүзүүгө чоң чектөөлөрдү киргизген. Кыргызстандан

алынып келинген товарлардан акциз алынса дагы абал жакшы тарапка өзгөрүлгөн эмес.

Гуманитардык чөйрөдө мамилелерди өнүктүрүү керектиги моюнга алынган. Буга телеграммалар жана чыгармачыл топтор менен алмашуу, биргелешкен программаларды түзүүдө, китеп чыгарууда кызматташуу, кинотасмалар менен алмашуу ж.б. кирмек[79]. Бул жылдан кийин соода тарабындагы кызматташууда позитивдүү жылыштар байкалды. 2004-жылы Бишкекте өткөн соода-экономикалык жана илимий-техникалык кызматташуу боюнча кыргыз-өзбек өкмөт аралык комиссиясынын алтынчы отурумунда 2004-жылдын биринчи жарым жылдыгында 2003-жылдын биринчи бөлүгүнө караганда эки республиканын арасындагы товар жүгүртүү өлчөмү көбөйгөнү белгиленип кетти. Алты айдын ичинде бул өлчөмдөр 30 млн. АКШ долл. түзгөн. Аны менен кошо комиссия, эки өлкөнүн министрлиги менен ведомстволоруна соода-экономикалык кызматташуунун деңгээли эки мамлекеттин мүмкүнчүлүктөрүнө толугу менен жооп бербей жаткандыгына өзгөчө көңүл бурду. Бул экономиканын бир катар тармактарынын мүмкүнчүлүктөрү, эки тараптын техникалык жана илимий потенциалы толугу менен колдонулбагандыгына байланыштуу болгон. Өз ара соода жүргүзүүнүн өлчөмдөрүн мындан ары көбөйтүүгө, экономиканын ар кайсы чөйрөсүндө биргелешкен проекттерди ишке ашыруу боюнча реалдуу мүмкүнчүлүктөр бар.

Өзбек жана кыргыз тараптар соода-өндүрүш көргөзмөлөрүндө, жарманкелерде, тендердик соодалашууларда, инвестицияларды тартууда, экономиканын ар кайсы чөйрөсүн-

[79] КР ПА.2003. Ф.1. Оп. 5. Д. 17–4. Т.5. Л.189.

дөгү биргелешкен проекттерде активдүү катышуу боюнча макулдашылды. Мындан тышкары чарбалык субьектердин арасындагы түздөн түз байланыштарды, маркетинг кызматын өнүктүрүү, соода үйлөрдү түзүү боюнча иш аракеттер актуалдуу болуп жатат. Алынып келинген товарлардын номенклатурасын кеңейтүү зарыл болуп жатат. Бул чарбалык субьекттердин жана тиешелүү мамлекеттик башкаруу структураларынын ортосундагы бүтүндөй тармактарда тыгыз мамилелерди түзүү үчүн зарыл болгон эле.

Ал эми энергетика жана суу чарба чөйрөлөрүндөгү маселелерде, кыргыз-өзбек өкмөт аралык комиссиясы бир катар конкреттүү чечимдерди кабыл алган. «Өзбекэнерго», Кыргызстандын «Электр станциялары» ж.б. акционердик өндүрүш ишканаларында макулдашуу мамилелерин иретке келтирүү боюнча чараладарды көрүү тапшырылган. Өзбек тарабы Кыргызстандан электр энергияны алат. Тараптар күзкыш мезгилинде (2004–2005-жж.), кызыктар болгон тараптардын катышуусунда Сыр-дарыянын режимин кароо боюнча маселени туура көрдү. Кызматташуу экологиялык, турмуш чөйрөлөрүндө, кыргыз-өзбек мамилелеринин ар кайсыл багыттарда жана тармактарда өнүгүп жатат.

2005-жылы биздин республикага газды жеткирүү боюнча өзбек тарабы менен сүйлөшүүлөр кайрадан жанданган. 2005-жылдын июль айында АК «Кыргызгаз» узак сүйлөшүүлөрдөн кийин өзбек тарабы менен Кыргызстанды газ менен камсыз кылуу боюнча башкы контракттарга кол койгон. Бирок, андан мурда биздин тарап өткөн жылдардын дебитордук карызын (13 млн. АКШ долл. тегерегинде) төлөгөн. Бул карыздын болушу АК «Узтрансгаз» 2004-жыл боюнча контрактка кол коюудан баш тарткан. «Кыргызгаз»

көгүлтүр отту Казакстанга жөнөтүүчү газ түтүктөрдөн алууга мажбур болгон. Жаңы контракт боюнча 2005-жылы «Кыргызгаз» 100% алдын ала төлөмдүн негизинде 350 млн. куб.м. газды алды, бул ички талапты толугу менен жапкан. Газдын баасы 1000 куб.м. 42 АКШ долл. түздү.

Кыргызстан, Өзбекистан жана Тажикистан «Соода жана Тынчтык» проекттеринде тыгыз кызматташууда. Бул проект эки маселени чечүүгө багытталган: биринчи жактан, Фергана чөлкөмүндө жайгашкан Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстан мамлекеттеринин областарынын ортосундагы соода-экономикалык байланыштарды өнүктүрүү, экинчи жактан, чек ара өрөөндөрүндөгү топтолгон социалдык-экономикалык маселелерди азайтуу, элдердин ынтымагын өркүндөтүү, региондогу тынчтыкты сактоо.

2005-жылы февраль айында Кыргызстан алгачкы ирет Андижанда өткөн соода-экономикалык кызматташуу боюнча ведомстволор аралык Кеңештин отурумунда катышкан. Бул Ош жана Андижан областтарынын делегацияларынын эки тараптуу жолугушуусу болгон. Бир жылдан кийин Ведомстволор аралык Кеңеш Ходжент шаарында өткөн. Ал өлкөлөрдүн 5 областтарынын тыгыз экономикалык ишмердүүлүк боюнча мамлекеттик структуралардын башчылары менен башкарылган бизнес-делегациялардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөн эл аралык соода-экономикалык форумга айланып кетти. Проекттин эң негизги жетишкендиги – бул Фергана чөлкөмүндөгү 5 областардын ишкер адамдар чөйрөлөрүнөн, эл аралык уюмдардан жана Көз Карандысыз Өкмөттүк эмес уюмдар, тышкы саясий байланыштарды жана эл аралык мамилелерди көзөмөлдөп, башкарган бөлүм, башкармалык жана областтык тышкы саясий комиттеттердин

башкаруучулардын официалдуу байланыштарды түзүүгө, келишим, меморандум, контракттарга кол коюлуп жана официалдуу эмес байланыштарын кеңейтүү болгон эле[80].

Ошентип, Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы экономикалык кызматташуусу жаңы шарттарда кээ бир түшүнбөстүктөргө карабастан негизинен бүтүндөй маселелер боюнча жалпысынан эки мамлекетти ынандырган чечимдерди кабыл алууга жетишилген. Эки тараптык мамилелерде оң тажрыйба топтолгон: кол коюлган документтерди иш жүзүнө ашыруу боюнча, аларга көзөмөл жүргүзүү өкмөт аралык комиссияга өткөрүлүп берилген.

## 2.2. Шанхай Кызматташтык жана Коллективдүү Коопсуздук Келишим Уюмдарынын чегиндеги коопсуздук чөйрөсүндө кыргыз-өзбек кызматташуусу

Эл аралык мамилелерде, мамлекеттердин саясий, экономикалык жана гуманитардык чөйрөлөрүндөгү теңдик, бири-бирин урматтоо принциптери кызматташуунун негизги компоненти болуп эсептелинет. XX кылымдын аягы XXI кылымдын башында блоктук карама-каршы туруунун ордуна адамзат үчүн чоң коркунучту келтирген транс-регионалдуу коркунучтар пайда болду.

Ал фундаменталисттик күчтөрдүн, күрөштүн методу катары террорду негиз кылган экстремисттик агымдарда орун алган. Ал акырындап эл аралык мүнөзгө ээ болду.

Мамлекеттердин коопсуздугу жана стабилдүүлүгүнө терроризм, экстремизм, агрессивдүү сепаратизм ж.б. күчтөр коркунуч келтирүүдө.

---

[80] Деловые вести. – 2006. – №5. – С.9.

Советтер Союзунун 1991-жылы кыйрашы, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн эгемендүүлүккө ээ болушу коомчулуктун ар түрдүү катмарлары үчүн бир топ кыйынчылыктарды туудурду. Принципиалдуу жаңы кырдаал дүйнөлүк саясатка тез убакыттын ичинде кирүү керектигине, аны менен кошо ички жана тышкы саясатта жаңы приоритеттерди иштеп чыгууну талап кылды.

Бул Борбордук Азиядагы коопсуздук системасын түзүү боюнча маселеге түздөн-түз байланыштуу[81]. Бул проблема Борбордук Азия регионуна таандык бир катар факторлорго байланыштуу маанисин сактап келет:

- Борбордук Азиядагы жаңы мамлекеттердин арасындагы административдик-территориалдык чек араларынын чечиле электиги;
- Афганистандагы "өчө элек" согуш конфликттери, аны менен кошо бир нече жыл бою Тажикстанда болуп өткөн атуулдук согуш;
- Экологиялык жактан жабыркаган аймактардын болушу, Борбордук Азиянын ар кайсыл райондорундагы антропогендүү жана техногендүү катастрофалардын өсүшү;
- Региондун мамлекеттеринин тышкы чек араларынын натыйжалуу коргонулбагандыгы коллективдүү коопсуздуктун эффективдүүлүгүн төмөндөтүүсү;
- Өткөөл мезгилдин шарттарына байланыштуу коомчулуктун модернизация жолуна өтүшүнүн негизинде региондун мамлекеттериндеги социалдык-экономикалык оорчулуктардын сакталып турушу;

[81] Деловые вести. – 2006. – №5. – 9-б.

• Региондогу ички “чек аралык тилкелердин” болушу мамлекеттер аралык мамилелерде оор саясий түйшүктөргө алып келди.

Бул азыркы күнгө чейин чыныгы эффективдүү жана ар тараптын кызыкчылыктарын эске алган коопсуздук системасын куруу боюнча себептердин толук эмес тизмеси. Көрсөтүлгөн коркунучтардын арасынан өзгөчө орунду диний (ислам) радикализмдин өсүшүнө, наркотрафик маселесине, трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка байланыштуу маселелер өзгөчө орун алат. Азыркы мезгилде Борбордук Азиядагы коопсуздук чөйрөсүндөгү абалды ушул факторлор түзүүдө.

Акыркы жылдары жалпы коркунучтарга бирдиктүү карама-каршы туруу Борбордук Азия өлкөлөрүн бирктирүүчү негизги факторлордун бири болуп калды. Ал түздөн түз региондун ичинде бир катар коопсуздук структуралардын түзүлүшүндө жана Борбордук Азия мамлекеттеринин региондон тышкаркы коопсуздук системаларына кирүүсүнөн көрүнүүдө. Аларга азыркы күндө Биргелешип коопсуздукту сактоо Уюму (ОДКБ), КМШнын жана ШКУнун антитеррористтик борборун киргизүүгө болот.

Шанхай кызматташтык уюму “Шанхайлык бешилтиктен» (Россия, Казакстан, Кыргызстан, Таджикстан, Кытай Эл Республикасы) түзүлгөн. Бул уюм чек арада, аскер чөйрөсүндө биргелешип иш алып баруу боюнча Келишимдин (1996ж.) жана чек арадагы аскердик күчтөрдү кыскартуу жөнүндөгү Келишимдин (1997ж.) негизинде пайда болгон.

Шанхайлык жана Москвалык саммиттер алты жылдан кийин түзүлгөн уюмдун негизги уюткусу болуп каолды.

“Бешилтиктин” 1998-жылы Алматы шаарында өткөн үчүнчү саммитинде регионалдуу жана азиялык коопсуздук

маселелери боюнча терең консультацияларды жүргүзүүнүн мындан ары улана бериши керектиги жөнүндө билдирүүлөр жасалган. Алардын ичинде, соода, экономика, энергиялык ресурстар чөйрөсү, этносепаратизм, диний экстремизм, эл аралык терроризм жана трансулуттук кылмыштуулук маселелери да болгон.

Беш өлкөнүн 1999-жылы августта Бишкекте өткөн төртүнчү саммитинде жогоруда аталган маселелер боюнча кызматташууну ар тараптан өнүктүрүү идеялары каралган. ШКУнун башчылары Бишкек Декларациясына кол коюшкан. Ал жерде “Шанхай бешилтигине» кирген мамлекеттер жаңы коркунучтарга каршы күрөштө активдүү иш аракеттерди жүргүзөөрү белгиленген.

Ал үчүн россиялык тараптын, беш өлкөнүн коргоо жана тышкы иштер министрлектеринин, укук коргоо уюмдарынын башчыларынын жолугушууларын өткөрүү боюнча сунушу колдоого алынган. Шериктештик иштер боюнча программалар жана проекттер боюнча конкреттүү иш чараларды жүргүзүү максатында экономикалык эксперттердин биргелешкен жумушчу топторун түзүү сунушталган. “Бешилтиктин» аны менен кошо “алтылыктын» биргелешкен иш аракеттеринин негизги багыттарынын бири – эл аралык терроризмге, сепаратизмге, экстремизмге, баңгизаттын таралышына, курал жарак сатуу, мыйзамсыз миграция жана транс чек аралык башка кылмыш түрлөрүнө каршы иш аракеттерди көрүү ж.б. болгон.

2000-жылдын март айында жогоруда аталган проблемаларга байланыштуу Астана шаарында коргоо министрлеринин биринчи жолугушуусу өткөн. Бул мезгилден бери аскердик чөйрө боюнча жолугушуулар пландуу негизде өтүп

жатат. ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин атайын кызматтарынын жана укук коргоо органдарынын жетекчилеринин "Бишкек тобу" түзүлгөн[82].

"Шанхай бешилтигинин" бешинчи саммити 2000-жылы июлда Душанбе шаарында өтүп, Борбордук Азиянын өлкөлөрүнүн өнүгүүсүндөгү негизги маселелери талкууланган. Ал коопсуздук, коргоо, укук коргоо иши, тышкы саясат, экономика, айлана-чөйрөнү сактоо, маданиятка караштуу суроолор. Жолугушуунун натыйжасында кабыл алынган декларацияда беш мамлекеттин башчылары "Шанхай бешилтигин" көп тараптуу кызматташуунун регионалдуу структурасына айлантууга ниеттерин билдиришкен. Мындан тышкары, саммиттерди өкмөт башчыларынын жолугушуулары, тышкы иштер министрлеринин жыл сайын өтүүчү кеңештери менен толукталышы жөнүндөгү идеялар жактырылган.

Бул саммитте байкоочу катары алгачкы ирет Өзбек Республикасынын президенти И.Каримов катышкан. Өзбекстандын ШКУга катышууга болгон кызыгуусу эл аралык терроризм менен исламдык радикализмдин улам күчөп жаткан коркунучуна байланыштуу болгон. ШКУнун мүчө-мамлекеттери региондун эң ири мамлекеттердин бири регионалдуу коопсуздук системасын бекемдетүү процессине толук кандуу катышуусун көңүлгө албай кое алган жок.

2001-жылы июнда Шанхайда алты мамлекет башчыларынын жолугушуусу (Россия, Кытай, Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Өзбекстан) болуп өткөн. Анын жүрүшүндө Шанхай кызматташуу уюмунун түзүлүшү тууралуу жарыяланган. Бул жаңы регионалдык бирикмеде негизги жарыялан-

---

[82] *Ю.В.Косов., А.В.Торопыгин* Содружество независимых государств. – М., 2009. – 150-б.

ган максаттар төмөнкүлөр болгон: мүчө-мамлекеттердин арасында ишеним, достукту бекемдөө, саясий, соода-экономикалык, илимий-техникалык, маданий, билим-берүү, энергетикалык, транспорттук, экологиялык ж.б. чөйрөлөрдө эффективдүү кызматташууну колдоо; региондо стабилдүүлүктү, коопсуздукту жана тынчтыкты камсыз кылуу.

"Шанхай бешилтиги" убакыттын өтүшү менен таасирдүү уюмга айланган. Эми ага Өзбекстан кошулду. ӨР президенти И.Каримов айтып кеткендей: "Биз ШКУга түшүнүү менен кирип жатабыз Жаңы уюмдун приориттери катары коопсуздук жана стабилдүүлүк маселелерин эсептейбиз»[83]. Өзбекстандын Шанхай кызматташуу уюмуна мүчө болуп кириши объективдүү зарылдык болгон, анткени республика Борбордук Азия региондун бир бөлүгүн ээлейт, ал жерде жүрүп жаткан процесстерден четте кала албайт. Ошентип, тынчтык прициби эми Тынч океандан Европага чейинки мейкиндикте ишке ашырылган.

ШКУ саммитинде кабыл алынган Декларацияда уюмдун түзүлүшүнүн прицципиалдуу багыттары жарык көргөн. Терроризм, сепаратизм жана экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө Конвенция кабыл алынган. Ал региондун мамлекеттеринин баардыгына карата коркунуч жана чакырууларга коллективдүү каршы туруунун укуктук негизин түздү. Конвенциянын негизинде ШКУнун ичинде регионалдуу терроризмге каршы структурасы түзүлгөн. Ал уюмга кирген өлкөлөрдөн атайын органдарынын терроризм, сепаратизм жана экстремизмге каршы күрөштү бирдиктүү иш аракеттерин координа-

[83] Вечерний Бишкек. – 2001. – 18- июнь.

циялоо, колдоо үчүн түзүлгөн такай иштөөчү орган болуп эсептелинет.

Шанхай кызматташуу уюмунун түзүлүшү жөнүндөгү кол коюлган Декларация чоң тарыхый мааниге ээ болгон документ. Азыркы күндө ШКУнун толук кандуу мүчөлөрү болгон алты мамлекеттин 7 миң километрге созулган жалпы чек арасы бар. Экономикалык жана саясий күчтөрдүн бириги-шинин негизинде тынчтык мамилелерди чечүүнү көздөйт. Чек арадагы ишениминен башталган кызматташуусунан, “Шанхай бештиктин” мүчөлөрү бири бирин колдоо принциптерин экономикалык проблемаларды жана регионалдуу коопсуздуктун маселелерин чечүүгө багыттаган. Бул уюм тынчтык менен стабилдүүлүктү камсыз кылууда Евразиялык континентте чоң таасирге ээ.

ШКУ жаңыдан пайда болгондон баштап ал дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн өзүнө тартты. ШКУга болгон дүйнөлүк кызыгуу эмнеде?

Биринчиден, уюмга БУУнун коопсуздук Кеңешинин беш өлкөнүн экөө мүчө катары кирет. Алар эл аралык мамилелердеги өтө таасирдүү болгон мамлекеттер – Кытай жана Россия. Бул жерге коопсуздук маселелсине тиешелүү Борбордук Азиялык стратегиялык мамлекеттери кирет. Алар ири өлчөмдөрдөгү энергетикалык ресурстарга ээ. Биргелешкен демографиялык жана территориалдык потенциалды, эки ядролук державалардын жана БУУнун коопсуздук кеңешинин туруктуу мүчөлөрүнүн белгиленип калган стратегиялык шериктештигин, Уюмга кирген өлкөлөрдүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн эске алганда ШКУ дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн өзүнө бура албай койбойт эле.

Экинчиден, Уюм мүчө-өлкөлөрдүн экономикасынын же аскердик күчтүн деңгээлине карабастан толук кандуу мүчөлүктүн реалдуу иштеп жаткан принциптеринде түзүлүп жатат.

Үчүнчүдөн, саясий, экономикалык жана башка маселелер боюнча Уюмдун мүчөлөрү толук консенсус, бири бирин түшүнүү, ой-пикирлерин урматтоо жолу менен кабыл алынат. ШКУнун мүчөлөрүнүн добушу бирдей, ошондуктан мындай көрүнүш ушуга окшогон башка уюмдарда ар дайым кезиге бербейт.

ШКУнун так түзүлүш структурасы, ал өз кыймыларакеттерин тез жана эффективдүү координациялоого мүмкүнчүлүк берет.

Бешинчиден, ШКУ ичиндеги кызматташуунун көп тараптуулугу. Ал, эл аралык жана регионалдык коопсуздугуна караштуу маселелеринен баштап маданият менен билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташуу менен аяктаган ар түрдүү чөйрөлөрдү камтыйт.

Акыркы мезгилдерде Уюм үчүн приоритетүү болуп калган терроризмге каршы багыт алуу 2001-жылдын 11-сентябрь окуяларынан кийин жаңы кошумча импульс алды. ШКУнун мүчө-өлкөлөрү АКШда болгон окуяга чейин эле Афганистанда отурукташып калышкан террористтик күчтөрүнүн коркунучуна дуушар болушкан. ШКУ мүчө өлкөлөрү мурунтан бери эле эл аралык коомчулукту дүйнөгө коркунуч келтирип жаткан көрүнүштөрүнүн масштабдарын туура баалоосу боюнча кайрылган жана буларга каршы иш аракеттерди улуттук деңгээлде, эки тараптык мамилелерде жана Уюмдун чегинде жүргүзгөн.

ШКУнун мамлекет башчылары алгачкылардан болуп АКШда болуп өткөн кайгылуу окуяларды кескин түрдө айыптаган. Аны менен кошо, ал өлкөнүн бул шарттардагы мүмкүн боло турган эл аралык терроризмге каршы туруу боюнча иш аракеттерди көрүүдө колдоо көрсөтүү жөнүндө айтылган.

2001-жылдын 11-сентябрында Бишкекте ШКУнун башчыларынын демилгеси боюнча "Бишкек тобунун" кезексиз отуруму болуп өткөн. Анын соңунда атайын билдирүү кабыл алынган. Ал жерде дүйнөлүк масштабдагы зомбулуктун күчөп жатышына тынчсыздануу билдирилип, Борбордук Азия регионундагы экстремизм менен эл аралык терроризмдин аракеттерине каршы туруу боюнча конкреттүү иш чаралар белгиленген.

Афганистандагы антитеррористтик операциясынын ийгилигин бекемдетиши үчүн ШКУнун 2002-жылдын 7-январында Пекинде өткөн тышкы иштер министрлеринин кезексиз жолугушуусу чоң маанига ээ болгон. Анын жүрүшүндө ШКУ мүчө-өлкөлөрүнүн терроризмге каршы глобалдуу күрөш жүргүзүүнүн принципиалдуу негиздери жана перспективалары, Афганистандагы абалдын чечилиши жана өлкөнүн уюштурулуусу, коопсуздук чөйрөдө жана өнүгүүдө биргелешкен иштердин конкреттүү багыттары, көрсөтүлгөн маселелерди чечүүдө ШКУнун орду жана ролу аныкталган.

Көрсөтүлгөн билдирүүдө Афганистандын коңшуларын бириктирген ШКУ уюму бул өлкөнүн конфликттен кийинки уюштурулушу боюнча активдүү катышууга ниеттенип жаткандыгы, кенен планда-регионалдуу коопсуздукту жана стабилдүүлүктү орнотууда активдүү ролду ойноого даяр экендиги айтылган. ШКУнун мүчө өлкөлөрү тарабынан убактылуу

Афган администрациясынын Афганистан мындан кийин эч качан терроризмдин, сепаратизмдин, баңги заттын таралуу уюгу болбостугу тууралуу ишенимдүү гарантияларды түзүү боюнча иш-аракеттерди активдүү колдоого өзгөчө көңүл бурулган.

ШКУ эл аралык коомчулукту БУУнун чегинде Афганистанда абалдын жаңы дестаблизациясын жолотпоо максатында, тынч жана бейтарап афган мамлекетин куруу боюнча иш аракеттерди көрүүгө чакырды. Афганистанга тигил же бул башкаруу формаларын таңуулоо, бул өлкөнү кимдир бирөө өз таасир чөйрөсүнө тартуу боюнча кандайдыр бир аракеттер жаңы кризиске алып келиши мүмкүн, ал эми келечектеги саясый түзүлүштү, структураны жана бийлик органдарынын мүнөзүн тандоо – афган элинин өз укугу болуп эсептелине тургандыгы айтылган.

ШКУ мүчө мамлекеттери Афганистанга гуманитардык жардам берүүдө өз салымын кошоорун билдирген. Ошол эле документте уюмга мүчө мамлекеттери терроризмге каршы глобалдуу күрөштүн жалпы перспективалардын өзгөрүшүн көрсөткөн. Афганистандагы талибдердин режиминин кыйрашы автоматтык түрдө эл аралык терроризмдин топторун жана курамдарынын жок болушун билдирбейт. Уюмдун мүчө мамлекеттери терроризмдин бүтүндөй түрлөрүнө каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүүдө, саясий максаттарга жетишүү үчүн террористтик методдорду колдонууга каршы чыгууда. Терроризм, алардын ою боюнча, конкреттүү бир улутка же динге тиешеси жок, терроризмге каршы күрөш жеке улуттарга, диндерге, мамлекеттерге каршы күрөшкө айланып кетпестигин эскертет. Терроризмге каршы күрөштө эффективдүү деңгээлде камсыз кылуу керек, ал глобалдуу, регионалдуу, улуттук

деңгээлде жүргүзүлүшү керек, жана бул күрөш бир багыттуу жана “экилик стандарттардан” алыс болушу зарыл.

ШКУнун мүчө мамлекеттеринин бардыгы террористтик коркунучтан тынчсызданууда, мүчө-мамлекеттердин терроризмге каршы күрөшүн түшүнүү менен кабыл алып, аны эл аралык терроризмге каршы жүргүзүлгөн күрөштүн маанилүү бөлүгү катары эсептешет. Ошол эле министрлердин биргелешкен билдирүүсүндө эл аралык терроризмге каршы күрөштү башкы роль БУУна жана анын коопсуздук Кеңешине таандык экенин уюмдун мүчө мамлекеттери түшүнүп жаткандыгы билдирилди. Антитеррористтик операциялардын баардыгы БУУнун уставынын максаттарына жана принциптерине жана башка кабыл алынган эл аралык укуктун нормаларына жооп бериш керек. Алардын чектери өз алдынча бузулбаш керек, жеке мамлекеттердин ички иштерине кийлигишүүсү менен өтпөш керек. Ошол эле документте, терроризмге каршы туруу иш-аракеттери регионалдуу, субрегионалдуу жана улуттук структураларына таяныш кереги тууралуу жалпы ой билдирилип, жакынкы мезгилде ШКУнун антитеррористтик структурасынын түзүлүшүн Бишкекте аяктоосу жөнүндө ниетин билдиришти.

Ушуга окшогон структуралар башка регионалдуу жана субрегионалдуу бирикмелерде дагы түзүлөөрүнө үмүтүн жана ал терроризмге каршы эл аралык күрөштө жардам берээрин билдирген[84]. ШКУ мүчө мамлекеттеринин жаңы чакырууларга-баңги зат таратуу, уюшулган трансулуттуу кылмыштуулук, курал-жаракты мыйзамсыз сатуу, легалсыз миграция ж.б. каршы күрөшүү ишенимдүү динамиканы көрсөтүүдө.

---

[84] ШОС в борьбе с террроризмом, экстремизмом и сепаратизмом // Центральная Азия и Кавказ. – 2002. – №2(20). – 14-б.

1998-жылы “Шанхай бешилтиктин” ичинде мүчө-мамлекеттердин атайын кызматтарынын, укук коргоо органдарынын башчыларынан “Бишкек тобу” түзүлгөн. Алар ар дайым тиешелүү маселелерди кароо үчүн жолугушуп, иш жүргүзүүдө.

2002-жылы Санкт-Петербургда өткөн ШКУ мамлекеттердин саммитинде терроризмге каршы жүргүзүлгөн күрөштү үлгү катары алып, ошондой кызматташууну баңги затты таратуу, курал-жаракты мыйзамсыз сатуу ж.б. трансулуттук кылмыштуулуктун башка түрлөрүнө каршы күрөштү институционалдаштыруу ишин баштоо маселеси каралган[7685].

Бул процесстер 2001-жылдын 11-сентябрдагы ШКУнун биригишине түрткү берип, анын түзүлүш процессинин өнүгүүсүнө дем бергенин тастыктайт. Санкт-Петербургдагы саммитте бир катар маанилүү документтер кабыл алынган. Алардын ичинде Шанхай уюмунун Хартиясы –ШКУнун негизги уставдык документи (бул окуя ШКУнун толук масштабдуу эл аралык уюм катары түзүлүү процессин аяктатты); ШКУ-мүчө мамлекеттердин ортосундагы регионалдуу антитеррористтик структурасы жөнүндө келишим жана мамлекет башчылардын Декларациясы.

Афганистандын коңшуларын бириктирген ШКУ уюму бул өлкөнүн согуштан кийинки абалын жакшыртуу иштеринде активдүү катышууда, кеңири планда регионалдуу стабилдүүлүктү жана коопсуздукту камсыз кылууга катышуу.

ШКУ – бул аскердик альянс болуп эсептелбейт. Ал уюмдун мүчөлөрүнүн кеңейүүсүнө мүмкүнчүлүк берген эл

---

[85] *Джоробекова А.Э.* Основные тенденции и направления интетрационных процессов в Центральной Азии. – Бишкек, 2007. – 131-б.

аралык кызматташууга багытталган ачык бирикме[86]. "Шанхай процессинин" башкы жетишкендиктеринин бири бул, Кытай Эл Республикасынын чек арасындагы маселелерди төмөндөтүү, анын эки тарабында 100 км өлчөмүндөгү зоналарды түзүү менен биргелешкен аскердик инспекцияларын өткөрүү болуп саналат.

Шанхай Кызматташуу уюмунун Хартиясынын 1 беренесине ылайык Уюмдун максаты жана маселелери төмөнкүчө аныкталган:

- мүчө-мамлекеттердин арасында өз ара ишенимдүүлүктү, достукту жана тынчтыкты бекемдөө;
- тынчтыкты, коопсуздукту жана стабилдүүлүктү бекемдөө, колдоо максатында көп тараптуу кызматташууну өнүктүрүү, жаңы демократиялык, адилет, эл аралык экономикалык жана рационалдуу саясый тартипти курууга көмөк көрсөтүү;
- терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге алардын бүтүндөй көрүнүштөрүнө биргелешип каршы туруу, баңги заттын таралышына, курал-жарактын мыйзамсыз сатылуусу, трансулуттук кылмыштуулуктун башка түрлөрүнө каршы күрөш жүргүзүү;
- саясий, соода-экономикалык, коргонуу, укук, табият коргоо, маданият, илимий-техникалык, билим берүү, энергетика, транспорт, кредит-финансылык ж.б. кызыгууну туудурган башка чөйрөлөрдө эффективдүү регионалдык кызматташууну колдоо;

[86] *Лукин А.* ШОС: проблемы и перспективы // Международная жизнь. – 2004. – .№3. – 123-б.

- ар тараптуу жана балансталган экономикалык өсүшкө колдоо көрсөтүү, биргелешкен иш-аракет аркылуу тең укуктуулуктун негизинде ШКУнун мүчө мамлекеттердин калкынын жашоо шарттарын оңдоо жана турмуш деңгээлин жогорулатуу максатында региондун социалдык жана маданият өнүгүшүнө колдоо көрсөтүү;
- дүйнөлүк экономикага интеграцияда жолдорду координациялоо, мүчө өлкөлөрдүн эл аралык милдеттемелерине жана алардын улуттук мыйзамдарына ылайык адамдын негизги эркиндиктерин жана укуктарын камсыз кылуу боюнча колдоо көрсөтүү;
- башка мамлекеттер, эл аралык уюмдар менен мамилелерди өнүктүрүү жана колдоо; эл аралык конфликттерди болтурбоодо жана аларды тынчтык жол менен чечүүдө биргелешип аракет көрүү;
- XXI кылымда пайда боло турган проблемдеринин чечилишин биргелешип издөө.

4-берене Уюмдун структурасына арналган. Ага ылайык ШКУнун ичинде мамлекет башчыларынын Кеңеши; өкмөт башчыларынын Кеңеши; тышкы иштер министрлеринин Кеңеши; министрликтер менен ведомстволордун жетекчилеринин Кеңешмеси; улуттук координаторлордун Кеңеши; регионалдуу антитеррористтик структурасы; Секретариаты бар.

Регионалдуу антитеррористтик структура алгачкы ирет Бишкекте жайгашкан, ал эми 2004-жылы Ташкентке көчкөн. Ал ШКУнун такай иштеп турган органы. Анын негизги маселелери жана функциялары, түзүлүш жана финансылоо принциптери, ишмердүүлүк тартиби өзүнчө эл аралык

келишим менен жүргүзүлөт. Секретариат Пекин шаарында жайгашкан.

2003–2004-жылдардын чегинде ШКУнун механизмин ишке киргизүү процесси аяктады. Бул жерде кеп Секретариаттын, регионалдуу антитеррористтик күчтөрдүн жумушунун башталышы жана финансылык-бюджеттик маселелерди чечүү жөнүндө болуп жатат.

ШКУнун Москвада (2003-жылдын май айында) жана Ташкентте (2004-жылдын июнь айында) өткөн саммиттеринде бир катар маанилүү чечимдер кабыл алынган. Москвада өткөн саммитинде ШКУ мамлекеттердин башчылары Декларацияга кол коюп, уюмдун нормативдик документтеринин комплексин бекитишкен. Декларацияда БУУнун Уставынын негизги максаты менен принциптеринин аткарылуусунун керектиги айтылат.

Россия, Кытай, Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Таджикстан башчылары бири бирине ишенүү, өз ара пайдалуу, тең укуктуулук жана кызматташууда негизделген жаңы коопсуздук концепциясын иштеп чыгып, иш жүзүнө ашырылыш керек деп эсептейт. ШКУ өлкөлөрдүн лидерлери терроризмге каршы күрөш эл аралык укуктун принциптеринин жана нормаларынын негизинде жүргүзүлүш керек экендигин жана аны кайсы бир дин, өлкө же улутка каршы күрөшкө айланып кетпешин белгилөөдө.

Декларацияда баңги заттын таралышына каршы туруууда көп тараптуу кызматташууну күчөтүүгө чакыруу камтылган. ШКУ мамлекеттеринин президенттери ШКУнун уставдуу органдарынын жана анын финансылык механизминин иштөө тартибин регламенттештирген документтердин комплексин

бекиткен[87]. ШКУнун Ташкенттик саммитинде белгиленгендей (2004-жыл, июнь) бул Уюмдун такай иштөөчү органдарынын ишке кирүүсү менен ал өз өнүгүүсүнүн жаңы этабына ар түрдүү чөйрөлөрдө толук масштабдуу кызматташууну жүргүзүүгө киришти.

ШКУнун Ташкент Декларациясынын кабыл алынышы ШКУнун курулушуна өтүү этабынын аяктап, жарыяланган уставдык максаттарын иш жүзүнө ашыруу этабынын башталышын даңазалайт.

Ташкент декларациясынын негизги пункттары: терроризм, экстремизм жана баңги затка каршы күрөшүү. Ал жерде айтылган терроризмдин глобалдуу коркунучуна ага каршы туруу глобалдуу система коюлуш керек. Анын борбордук уюгу БУУ баш болуп, регионалдуу, субрегионалдуу жана улуттук структураларга таяныш керек. ШКУнун ичинде азыркы учурдун коркутууларына жана чакырууларга каршы туруу жана шериктештик жөнүндө программалык документти иштеп чыгуу боюнча сунуш киргизилген. Бул ШКУну глобалдуу антитеррористтик коалициянын маанилүү бөлүгүнүн бири болуп калууга мүмкүнчүлүк берет. Анын реалдуу иштеген жана башкарган борбору ШКУнун регионалдык антитеррористтик структурасы, мүчө-өлкөлөрүн терроризм менен экстремизмге каршы туруудa активдүү катышуусун камсыз кылган.

2005-жылы июль айында Астанада өткөн ШКУ мүчө өлкөлөрүнүн башчыларынын саммитинде кабыл алынган чечимдер бул программаны мындан ары ишке ашыруу боюнча дагы бир кадам болду. Региондун мамлекеттери үчүн

[87] Слово Кыргызстана. – 2003. – 3-июнь.

ШКУдагы мүчөлүк тышкы саясий потенциалды активдүү колдонуп, коопсуздук чөйрөсүндө бир катар маанилүү маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк алышты.

Алардын ичинде:

- КЭР (Кытай Эл Республикасы) чек арасындагы талаш участкаларын чечүү жана аскердик-саясий абалды жөнгө салуу,
- Борбордук Азия жана Кавказ өлкөлөрүнө бирдей коркунуч туудурган глобалдуу коркутууларга биргелешип каршы туруу боюнча укуктук жана институционалдык базасын куруу,
- Борбордук Евразиянын бир бөлүгү болгон Борбордук Азия регионунда саясий, экономикалык, транспорт-коммуникациялык, энергетикалык чөйрөлөрдө көп тараптуу кызматташуунун ыңгайлуу режимин түзүү[88].

Борбордук Азия мамлекеттеринин кызыкчылыктарынан караганда ШКУнун ичиндеги аскер-экономикалык жана саясий кызматташуу бир бирин толуктап, коопсуздуктун бирдиктүү мейкиндигин түзүүгө көмөк кылат.

Борбордук Азиядагы өзүнчө бир мамлекеттин экономикалык өнүгүү стратегиялары бири-биринен абдан айырмаланып турат. Бирок, Борбордук Азиялык интеграция регионалдык коопсуздук, айрыкча, экономикалык чөйрөдөгү талаптар менен шартталган. Борбордук Азия мамлекеттеринин экономикалары тышкы атаандаштарга карата өз ара соодада бажы чек араларын толук бойдон ачууга жана тарифтик тоскоолдуктарды катуу сактоого али даяр эмес болушкан. Региондун мамлекеттери тышкы экономикалык

[88] *Ким Мин Чул* Система региональной безопасности Центральной Азии в условиях глобализации. – Бишкек, 2009. – 149-б.

ишмердүүлүктүн ачык майданын камсыздоосу үчүн өздөрүнүн жеке өнөр жай базасын бир кыйла бекемдеши, экспорттук потенциалын чыщдашы, өнөр жай тармактарынын кайра иштетилген продукцияларынын экспортун көбөйтүшү жана диверсификациялашы, улуттук валютанын толук колдонулушун камсыздашы зарыл эле.

Мындан тышкары, экономикалык жактан бири-бирин толуктоо акыр аягында, интеграциянын өбөлгөсү эмес, ал эми анын натыйжасы болуп саналган. Ошондуктан, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн регионалдык интеграциясынын тереңдешинин өлчөмүнө жараша айлана-чөйрөгө карата мамилени, региондун суу ресурстарын биргелешип пайдалануу зарылдыгын, табигый ресурстарды иштетүү жаатында күч-аракеттерди бириктирүүнү, мамлекеттердин саясатын түп-тамырынан бери жакшыртуу зарылдыгын бардыгы түшүнө башташкан.

Ошентип, 1993-жылы 4-январда Ташкентте мамлекет башчылары: Казакстан Республикасынын Президенти Н.Назарбаев, Кыргызстандын Президенти А.Акаев, Тажикстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Э.Рахмонов, Түркмөнстандын Президенти С.Ниязов, Өзбекстан Республикасынын Президенти И.Каримовдун жолугушуусу болгон[89]. Жолугушуунун катышуучулары региондун мамлекеттериндеги саясый жана экономикалык абалдарды толук талкуулашкан. Бул мамлекеттердин арасындагы экономикалык жана гуманитардык байланыштарды тең укуктуулугун жана өз ара пайдалуулугун андан ары бекемдөө маселелери боюнча пайдалуу пикир алмашуу болгон.

[89] КР ПА. 1994. Ф.1. Д.17-4. 62-б.

КМШдагы абал каралган, өз ара кызыкчылыктарды билдирген башка маселелер да талкууланган.

Талкуунун жүрүшүндө рынок мамилелерине этаптуу өтүү шарттарында экономика, каржы жана башка чөйрөлөрдө макулдашылган саясаттын болушунун зарылдыгы тууралуу сунуштар айтылган.

Жолугушууда региондун мамлекеттери арасындагы эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдерди жана соода-экономикалык макулдашууларды аткаруунун жүрүшү талданып, анализделген. Алар саясый, экономикалык, социалдык жана гуманитардык проблемалардын конструктивдүү чечилишине негиз болгондугу, анын ичинде – өндүрүштүн, инфляциянын, калктын жашоо деңгээлинин төмөндөшүнүн натыйжаларын кандайдыр - бир деңгээлде жумшарткандыгы белгиленген.

Жолугушуунун катышуучулары региондун өлкөлөрүнүн арасындагы экономикалык өз ара аракеттин тыгыздыгы бир кыйла маанилүү экендигин баса белгилешкен. Мамлекеттер аралык жана өкмөттөр аралык келишимдер менен макулдашуулардын аткарылышын дайыма көзөмөлдөөнүн конкреттүү механизмин иштеп чыгууга келишим түзүүгө жетишилген.

Мындан тышкары, элчилерди алмашуу тууралуу чечим кабыл алынып, Тышкы иштер министрликтерине 1993-жылдын 1-февралына чейин бул маселелерди белгиленген тартипте чечүү тапшырылган.

Мамлекет башчыларынын пикир алмашууларынын натыйжасында өкмөттөргө баа саясаты, коммуникацияны өркүндөтүү, энергия менен камсыздоо, региондун мамлекеттеринин кызыкчылыгында Арал жана Каспий деңиз-

деринин маселелерин иштеп чыгууну тапшырмалары берилген. Тараптар Аралды сактап калуу Эл аралык фондун түзүү жөнүндө чечим кабыл алышкан. Фонддун отурумун Кызыл-Ордодо, Нукуста жана Чаржоуда өткөрүүнү зарыл деп табылган[90].

1994-жылы 29–30-апрелде Кыргызстанда (Чолпон-Ата ш.) Борбордук Азия мамлекеттеринин үч Президенти: А.Акаевдин, Н.Назарбаевдин, И.Каримовдун жолугушуусу өткөрүлгөн. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө тараптар достук мамилелерди жана мамлекеттер аралык кызматташтыктын бардык чөйрөлөрүн андан ары өнөктүрүүнү бекемдөө зарылдыгын белгилешкен[91].

Казакстандын, Кыргызстандын жана Өзбекстандын Президенттери бири-бирине өз өлкөлөрүндөгү коомдук-саясый кырдаалдар тууралуу маалымат беришип, өз ара кызыкчылыкты билдирген маселелердин кеңири спектрин талкуулашкан. Тараптар Борбордук Азиядагы, КМШдагы, ошондой эле, бир катар эл аралык проблемалар боюнча түзүлгөн кырдаалдар тууралуу пикир алмашышкан.

Мамлекет башчылары региондогу жана КМШдагы жалпы экономикалык байланыштардын тереңөө тенденциясын көрсөтүшкөн. Жолугушуунун жүрүшүндө Өзбекстан, Казакстан жана Кыргызстан ортосунда Бирдиктүү экономикалык мейкиндик түзүү жөнүндө келишимге кол коюлган.

Интеграциянын максаты Келишимдин биринчи беренесинде аныкталган. Ага ылайык, бирдиктүү экономикалык мейкиндик Кыргыз Республикасынын, Казакстан Республи-

---

[90] КР ПА. 1994. Ф.1. Д.17-4. 62-б.; Каращыз*: Каана Айдаркул.* К=рс=т. чыг. – 282-б.
[91] Известия. – 1994. – 4-май.

касынын жана Өзбек Республикасынын арасындагы экономикалык интеграцияны тереңдетүү боюнча биргелешкен программаларды ишке ашыруу жана өнүктүрүү максатында түзүлөт, жана товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, капиталдардын, жумушчу көчөнөн эркин жөгөртөлөшөн шарттап, макулдашылган насыя-эсептик, бюджеттик, бажы жана валюта саясатын камсыздайт[92]. Бул интеграциялык бирикме биринчи башталганда Борбордук Азиялык Союз (ЦАС) аталышын алган.

Борбордук Азиялык мамлекеттердин экономикалык интеграциясынын жаңы деңгээлин билдирген бул Келишимди турмушка ашыруу боюнча механизмди иштеп чыгуунун маанилүүлүгү өзгөчө белгиленген, анда экономикалык өз ара аракеттердин жолунда бажы тоскоолдуктары, эки тараптан салык салуу өңдүү кыйынчылыктарды жоюу, валюта алмаштыруу пункттарын ачуу ж.б. процесси улантылган.

Тараптар анын Шериктеш өлкөлөрдүн Экономикалык Союзун түзүү жөнүндөгү Келишимдин жоболоруна толук түрдө ылайык келе турганын жана ага КМШнын бардык өлкөлөрү кирүүгө мүмкүнчүлүк бар экендигин белгилешкен.

Жолугушуунун катышуучулары Борбордук Азия элдеринин кызыкчылыктарында эл аралык кызматташтыктын жаңы формалары жана структураларын издөөнү улантууга даяр экендиктерин билдиришкен.

Тышкы иштер министрликтерине мамлекеттер аралык келишимдик-укуктук базаны андан ары өнүктүрүү жөнүндө өз ара кызыкчылыкты билдирген маселелер боюнча консуль-

---

[92] *Омаров Н. М.* Внешняя политика Кыргызской Республики в эпоху стратегической неопределенности. – Бишкек, 2005. – 133-б.

тацияларды регулярдуу өткөрүү тууралуу тапшырмалар берилген.

Бул конструктивдүү жана жемиштүү сүйлөшүүлөр биздин өлкөлөр арасындагы тарыхый достукту, өз ара төмөндөшүнө жана кызматташтыкты андан ары өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө кызмат кылган[93].

1994-жылы 1-июлда Чымкентте Борбордук Азиялык региондун үч мамлекети – Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстандын башчыларынын жолугушуусу болгон. Үч өлкөнүн жетекчилери: А.Акаев, Н.Назарбаев, И.Каримов Экономикалык союздун башкаруу органдарын, экономикалык интеграцияны тереңдетүү боюнча аткаруу комитетин түзүү жөнүндөгү маселелерди талкуулашкан. Жолугушуунун аягында мамлекет башчылары Кыргызстандан, Казакстандан жана Өзбекстандан миграциялык процесстерди кыскартуу шарттарын түзүү боюнча программа жөнүндөгү коммюникеге кол коюшкан[94].

Ошентип, Борбордук Азия өлкөлөрөнүн Бирдиктүү экономикалык мейкиндигин түзүү идеясы саясый реалдуулук болуп калган. 1994-жылы 8-июлда Алматы шаарында өткөн Кыргызстандын, Казакстандын жана Өзбекстандын Президенттеринин жолугушуусунда интеграциялык процесстерди практикалык иштердин нугуна өткөрө турган документтерге кол коюлган. Бул өлкөлөрдүн өз ара мамилелеринин тарыхындагы жаңы тилке башталган. Сүйлөшүүлөрдө жетишилген келишимдер интеграцияга, экономикалардын

---

[93] Об образовании Консультативной депутатской группы по изучению вопроса о политическом и экономическом содружестве государств Центральной Азии // КР ЖК Ведомосту. – 1994. – 28-май.

[94] Республика. – 1994. – 28-июнь.

өнүгүшүнө, элдер аралык достукту бекемдөөгө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачкан.

«Элдердин ортосундагы нормалдуу мамилелердин тереңдеши, адамдардын күндөлүк турмушундагы карым-катыштарынын жеңилдеши жана маданий байланыштардын бекемделиши – булардын баары акыр аягында терең гуманисттик багытталышка ээ жана адамдык баарлашуунун обьективдүү мыйзамдары менен аныкталат. Биз бирге мыкты келечектин негизин түзөбүз. Ал биримдиксиз жана ынтымаксыз, бизде – Борбордук Азия элдеринде – тагдырыбыздын жалпылыгын жана келечегибиздин биримдикте экендигин ачык түшүнмөйүнчө эч кандай мааниге ээ эмес», – деп айтылган, мамлекет башчыларынын жолугушуусунда Кыргызстандын, Казакстандын жана Өзбекстандын элдерине кабыл алынган Кайрылууда[95]. Бул ой президенттердин миграция жаатында кызматташтык тууралуу меморандумга, Борбордук Азиялык кызматташтык жана өнүктүрүү банкын мекемелештирүү жөнүндөгү Келишимге кол коюуда негиздөөчү ой болуп калган.

Экономикалык, саясый, коргонуу жана гуманитардык чөйрөлөрдө коюлган максаттарды жүзөгө ашыруу жана күч-аракеттерди координациялоо үчүн мамлекет башчылары курамында мамлекеттердин Президенттери жана премьер-министрлери болгон Мамлекеттер аралык Кеңеш түзүүнү чечишкен.

Өкмөт мүчөлөрүнүн деңгээлинде Аскердик-техникалык кызматташуу жөнүндө келишимге, ошондой эле, республикалардын экономикалык, социалдык өнүгүшү

[95] КР ПА. 1994. Ф.1. Д.17-б. 102-б.;

жаатында мамлекеттер аралык макулдашуулар жана келишимдер менен маалыматтык камсыздоого жетишилген.

Кабыл алынган документтердин конструктивдүү мүнөзү, практикалык багытталышы биздин элдердин жемиштүү, өз ара пайдалуу, тең укуктуу өнөктөштүгүнө кызмат кылган[96].

Бул өлкөлөрдүн бакубат жашоо деңгээлдерин көтөрүү кызыкчылыгында экономикалык реформаларды жүргүзүү жана алардын өнүгүшүн координациялоого багытталган Ташкент жана Чолпон-Ата жолугушууларынын курстарынын улантылышы далилденген.

Эки өлкөнүн арасындагы жетишилген келишимдерди бекемдөө жана ишке ашыруунун активдүү ролун Борбордук Азия кызматташтык жана өнүктүрүү банкы ойногон. Анын ишмердүүлүгү 1994-жылдын август айында башталган. Атайын Келишимдерге Казакстандын, Өзбекстандын жана Кыргызстандын Президенттери өз колдорун коюшкан. «Үчөөнүн союзу» айрыкча маанилүү чөйрөдө – каржы чөйрөсүндө иш алып барган. Ушуну менен катар, банкта ар бир мамлекет тең укукка ээ болгон. Борбордук Азия кызматташтык жана өнүктүрүү банкы «Бирдиктүү экономикалык мейкиндик жөнүндөгү» Келишимдин жана «Кыргыз Республикасынын, Өзбек Республикасы жана Казакстан Республикасы ортосундагы түбөлүк достук жөнүндө Келишимдин» жоболорун практикалык турмушка ашырууга арналган. Бул маселелерди чечүүдө Борбордук Азия кызматташтык жана өнүктүрүү банкынын катышуусунун маанилүүлүгүн үч мамлекеттин башчылары Чолпон-Атадагы саммит учурунда баса белгилешкен. Алар андан ары, бул

[96] Слово Кыргызстана. – 1994. – 12- июль.

маселелерден башка энергетика, жаратылыш жана суу ресурстары, телекоммуникациялар жана азык-түлүк маселелери боюнча да эл аралык консорциумдарды түзүү маселелерин көтөрүшкөн.

Борбордук Азия кызматташтык жана өнүктүрүү банкы Борбордук Азиялык региондо биргелешкен ишмердүүлүктүн бүтүндөй өнүгүшү боюнча иш жүргүзгөн. Ал «Андижанэлектркыймылдаткыч» жана Кыргыз электрмеханикалык заводдорундагы жалпы өндүрүшкө колдонулуучу кыймылдаткычтарды өндүрүүнү, өзбек газы өчөн кыргыз «Жанар» АКда эсептегичтерди өндүрүүнү жана бир катар башка долбоорлорду кеңейтүүнү каржылаган.

Башка коммерциялык банктардан айырмаланып, Борбордук Азия кызматташтык жана өнүктүрүү банкы үч ай узактыктагы долбоорлорду эмес, эки-үч жылга созулган долбоорлорду каржылай алган. Ушуну менен катар дүйнөнүн бир катар банктары – Бэнк оф Токио, Мицубиси, Дрезден банк жана башка банктар, эл аралык каржы институттары менен активдүү иштешкен[97].

1995-жылы Алматыда, Дашховузда, Бишкекте, Нукуста жана Жамбылда, 1996-жылдын январында Көкчетауда Президенттердин жолугушуулары болгон, ошондой эле өкмөт башчыларынын, дипломатиялык ведомстволордун деңгээлинде болгон жолугушуулар Кыргыз-казак кызматташтыгын регионалдык интеграциянын чегинде андан ары өнүгүүсүнө шарттаган.

[97] КР ПА. 1996. Ф.1. Д.17-7. 148-б.; Каращыз: Слово Кыргызстана. – 1996. – 28-август.

Белгилүү болгондой, отун-энергетикалык комплекс, суу ресурстары, транспорт жана байланыш региондун масштабында бир кыйла мааниге ээ. Бул тармактар Борбордук Азиялык интеграциянын өзөгүн түзгөн. Бул багыттагы конкреттүү күч-аракеттер үч тараптуу бир катар макулдашууларга, аларды өнүктүрүүнүн бирдиктүү ыкмаларын иштеп чыгууга алып келген. Биздин өлкөлөр, өз ара эсептөөлөрдө кыйынчылыктардын бар экендигине карабай, көмүр, газ, электр энергиясы, мунайзат, эгин, суу ресурстарын, темир жол вагондорун жана башка кыймылдуу мүлк курамдарын пайдалануу боюнча өз ара жөнөтүүнүн жетишилген деңгээлин сактап кала алышкан.

Фармацевтикалык өнөр жай жана саламаттыкты сактоо жаатында кызматташтык боюнча келишимдердин чегинде өндүрүлгөн дары-дармек каражаттарын каттоого бирдиктүү талаптар, сапатын көзөмөлдөөнү жүргүзүүнүн, сертификаттоонун жана стандарттоонун бирдиктүү эрежелери иштелип чыккан жана кабыл алынган. Региондун керектөөлөрүн камсыздоо максатында кан препараттарын, ташуучу материалдарды өндүрүүнү уюштуруу маселелери иштелип чыккан.

1998-жылы 17-мартта Бишкекте үч мамлекеттин – Кыргызстандын, Өзбекстандын жана Казакстандын Премьер-министрлер кеңешинин отуруму өткөн. Анда эл аралык консорциумдарды, ошондой эле, Сыр-Дарыянын бассейниндеги суу-энергетикалык ресурстарды колдонуу, айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылышты рационалдуу пайдалануу, калктын миграциясы, саламаттыкты сактоо жана

медициналык илимдер тууралуу өкмөттөр аралык долбоорлорду түзүү маселелери каралган[98].

Кийинчерээк 1998-жылы 26-июнда Бишкекте Борбордук Азиялык Союздун өкмөт башчыларынын отуруму өткөрүлүп, анда Тажикстандын жетекчилиги да катышкан. Ошону менен регионалдык топтун курамы «үчүлүктөн» «төртүлтүккө» чейин кеңейип, юридикалык жактан катталган. Союзга жаңы катышуучунун киришине байланыштуу күн тартибиндеги маселелердин дээрлик бардыгы боюнча документтерге оңдоолор киргизилген. Бул учурдан баштап, союздун жаңы аталышы – Борбордук Азиялык Экономикалык Коомчулук (ЦАЭС) расмий түрдө күчүнө кирген. Борбордук Азиялык Экономикалык Коомчулуктагы мамлекеттер өздөрүнүн ТрансАзия – Европа (ТАЕ) байланышынын була-оптикалык линиясынын улуттук сегменттерин долбоорлоо жана куруу ишмердүүлүктөрүн ийгиликтүү координациялашкан, телевизиондук жана радиограммалар менен алмашуу үчүн Жердин жасалма спутниктерин пайдалануу боюнча долбоордун техника-экономикалык негизделишин иштеп чыгууга кызматташышкан. Жерлерди жана жолдорду мамлекеттер аралык арендалоо жөнүндө келишимдер күчүнө кирген. Башка багыттарда дагы оң жактуу жылыштар болгон[99].

Региондун өлкөлөрүнүн экономикаларын акырындык менен көтөрүү мезгилинде Борбордук Азиялык Экономикалык Коомчулуктун (ЦАЭС) ишмердүүлүгүнүн негизги

---

[98] КР ПА. 1998. Ф.1. Д.17-1. 167-б.; Station Каращыз: *Омаров Н.М.* К=рс=т. чыг. – 134-б.

[99] *Ушакова Н.* Центральноазиатское сотрудничество: направления трансформации. // Центральная Азия и Кавказ. – 2003. – №3. – 143-б.

жыйынтыгы алардын энергетикалык системаларынын параллелдүү иштеши жөнүндөгү Келишим (1999-ж.) болуп калган. Бул Келишим энергетикалык чөйрөнү өнүктүрүүдөгү интеграциялык бирикменин секириги болгон, анткени, СССР кулаган мезгилден бери энергетикалык жактан толук камсыздоо жана жөнгө салуу жүргүзүлбөй калган эле. Мындан тышкары, Борбордук Азиялык Экономикалык Коомчулуктун чегинде мүчө-өлкөлөрдүн 2005-жылга чейинки Интеграциялык өнүгүү стратегиясы, ошондой эле, 2005-жылга чейинки мезгилде Бирдиктүү экономикалык мейкиндикти калыптандыруу боюнча биринчи кезектеги Программа иштелип чыгып, кабыл алынган.

2001-жылы декабрда Ташкентте өткөн жолугушууда Борбордук Азиялык Экономикалык Коомчулуктагы мамлекеттердин башчылары «саясый диалогду андан ары өнүктүрүүгө жана кеңейтүүгө, регионалдык экономикалык интеграциянын формаларын жана механизмдерин өнүктүрүүгө, коопсуздуктун бирдиктүү мейкиндиги маселелери боюнча өз ара түшүнүшүүнү тереңдетүүгө, региондогу тынчтыкты жана стабилдүүлүктү колдоо боюнча биргелешкен иш-аракеттерди иштеп чыгуу, саясый, соода-экономикалык, илимий-техникалык, маданий-гуманитардык мамилелер жаатындагы көп пландуу кызматташтыкты активдештирүү керектиги жөнүндө айтылып, Борбордук Азиялык Экономикалык Коомчулукту «Борбордук Азиялык кызматташтык» Уюмуна (ОЦАС) кайра түзүүнү чечишкен. Ал эми 2002-жылы 28-февралда бул өлкөлөрдүн Президенттери А.Акаев, Н.Назарбаев, И.Каримов, Э.Рахмонов жогоруда аталган уюмдун ишмердүүлүгүн жөнгө салуу жөнүндө келишимге кол коюшкан. Ишмердүүлүктүн кеңейиши менен катар,

«Борбордук Азиялык кызматташтык» Уюму регион үчүн жалпы мааниге ээ болгон проблемаларды гана чечпестен, ар бир мүчө-мамлекеттин да проблемаларын чечкен[100].

Ошентип, Борбордук Азиялык кызматташтык экономикалык чөйрө менен чектелген эмес. Борбордук Азиялык Экономикалык Коомчулуктун (ЦАЭС) «Борбордук Азиялык кызматташтык» Уюмуна кайра түзүлгөн учурунда региондогу коопсуздук саясатына, терроризм коркунучтары менен күрөшүү, диний экстремизм жана баңги трафигине тиешелүү бир катар макулдашуулар кабыл алынган[101]. Мындан тышкары, «Борбордук Азиялык кызматташтык» Уюмунун чегинде Ооганстандын экономикасын жана социалдык чөйрөсүн калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлгөн, ал өз кезегинде, Борбордук Азиянын коопсуздугун камсыздоонун аныктоочу фактору болуп калган, ансыз региондун өлкөлөрүнүн экономикалык жемиштүү мамилелери практикалык жактан болушу мүмкүн эмес болчу. Ошентип, экономикалык багытталган уюм, региондун экономикалык проблемаларын гана эмес, коопсуздук, социалдык өнүгүү жана саясый проблемаларын да чечкен интеграциялык көп тараптуу структурага айлантылган.

2004-жылы октябрда «Борбордук Азиялык кызматташтык» Уюмунун саммитинде бул уюмга Россия кирген. Бирок, жалпысынан алганда, «Борбордук азиялык кызматташтык» Уюмдун чегинде көп тараптуу кызматташтык кеңири

---

[100] КР ПА. 2001. Ф.1. Д.17-4. 11-б.; Каращыз:*Момошева Н.К.* К=рс=т. чыг. – 87-б.

[101] *Суюнбаев М.* Интеграция Центральной Евразии: геополитические и геоэкономические факторы // Центральная Азия и Кавказ. – 1998. – №4 (16). – 31-б.

өнүгүүгө ээ боло алган жок. Көп маселелер, анын ичинде региондун эки өлкөсүнүн арасындагы мамилелердеги маанилүү болгон сууну пайдалануу проблемасы көбүнчө эки тараптуу мүнөздө жөнгө салынган. 1998-жылы Кыргызстандын Бүткүл дүйнөлүк Соода Уюмуна (ВТО) кириши «Борбордук Азиялык кызматташтык» Уюмундагы - тарабынан терс кабыл алынган. Кыргызстандын товарларын Өзбекстан аркылуу транзит менен алып өтүүгө байланышкан маселелер, региондогу эмгек миграциясы процесстерин жөнгө салуу жана суу-энергетикалык ресурстарды акыйкат жана рационалдуу пайдалануу практикалык жактан чечилген эмес[102].

Ошентип, «Борбордук Азиялык кызматташтык» Уюмунун ишмердүүлүгүндөгү жыйынтыктар күтүлгөндөн бир кыйла төмөн болгон, ал эми перспективдүү интеграциялык долбоорлордун маанилүү бөлүгү ишке ашырылган эмес. Бул негизинен дүйнөлүк чарбага экономикаларды либералдаштыруу жана тартуу деңгээлиндеги алар жүргүзгөн социалдык-экономикалык реформалардын мүнөзүндө жана темптериндеги, региондун өлкөлөрүнүн экономикалык кызыкчылыктарында ажырымдардын жаңы шарттарында күч алышы, ошондой эле СССР кулагандан кийинки пайда болгон боштукту толтурган саясый жана идеологиялык артыкчылык берүүлөрдүн түрдүү векторлугу менен түшүндүрүлөт[103].

Бирок, евразиялык мүнөздөгү интеграциялык демилгелер «Борбордук Азиялык кызматташтык» Уюмунун чегиндеги өнөктөштүк менен чектелген эмес. Евразиялык багыттагы интеграциянын Борбордук Азиялык бутагынын

---

[102] КР ПА. 1998. Ф.1. Д.17-3. 77-б.; Каращыз: *Омаров М.О.* К=рс=т. чыг. – С. 144.

[103] *Ушакова Н.* К=рс=т. чыг. – 144-б.

өнүгүшү менен параллелдүү интеграциялык демилгелер белгиленип, 1995-жылы Бажы союзун (Казакстан, Россия жана Белоруссия) түзүүдө ишке ашырылган, ага кийинчерээк Кыргызстан жана Тажикстан кошулушкан.

1999-жылы сетябрдын аягында Астана шаарында Бажы союзунун мүчө-мамлекеттери Беларуссиянын, Казакстандын, Кыргызстандын, Россиянын жана Тажикстандын өкмөт башчыларынын саммити болгон. Министрлер кабинетинин башчыларынын Кещешинин кезектеги отурумунда соода-экономикалык кызматташтык, каржылык-экономикалык кризистин терс натыйжаларын аттта калтыруу, мыйзам чыгарууларды жакындаштыруу жана гармонизациялоо, бажынын бирдиктүү тарифин калыптандыруу боюнча 12 маселе талкууланган.

Бажы союзунун катышуучулары Чек ара маселелери боюнча Кеңеш түзүү жөнүндө жобо бекитишкен. Талкуунун жыйынтыгында тогуз макулдашууга жана бир протоколго кол коюлган. Ушул эле жерде Бажы союзунун өлкөлөрүнүн Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна (ВТО) кириши боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. Ага Кыргызстандын киришинен кийин Бажы союзунун чегинде мыйзам чыгарууларды жакындаштыруу жана анын мүчөлөрүнүн мыйзам чыгарууларын эл аралык соодада кабыл алынган принциптерге келтирүүнүн бирдиктүү позицияларын иштеп чыгуу зарылдыгы бышып жетилген.

Буга байланыштуу региондун мамлекеттеринин күн тартибинде негизги приоритеттердин бири катары коллективдүү коопсуздуктун эффективдүү жана ишенимдүү системасын түзүү милдети келип чыккан.

ШКУ сыяктуу эле Кыргызстан менен Өзбекстан кызматташып жаткан дагы бир эл аралык уюм катары Коллективдүү Коопсуздук Келишим Уюму (ККKУ) (ОДКБ) эсептелинет. Уюмдун түзүлүшү жана өнүгүшү бир катар баскычтардан турган.

1992-жылы 15-майда Ташкентте Арменияның, Казакстандын, Кыргызстандын, Россиянын, Тажикстандын жана Өзбекстандын башчылары тарабынан 5 жыл мөөнөттөгү Коллективдүү коопсуздук келишимине кол коюлган (ДКБ, 1994-жылы күчүнө кирген). 1993-жылы ага Азербайжан, Белоруссия жана Грузия кошулушкан.

1999-жылы 1992-жылдын май айында кол коюлган Ташкент келишими узартылган, бирок, Азербайжан, Грузия жана Өзбекстан анын курамынан чыгышкан. 2000-жылы октябрда Бишкектеги сессиянын чегинде коопсуздуктун коллективдүү күчтөрүнүн системасын түзүү жөнүндө чечим кабыл алынган. 2001-жылы май айындагы Ереван сессиясынын чечими боюнча Борбордук Азиялык региондун ыкчам аскердик коллективдүү күчтөрү (КСБР ЦАР) түзүлгөн.

2001-жылы октябрда Кыргызстанда командалык-штабдык аскер операциясы жана ыкчам аскердик коллективдүү күчтөрүнүн «Эл аралык бандалык бирикмелерге каршы биргелешкен күч-аракеттерди даярдоо жана киргизүү сунуштары» деген аталыштагы биргелешкен тактикалык машыгуу өткөрүлгөн, анда Антитеррористтик борбордун (АТЦ) кызматкерлери да катышкан.

«Ыкчам аскердик коллективдүү күчтөрүн (КСБР) даярдоо жана кризистик кырдаалдарда колдонуу» биргелешкен тематикалык командалык-штабдык машыгуу өткөрүлгөн, анда КМШнын АТБнун (АТЦ) өлкөлөрү да

катышышкан. Борбордук азиялык региондун ыкчам аскердик коллективдүү күчтөрүн күчтөндүрүү жөнүндөгү мурда кабыл алынган чечимдерди аткарууга жана бул күчтөрдүн аскердик даярдыктарын өнүктүрүү үчүн 2004-жылы августта Казакстанда жана Кыргызстандын Коргоо министрлигинин «Эдельвейс» тоолуу машыгуу борборунда (Балыкчы ш. жакын) Коллективдүү коопсуздук келишим уюмунун чегинде «Рубеж-2004» коддуу аталыштагы кеңири масштабдуу машыгуулар жүргүзүлүп, ага Казакстандын, Кыргызстандын, Россиянын жана Тажикстандын куралдуу күчтөрү катыштырылган. Бул машыгуулардын өзгөчөлүгү Борбордук Азиялык региондун ыкчам аскердик коллективдүү күчтөрүнүн (КСБР ЦАР) Кант шаарындагы аэродромдо жайгаштырылган авиациялык компонетин колдонуу болгон. Аскер ишмерлери аскер бөлүктөрүнүн жана бөлүкчөлөрүнүн иш-аракеттеринин жасалышынын жогорку деңгээлин белгилешкен.

Бирок, ага карабай бул уюмдун ишмердүүлүгүндө бир катар маселелер сакталып калууда. Мисалы, биргелешкен оперативдик-тактикалык даярдыктарды өткөрүүгө анча көңүл бурулбай жатат (мындай иш аракеттерге катышпай койгон учурлар да кездешкен). Жалпысынан алганда, КККУ чечимдерин аткаруу маселесин жөнгө салуу керек, андан сырткары, пландаштырылган иш чараларга даярдык көрүүдө жана аны ишке ашырууда жоопкерчиликти жогорулатуу зарыл. Мында КККУнун Бириккен штабы өзгөчө ролду ойношу керек.

Азыркы шартта КККУнун таасирин күчөтүү үчүн ага кирген мамлекеттердин ортосундагы аскердик-экономикалык жана аскердик-техникалык кызматташтыкты көп тараптуу негизде жүргүзүү зарылдыгы келип чыгат. Кызматташтыктын

бул түрү уюмдун рамкасындагы аскердик-интеграциялык процесстердин материалдык негизин гана түзбөстөн, аскердик коркунучтарга каршы туру жөндөмдүүлүгүн жана анын күч каражаттарынын эффективдүүлүгүн аныктайт.

Уюмдун алкагында аскердик-техникалык кызматташууну 2000-жылдагы президенттердин кол койгон келишиминин негизинде жөнгө салынып турат. Ал Келишим 2000-жылдын 20-июнунда Москва шаарында КМШ мамлекеттеринин саммитинин жүрүшүндө кабыл алынган. Келишим көп тараптуу негиздеги аскердик-экономикалык жана аскердик-техникалык кызматташтыктагы тоскоолдуктарды жоюга багытталган.

Бул Келишимге ылайык уюмдун чегиндеги аскердик продукцияларды ташып жеткирүү жеңилдетилген негизде ишке ашат. Ал жеңилдиктер коллективдүү күчтөргө гана эмес, уюмдун мүчө-мамлекеттеринин улуттук аскердик күчтөрүн калыптандырууга да багытталган. Ошол убакта уюмдун мүчө-мамлекеттери аскердик багыттагы продукцияларды жеңилдетилген баада ала баштаган. Келишим боюнча уюмдун мүчөлөрү россиялык курал-жарактарды россиялык баа менен сатып алууга мүмкүнчүлүк алышкан.

Аскердик кызматташтыктын дагы бир өзүнчө багыты болуп – аскердик адистерди биргелешип даярдоо эсептелинет. Анда аскердик кадрларды даярдоодо негизги роль Россияга тиешелүү болгон.2003-жылдын декабрь айында РФнын президенти В.Путиндин тапшырмасы боюнча КККУнун мүчө-мамлекеттери үчүн аскердик кадрларды акысыз даярдоо жөнүндө атайын проект иштелип чыккан.

Жалпысынан, КККУнун чегиндеги регионалдык коопсуздук системасын өнүктүрүүдө төмөнкү багыттар негизги орунду ээлейт:

- аскердик кызматташуунун укуктук-нормативдик базасын жогорулатуу;
- аскедик коркунучтарды эске алуу менен КККУнун улуттук аскердик күчтөрүн түзүү, өнүктүрүү маселелерине жардам берүү жана көзөмөлгө алуу;
- бириккен аскер күчтөрүн өнүктүрүү;
- бириккен аскер күчтөрүн эффективдүү пайдаланууну жана аларды керектүү материалдык каражаттар менен камсыз кылуу аркылуу региондун инфраструктурасын өнүктүрүү.

КККУнун өнүгүүсүн үч этапка бөлүп караса болот:

- 1990-жылдарды камтыган даярдоо этабы;
- кылымдар тогошкон мезгилиндеги бириккен күчтөрдүн калыптануу этабы;
- умюга кирген мамлекеттердин келечекке карай биригүү этабы.

Биринчи этапта КККУнун концептуалдык, укуктук-нормативдик
негиздерин иштеп чыгуу жана саясий консультациялар иши жүргөн. Экинчи этапта болсо уюмдун катышуучулары биргелешкен аскердик топторду жана системаларды түзүүгө киришкен. Ал эми үчүнчү этапта болсо уюмдун базасында коллективдүү коопсуздук системасын түзүү процесси аякташы керек.

1990-жылдардын башындагы Тажикстандагы абалды жөнгө салууда, 1996–1998-жылдардагы Афганистандагы окуялар жана 1999–2000-жылдарда эл аралык террористтердин Өзбекстандын аймагына кол салуусу, натыйжада,

Кыргызстандын түштүгүндө абалдын оордошу– бул уюмдун активдүү иш жүргүзүшүнө шарт түздү.

Уюмдун мүчө-мамлекеттери Тажикстандагы улуттук ички карама-каршылыкты жоюуда, Афганистанда талибандарга каршы күрөш жүргүзүүдө маанилүү ролду ойногон.

2002-жылы 7-октябрда КМШ мамлекеттеринин башчыларынын Кишиневдо өткөн саммитинде Коллективдүү коопсуздук келишиминин (ДКБ) алты мүчө-мамлекети Коллективдүү коопсуздук келишим уюмунун Уставына жана Коллективдүү коопсуздук келишим уюмунун укуктук статусу жөнүндөгү Макулдашууга кол коюшуп, алар 2003-жылы 18-сентябрда күчүнө кирген. Бул Келишимдин чегиндеги кызматташтыктын эл аралык регионалдык уюмга кайра түзүлүшүн билдирип калган.

Уюмдун алкагында Борбордук Азияда 2003-жылы Ыкчам аракеттенүүчү коллективдик күчтөр (КСБР) түзүлгөн. Анын негизинде Кыргызстандын Кант шаарында Россиянын Аскердик Аба Күчтөрүнүн авиациялык тобу жайгаштырылган[104].

Ал республикадагы тышкы аскердик жана террористтик кыймылдарга каршы коопсуздукту камсыз кылуучу база болуп эсептелинет.

Бул уюм дүйнөлүк башка ири аскердик уюмдар сыяктуу эле мурунку Союздук республикалардын чегиндеги жалпы коопсуздукту камсыз кылуучу система катары эсептелинет (мисалы, НАТО жана ЕККУ).

---

[104] *Чернов В.А.* ОДКБ как институт межгосударственной военно-политической интеграции на постсоветском пространстве. – Бишкек, 2009. –90-б.

Бир катар аналитиктердин оюу боюнча ШКУнун түзүлүшү менен Кытай Эл Республикасы, ал эми КККУнун түзүлүшүнүн негизинде россиянын жана НАТОнун «тынчтыкты орнотуу үчүн өнөктөштүк» деп аталган программасынын негизинде АКШнын кызыкчылыктары Борбордук Азияда ишке ашырылууда. Ушул уюмдар аркылуу жогорку ммалекеттер региондо өздөрүнүн геосаясий жана стратегиялык коопсуздугун камсыз кылат.

Азыркы учурда Коллективдүү коопсуздук келишим уюму көп функционалдуу аскердик-саясый интеграциялык структураны билдирет. Уюм жетектөөчү, аткаруучу жана консультативдик органдардын иерархиясынан турат. Коллективдүү коопсуздук келишим уюмунда компакттуу жана ийкемдүү уюштуруучу-башкаруучу структура түзүлгөн, анын чегинде Коллективдүү коопсуздук Кеңеши, Тышкы иштер министрлеринин Кеңеши (СМИД), Коргоо министрлер Кеңеши (СМО), Коопсуздук кеңештеринин катчыларынын Комитети (КССБ), Уюмдун Генералдык катчысы башында турган Секретариат (Москва), ыйгарым иштери жана кызматтары так бөлүштүрүлгөн, тышкы саясый өз ара аракет механизмдери иштелип чыккан, аскердик кызматташтык маселелеринде зарыл инструментарийге жана азыркы коркунучтарга каршы потенциалы бар Бириккен штаб иштейт[105].

Жалпысынан, Коллективдүү коопсуздук келишим уюмунун чегинде аскердик-саясый кызматташтыктын юридикалык базасынан турган жана анын негизги багыттарын

---

[105] *Жоробекова А.Э.* Көрсөт. чыг. – 72-б.

чагылдырган бир катар маанилүү нормативдик-укуктук документтерге кол коюлган.

Өзүнүн мүчөлүгүн алты жыл токтотконддон кийин Өзбекстан кайрадан Коллективдүү коопсуздук келишим уюмуна кошулган. Бул чечим Борбордук Азиядагы гана эмес, бүтүндөй постсоветтик мейкиндиктеги геосаясый абалды кардиналдуу түрдө өзгөрткөн. Өзбекстан үчүн бул анын түштүк чек араларында мезгил-мезгили менен пайда болгон террористтик уюмдардын жана согушчандардын топторунун мүмкүн болуучу иш-аракеттеринен да, мамлекеттин көз карандысыздыгына шек келтире турган аракеттерден да коопсуздук кепилдигин камсыздоочу катары перспективдүү стратегиялык акт, анткени, Андижан окуяларынан кийин бул өлкөгө тыштан басым көрсөтүү кескин түрдө жогорулап кеткен.

Эми региондун беш мамлекетинин төртөө Коллективдүү коопсуздук келишим уюмунун таасиринин зонасына киргизилген. Коллективдүү коопсуздук келишим уюму мейкиндиктеги коопсуздукту камсыздоочу негизги куралга айланган; ЕврАзЭстин активдүү өнүгүү жана КМШдагы интеграциялык процесстердин эффективдүүлүгүнүн эң таасирдүү фактору болуп калган[106].

Коллективдүү коопсуздук келишим уюму тез өзгөрүүчү геосаясий кырдаалга адаптацияланган тирүү организмди элестетет. Эң башкысы – бул Уюмдун, мүчө-мамлекеттердин улуттук кызыкчылыктарына таасир эте алуучу же реалдуу түрдө таасир эткен, дүйнөдө пайда болгон кырдаалдарга

---

[106] *Зиядуллаев Н.* Государства Центральной Азии в условиях глобализации: современные тенденции и перспективы // Центральная Азия и Кавказ. – 2006. – №6 (48). – 147-б.

адекваттуу реакция жасоо даярдыгын колдоо, андан да манилүүрөгү Коллективдүү коопсуздук келишим уюмунун жоопкерчилик зонасында жана анын чегинен тышкары тынчтыкты, стабилдүүлүктү жана коопсуздукту камсыздоо максаттарында дүйнөдөгү жана региондогу аскердик-саясый процесстерге Коллективдүү коопсуздук келишим уюмунун таасир эте алуучу жөндөмүнөн даярдыгын колдоо[107].

Аймактык коопсуздукту камсыздоодогу Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын стратегиялык приоритети Шанхай Кызматташтык Уюмуна катышуу (ОДКБ менен бирге) болуп саналат.

Постсоветтик мейкиндиктеги коопсуздукту камсыз кылуу КМШнын чегинде ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзгөн эмес. Анткени КМШ саясий проблемаларды гана чечүүчү, анын чечимдери негизинен декларативдүү мүнөзгө ээ болгон уюмга айланып калган. Мындай кырдаалда эң ири маселелерди, анын ичинде коопсуздук проблемаларын чечүүдө жаңы бирикмени түзүү коомдук турмуштун, саясий кырдаалдын негизги талабы болуп эсептелинген. Буга байланыштуу региондун мамлекеттеринин күн тартибинде негизги приориттеттердин бири катары коллективдүү коопсуздуктун эффективдүү жана ишенимдүү системасын түзүү милдети келип чыккан.

Борбордук азиялык региондун ыкчам аскердик коллективдүү күчтөрүнүн курамына казакстандык «Казбат» штурмалоочу батальону, кыргызстандык тоолуу-аткычтар батальону, россиялык батальондук бирикмелер дегээлиндеги тактикалык топ жана өзүнчө байланыш батальону, ошондой

---

[107] *Зиядуллаев Н.* Атал. чыг. – 148-б.

эле тажикстандык десанттык-штурмалоочу батальон киргизилген. Бул күчтөргө керектүү авиатехника, анын ичинде транспорттук жана штурмалоочу авиация, вертолёттор ыйгарылып берилген. Ыкчам аскердик коллективдүү күчтөрүн андан ары күчтөндүрүү, аларды азыркы куралдар, терроризм менен күрөшүү үчүн атайын каражаттар менен жабдуу пландалган. Коллективдүү коопсуздук келишим уюмунун чегинде бирдиктүү экипировканы жана бир түрдүү куралданууну алдын алуучу 2010-жылга чейинки өнүгүү планы иштелип чыккан. Ошондой эле, Бишкекте Борбордук азиялык региондун ыкчам аскердик коллективдүү күчтөрүнүн Туруктуу оперативдүү тобу түзүлгөн.

Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөнкү жыйынтыктарды чыгарууга болот.

- Кыргызстан менен Өзбекстан ортосундагы мамилелерде төмөнкү багыттардагы кызматташуу көңүл бурууга татыктуу: эл аралык терроризм менен диний экстремизм менен күрөшүү; Кытай Эл Республикасы – Кыргыз Республикасы – Өзбек Республикасы аркылуу өткөн темир жол проектин ишке ашыруу; Кыргыз Республикасынын областтары менен Өзбек Республикасынын вилояттарынын ортосунда тыгыз мамилелерди куруу. Буга суу-энергетикалык, газ жана транспорт кызматташуу, жана кээ бир чечилбеген суроолорду чечүү зарылдыгын талап кылган маселелерди кошууга болот.
- Кыргызстан менен Өзбекстандын экономика чөйрөсүндөгү кызматташуусу анчалык активдүү эместигин белгилеп кетүү керек. Биздин эки тараптуу маселелер азырынча өзбек газын жеткирүү боюнча сүйлөшүүлөрдүн чегинен чыкпай жатат. Бул өтө жетишсиз. Өзбекстанда газ

